**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

***Кол жазма укугунда***

***УДК:341. 222***

**САТЫЛГАНОВА НАЗГҮЛ АЙТКУЛОВНА**

# ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАНДЫН ЧЕК АРАЛЫК-АЙМАКТЫК ПРОБЛЕМАЛАРЫНЫН ЧЕЧИЛИШИ

Адистиги – 07.00.02. – Ата мекен Тарыхы

Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертация

**Илимий жетекчи:**
тарых илимдеринин доктору,
профессор **Каана Айдаркул**

**Бишкек-2019**

**КИРИШҮҮ** .......................................................................................... 3
**I БАП. ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАНДЫН ЧЕК АРАЛЫК-АЙМАКТЫК ПРОБЛЕМАЛАРЫНЫН ТАРЫХНААМЕСИ** .......................................... 8

1.1. Советтик мезгилдеги окумуштуулардын изилдөөлөрү ............................ 8
1.2. Чек аралык проблемалар боюнча постсоветтик мезгилдеги изилдөөл...166

**II БАП. БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ ЧЕК АРАЛЫК-АЙМАКТЫК ПРОБЛЕМАЛАР ЖАНА ИЗИЛДӨӨНҮН БУЛАКТЫК БАЗАСЫ, МЕТОДОЛОГИЯСЫ** ................................................................. 24

2.1. Изилдөөнүн булактык базасы ................................................ 24
2.2. Изилдөөнүн объектиси, предмети жана методологиясы ........................ 30
2.3. Аймактагы чек аралык-аймактык проблемалардын келип чыгышынын өбөлгөлөрү ................................................................ 41
2.4. Чек ара проблемаларынын Борбордук Азиядагы коопсуздукка тийгизген таасири ................................................................ 52

**III БАП. КЫРГЫЗСТАНДЫН КОҢШУ РЕСПУБЛИКАЛАР МЕНЕН МАМЛЕКЕТТИК ЧЕК АРАСЫНЫН КАЛЫПТАНУУ ПРОЦЕССИ** ....................................................ОШИБКА! ЗАКЛАДКА НЕ ОПРЕДЕЛЕНА.**4**

3.1. Аймактагы республикалардын өз ара мамилелериндеги чек аралык-аймактык маселесинин орду ................................................ 644
3.2. Кыргыз-өзбек чек ара проблемаларынын чечилиши ............................ 755
3.3. Кыргызстандын Тажикстан менен болгон чек аралык-аймактык проблемалары ................................................................ 1000

**КОРУТУНДУ** ...................................................................... 125
**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ** ......................................... 128

# КИРИШҮҮ

**Теманын актуалдуулугу.** СССРдин жоюлушунун натыйжасында көз карандысыз мамлекеттердин пайда болушу эл аралык мамилелер системасын түп тамыры менен өзгөрткөн. Постсоветтик өлкөлөрдө жаңы саясий системанын калыптанышы, мамлекеттер аралык байланыштарды түзүү жана өнүктүрүү, андан сырткары мамлекеттик чек араларды аныктоо жана укуктук жактан бекемдөө боюнча татаал процесстер башталган.

Мурунку советтик республикалардын алдында өз учурунда чечилбеген бир катар проблемалар, анын ичинде чек ара проблемалары турган.

Белгилүү болгондой, Советтер Союзунда улуттук республикалардын ортосундагы чек аралар шарттуу түрдө аныкталып, негизинен чарбалык мүнөзгө ээ болгон. Чек аралардын мамлекеттер аралык жана укуктук маанисине анча деле көңүл бурулган эмес. 1990-жж. баш ченинде жаңы түзүлгөн мамлекеттер расмий түрдө калыптанган чек араларды тааный тургандыктарын билдиришкен, бирок иш жүзүндө алар бири-бирине территориалдык дооматтарын коё башташкан.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында Борбордук Азия республикаларынын башчылары өз ара чек араны, талаш жерлерди тактоо боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзө башташкан. Бул процессте тараптар советтик мезгилдеги административдик-аймактык бөлүштүрүү боюнча түзүлгөн документтерге таянышкан.

Азыркы учурда Борбордук Азияда чек ара маселеси республикалардын ортосундагы өз ара мамилелерди жөнгө салууда негизги орунга чыгууда. Мисалы, чек ара маселеси боюнча Тажикстан менен Өзбекстандын биздин өлкөгө бир катар дооматтары пайда болгон. Анын негизги себеби катары советтик мезгилде чек аралар укуктук жактан мыйзамдаштырылбагандыгы жана толук такталбагандыгы эсептелинет.

Мындай абал Кыргызстандын коңшу республикалар менен өз ара мамилелерине таасир тийгизип, мамлекеттик чек араны коргоону күчөтүүнү талап кылууда.

Республикадагы узакка созулуп кеткен чек араны жөнгө салуу процесси чектешкен мамлекеттер менен болгон мамилелердин чыңалуусун шарттап, жер менен сууну бөлүштүрүүдө чатакташуунун жана улуттар аралык байланыштардын курчушуна алып келүүдө.

Чек ара сызыгынын өтүүсү көптөгөн мамлекеттер аралык карама-каршылыктардын башаты болуп саналат. Көз карандысыз мамлекеттин негизги белгиси болуп мамлекеттин территориясы, так аныкталган чек ара сызыгы саналат. Республиканын мамлекеттик чек арасын делимитациялоо жана демаркациялоо процесстери такталбаган жерлердин айынан өтө жай жүрүүдө. Коңшу өлкөлөрдүн позицияларынын түрдүүчө болушу, чек ара маселесин чечүү иштерин басаңдатууда.

Афганистандагы кырдаал, 1999-ж. февралындагы Ташкенттеги жана августтагы Баткен окуялары, Кыргызстандагы саясий кризистер жана 2005-ж. Андижан көтөрүлүшү борбордуказия өлкөлөрүнүн өкмөттөрүн чек араларды коргоо иштерин күчөтүүнү жана делимитация жана демаркация процессин тезирээк аягына чыгарууга түркөн. Анткени чек аралардын ачык болушу, анын такталбагандыгы аталган аймакта куралдуу конфликттердин тез жайылуу коркунучун пайда кылган.

Коопсуздук маселелери азыр ар бир мамлекеттин көңүл чордонунда болууда. Мамлекеттик чек аранын кыргыз-тажик, кыргыз-өзбек бөлүктөрүндөгү талаш жерлерди тактоо иштерин аягына чыгаруу, чек араны делимитациялоо жана демаркациялоо, анын укуктук абалын жана чек аралык коопсуздукту камсыздоо бүгүнкү күндүн негизги маселелеринен болуп саналат.

Территориалдык талаштардын чечилбегендиги жана Борбордук Азия республикаларынын ортосундагы мамлекеттик чек араларды тактоо иштеринин аягына чыкпагандыгы чек ара аймактарында, айрыкча, Фергана өрөөнүндө ири чыр-чатактардын пайда болушуна алып келүүдө. Ворух анклавынын айланасындагы акыркы учурдагы окуялар изилденип жаткан теманын актуалдуулугун дагы бир жолу тастыктап турат.

**Диссертациянын темасынын ири илимий долбоорлор, программалар менен байланышы**. Аталган эмгек изилдөөчүнүн демилгелүү иши болуп саналат.

**Иштин максаты** Кыргызстандын постсоветтик мезгилдеги чек ара проблемаларын изилдөө болуп саналат. Коюлган максатка ылайык төмөнкүдөй **милдеттер** аныкталды:

- Борбордук Азиядагы чек аралык-территориалдык проблемалардын келип чыгышынын себептери жана алардын тарыхый өбөлгөлөрүн изилдөө;
- территориалдык талаштардын аймактагы республикалардын өз ара мамилелерине тийгизген таасирин аныктоо;
- Кыргызстандын Өзбекстан жана Тажикстан менен чек ара маселелерин чечүү процессин анализдөө;
- чек аралык-территориалдык маселелерди чечүү учурунда басым жасоо ыкмаларын колдонуунун кесепеттерин ачып берүү;
- аймактагы чек аралык-территориалдык проблемаларды чечүү жолдорун иликтөө.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Эмгекте Кыргызстандын чек аралык-аймактык проблемалары комплекстүү түрдө алгачкы жолу изилденген. Чек ара проблемаларын жөнгө салуу процессинин жүрүшү, андан сырткары чек ара талаштарынын келип чыгышы жана анын чек ара аймактарындагы райондордун социалдык-экономикалык абалына тийгизгин тасири анализденген. Чек араны тактооиштери эл аралык макулдашуулардын жана эки тараптык келишимдердин негизинде, ийкемдүү дипломатияны пайдалануу аркылуу ишке ашыруузарылдыгы тастыкталган.

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык маанилүүлүгү.** Эмгекте эгемендүү Кыргызстандынчек ара проблемасынын тарыхы алгачкы жолу изилденген.Андагы жыйынтыктарды өлкөнүн тышкы саясий багытын аныктоодо, коңшу мамлекеттер менен территориалдык талаштарды чечүүдө пайдаланса болот.

Диссертациядагы тыянактар, жоболор жана сунуштар республиканын территориалдык маселелерин терең түшүнүүгө, коңшу мамлекеттер менен болгон мамилелерин аныктоого мүмкүндүк түзөт.

**Коргоого алынып чыгуучу негизги жоболор:**

- 1924-жылы Борбордук Азияда совет өкмөтү тарабынан жүргүзүлгөн улуттук-аймактык бөлүнүү саясаты татаал жана карама-каршылыктуу мүнөзгө ээ болгон, анын натыйжасында аймакта территориалдык талаштар келип чыккан;
- совет мезгилинен калган чек аралык-территориалдык проблемалар Фергана өрөөнүндө мамлекеттер аралык мамилелерди курчуткан;
- Кыргызстандын Өзбекстан жана Тажикстан менен чек аралык маселелерди жөнгө салуусу узак жана татаал мүнөздө жүргөн. Ал жер тилкелери, жайлоолор, суу байлыктарын бөлүштүрүү боюнча талаштардын айынан ырбап турган. Анклав проблемалары да абалдын курчушуна алып келүүдө. Чек аралык талаштар өз кезегинде жалпы коопсуздукка коркунуч келтирүүдө. Аймакта жашаган элдердин кызыкчылыктарын биринчи орунга коюу аркылуу аталган маселелерди чечүү үчүн бүт аракеттерди жасоо зарыл;
- дүйнөлүк практика көргөзгөндөй мындай проблемаларды чечүүдө басым жасоо ыкмаларын колдонуу тетири жыйынтыктарды берет: мамлекеттер аралык мамилелердин курчутат, этностор аралык конфликттердин келип чыгышын шарттайт;
- чек ара проблемаларын чечүү процессин тараптар элдешүү аркылуу чечүүсү зарыл, анткени аймактагы элдердин келип чыгуусу, дини, тарыхы бирдей жана руханий, этникалык жактан бири-бирине жакын.

**Изденүүчүнүн өздүк салымы.** Диссертациялык иште Кыргызстандын чек ара проблемалары түрдүү булактардын негизинде комплекстүү түрдө иликтөөгө алынды. Анда бир катар архивдик, статистикалык материалдар алгачкылардан болуп илимий айлампага киргизилди.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо.** Диссертациялык изилдөөнүн айрым жыйынтыктары, маанилүү сунуштары эл аралык илимий-

практикалык конференцияларда апробацияланды. Эмгектин мазмуну боюнча жергиликтүү жана чет элдик басылмалардан илимий макалалар жарык көргөн.

**Диссертациянын жыйынтыктарын басылмаларда чагылдыруунун толуктугу**. Диссертациянын негизги жоболору жана тыянактары Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын тизмегине кирген илимий басылмаларда жарык көргөн автордун 7 илимий эмгектеринде чагылдырылган.

Диссертациялык изилдөөнүн негизги жоболору ” Научная дискуссия: вопросы социологии, политологии, философии, истории” эл аралык конференцияларда маалымдалган жана “Вопросы гуманитарных наук.”, “ОшМУнун жарчысы”, “Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана” илимий периодикалык басылмаларда жарыкка чыккан.

**Диссертациялык иштин түзүмү.** Диссертация киришүүдөн, үч бапты камтыган негизги бөлүктөн, тыянактардан, практикалык сунуштамалардан, колдонулган адабияттын тизмесинен турат.

# I БАП. ЭГЕМЕНДҮҮ КЫРГЫЗСТАНДЫН ЧЕК АРАЛЫК-АЙМАКТЫК ПРОБЛЕМАЛАРЫНЫН ТАРЫХНААМЕСИ

## 1.1. Советтик мезгилдеги окумуштуулардын изилдөөлөрү

1991-ж. СССРдин жоюлушу дүйнөлүк геосаясий кырдаалдын кескин түрдө өзгөрүшүнө алып келген. Постсоветтик мейкиндикте жаңы республикалардын пайда болушу бир катар проблемалар менен коштолгон. Алардын ичинен эң маанилүүсү бул чек ара-территориалдык маселелер болгон. Белгилүү болгондой СССРдин учурунда союздук республикалардын ортосундагы чек аралар шарттуу түрдө гана аныкталган. Алардын ортосунда так, аныкталган чек аралар болгон эмес. Ошондуктан кийинки мезгилде жаңы көз карандысыз республикалардын өз ара мамилелеринде чек араны аныктоо маселеси өтө курч мүнөзгө ээ болгон. Анын өз убагында чечилбеши бир катар ири конфликттердин чыгуусуна алып келген. Мисалы, Борбордук Азияда аталган проблема этникалык мүнөзгө да ээ болгон.

Борбордук Азиядагы чек ара-территориалдык проблемалар бир катар изилдөөчүлөр тарабынан иликтөөгө алынган. Бирок баса белгилеп кетүүчү жагдай ар бир республиканын окумуштуулары аталган маселени өз мамлекетинин саясатына, идеологиясына ыкташтырып изилдешкен. Ошондуктан көпчүлүк эмгектер тенденциялык мүнөзгө ээ.

Борбордук Азияны улуттук-аймактарга ажыратуу көйгөйү советтик, советтик доордон кийинки жана чет элдик авторлордун эмгектеринде кенен изилденген. Бул проблемага арналган алгачкы эмгектер 1920–1930-жылдары эле 1924-жылдагы ажыратуу кампаниясына катышкан жана маанилүү чечимдерди кабыл алган мамлекеттик ишмерлер тарабынан жазылган. Ага чейин алар көп улуттуу Түркстан АССРин, Бухара УСРин жана Хорезм УСРин түзүүгө активдүү катышкан. Алгачкы эмгектерде жаңы республикалардын аймагын, чек арасын жана борборлорун аныктоочу негизги маселелер чагылдырылган. Бул эмгектер “На историческом рубеже” деп аталган бирдиктүү топтомдо басылып чыккан. Бул топтомдун авторлору Борбордук Азиядагы улуттук-территориялык бөлүштүрүү жүргүзүүнүн

саясий, этникалык, экономикалык себептерин карап көрүшкөн жана жаңы пайда болгон республикаларга жалпы мүнөздөмө беришкен.

Борбордук Азия республикалары өз алдынчалыкка ээ болушкан соң территориялык маселелерди чечүүдө оолуттуу катачылыктарга жол беришкен. Бул маселелер бир катар окумуштуулардын изилдөө объектисине айланган.

1920–1930-жж. республикалардын чек араларын тактоо мселесине арналган эмгектер, биздин көз карашыбызча, изилдөөчүлүк эмес, көбүнесе маалымattык мүнөзгө ээ. Аларда көбүнчө аймактык жиктешүүнүн бардык аспекттери боюнча даяр чечимдер камтылган. Андагы курч маселелер өтө эле үстүрттөн чагылдырылган, ал эле эмес, ошол жылдардагы статистикалык маалыматтар, өзгөчө аймактагы калктын этникалык курамы жөнүндө так маалымат берилген эмес жана сын көз караш орун алган эмес. Бул жылдары белгилүү илимпоз-чыгыш таануучулардын Борбордук Азиянын тарыхына жана маданиятына арналган  бир нече эмгектери жарык көргөнүн белгилей кетүү керек. Бул эмгектерде аймактын этникалык курамы жана  элдердин жайгашуусун объективдүү чагылдырган. Бирок изилдөөчүлөрдүн ойлору аймактык жиктешүү процессин ишке ашырууда эске алынган эмес.

Жогоруда айтылгандай, 1920–1930-жж. чек ара маселелери боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөр бизге толук маалымат бере албайт. 1940–1950-жж. изилдөөлөрдө абал алда канча башкача болгон. Мында Совет өкмөтүнүн Борбордук Азиядагы жүргүзгөн улуттук саясаты тенденциялуу мүнөздө чагылдырылган. Албетте, ал эмгектерде аймактагы улуттук чек араларды тактоо түзүү боюнча  кетирилген катачылыктар жөнүндө иликтенген эмес.

1956-ж. коммунисттик партиянын XX съездинен кийин советтик тарых илими аймактын тарыхын окуп билүүдө, алардын катарында чек ара маселеси боюнча да,  идеологиялык көз караштан бир аз арылган. Борбордук Азия республикаларындагы жүргүзүлгөн советтик курулуш жөнүндөгү темаларга арналган илимий эмгектердин саны өскөн.

1970–1980-жж. Борбордук Азиядагы улуттук-аймактык жиктешүү  жана союздук республикалардын уюштурулушун чагылдырган көптөгөн эмгектер

жарык көргөн. Бирок бардык окумуштуулардын эмгектеринде окшоштуктар көп кездешкен, андан сырткары эмгектерде фактылар эле эмес, тексттер да кайталангандыгын байкоого болот. СССРдеги улуттук-мамлекеттик курулуштун түрдүү аспекттери боюнча жазылган эмгектерде окумуштуулардын позициялары бирдей болгон, анткени алар партиялык диктаттын көзөмөлүндө турган эле. Бирок, 1980-жж. экинчи жарымындагы кайра куруу жана айкындык доорунда тарых илиминде жана чек ара маселесин изилдөөдө абал кескин түрдө өзгөргөн. Ага ачык мисал катары академик Р.Масовдун эмгегин атоого болот [105]. Аталган эмгекте окумуштуу 1920-жж. улуттук жиктешүү учурунда тажик элинин укуктары тебеленип, борбордук райондордон тоолорго көчүрүлгөндүгү жана түрк элдер менен аралашып кеткендиги жөнүндө жазат.

Бул мезгилдеги чет элдик окумуштуулардын изилдөөлөрүнүн ичинен А.Беннигсендин изилдөөсүн өзгөчө белгилеп кетсе болот [32]. Автор өз эмгегинде СССРдеги улуттар аралык мамилелер, ислам дининин абалы, айрыкча Борбордук Азия жана Кавказдагы элдерди улуттук негизде республикаларга бөлүү саясатынын кесепеттерин изилдөөгө алган. Советтик диктатордук режим аталган аймакты географиялык жактан изоляцияга алып, тышкы дүйнө, айрыкча мусулман өлкөлөрү менен байланыштарды үзүүгө аракеттенген. Натыйжада мусулмандардарга ислам дүйнөсү менен мамиле түзүүгө толук тыюу салынган. Араб графикасынан латын, кийинчерээк кириллицага өтүүсү да аймактагы элдердин сырткы дүйнө менен маданий жактан байланыш түзүүгө бөгөт койгон. Революцияга чейин Борбордук Азияда жашаган элдерде азыркыдай улутка бөлүү процесси болгон эмес. Элдерди "мусулман”, "түрк”, "түрк-татар” ж.б. деп гана аташкан. Жамааттык аң-сезим менен катар эле субулуттук түшүнүк — көчмөндөрдө уруулук жана жергиликтүүлүк отурукташкан элдерде кездешкен. Тигил же бул аймакта жашаган мусулмандар өздөрүн ”Казандыктар”, "Самаркандыктар”, "Мангыттар” же "Теккиндер" ж.б. гана катары аташкан. Ал эми интеллигенциянын арасында улуттук тенденциядан жогору турган:

панисламдык (консерваторлордо), пантүрктүк (прогрессчилерде) идеология үстөмдүк кылган.

Совет өкмөтүнүн алдында мусулмандардын маселесин чечүүнүн үч жолу турган. 1. Бир эл – бир мамлекет. 2. Бир нече мамлекеттерге бөлүнгөн – бир эл. 3. Бир нече улуттук мамлекеттерге бөлүү. Түкстанды улуттук республикаларга бөлүү саясаты 1924-ж. толук түрдө ишке аша баштаган. Анда улуттук-мамлекеттер: Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан, Түркмөнстан, Тажикстан жана Каракалпакстан Сталин тарабынан 1913-жылы эле жазылган элдердин территориясы, тили, экономикасы жана маданияты боюнча жалпылыкка ээ тезисине ылайык ишке ашырылган. Борбордук Азияны улуттук аймактарга бөлүү боюнча өтө көп изилдөөлөр жүгүзүлгөн. Анткени бул СССРдин улут саясатындагы эң радикалдуу жана кайгылуу ири бурулуш болгон. Совет өкмөтү биринчи кезекте, аймактагы элдердин диний, этникалык жана территориалдык байланышын, биримдигин жок кылуу максатында ар бир мамлекетте улуттук маанайды түзүүгө аракеттенген. Мындай өз башымчалык менен жүргүзүлгөн саясат реалдуу кырдаалдга да, тарыхый чындыкка да жана жергиликтүү интеллигенциянын мүдөөлөрүнө да дал келген эмес. Натыйжада СССРде бирдей тилде сүйлөгөн 29 улуттардын жана элдердин 29 адабий тили пайда болгон. Совет өкмөтү мурунку бүтүн, бирдиктүү мусулман-түрк коомчулугун бөлүп-жаруу аркылуу мусулман маселесин толук чечтик деп жар салган. А.Бенигсен аталган аймакты улуттук республикаларга бөлүү "СССРдин улуттук саясатындагы эң ири жана радикалдуу бурулуштардын бири болгон". "Москва тарыхый кырдаалга да, түркстандын жергиликтүү интеллигенциясынын талаптарына да жооп бербеген өз алдынча ар бир жаңы республикада тар улуттук маанайды түзүүгө аракеттенген" – деп жазган [32, 42-б.].

Гордиенко А.А. [55], Уразаев Ш. [162], Агзамходжаев А. [18], Хакимов М.Х.[167] ж.б. эмгектеринде Борбордук Азиядагы советтик республикалардын курулушу, жергиликтүү бийликтердин калыптанышы ж.б. маселелер изилденген. Жогоруда аталган эмгектерде негизинен советтик

бийликке жергиликтүү элдерди тартуу, белгилүү бир аймактарда жашаган элдердин өзүнүн улуттук мамлекетин түзүүгө чоң көңүл бурулган. Ал эми улуттук жиктешүү учурундагы катачылыктар, чек ара маселелери, территориалдык дооматтар жөнүндө эч кандай маселе козголгон эмес. Бул проблема советтик тарыхнаамеде жабык бойдон кала берген.

Советтик республикалардын ортосундагы түрдүү мүнөздөгү территориалдык проблемалардын келип чыгышынын түрдүү тарыхый себептери бар.

Территориалдык талаштардын жана дооматтардын табиятын, алардын келип чыгышын жана өнүгүшүн изилдөө, азыркы абалды анализдөө жана келечекке карата прогноз берүү изилдөөчүлөрдүн, окумуштуу-тарыхчылардын жана саясат таануучулардын милдети болуп саналат.

Аталган изилдөөнүн тарыхнаамеси өзүнө монографияларды, макалаларды, документалдык публикацияларды, эскерүүлөрдү камтыйт. Каралып жаткан проблеманын башаты совет мезгилинин 1920-жж. улуттук республикаларды түзүү саясаты менен байланышат. Бул мезгилде жазылган эмгектер болгон окуяларга дароо эле баа беришкен. 20-жж. тарыхчылар, өзгөчө жергиликтүү бийликтин кызматкерлери совет бийлигин орнотуу боюнча материалдарды чогултушуп, ири жумуштарды жасашкан. Мисалы, Образование и развитие СССР как союзного государства. Сборник законодательных и других нормативных актов [124. 206–210-бб.]; Паскуцкий Н.К.[135]; Семенов А.А.[146]; Рыскулов Т. [141]; Ходоров И. [153].

В.В.Бартольд тарабынан жазылган «Записка по вопросу об исторических взаимоотношениях турецких и иранских народностей Средней Азии» аттуу эмгек чоң кызыгууну пайда кылат. Анда автор 1924-ж. совет өкмөтүнүн Борбордук Азияны улуттук негизде республикаларга бөлүү саясатына каршы пикирин билдирип, улуттук принцип жергиликтүү тарыхый салттарга жат көрүнүш болуп саналат жана аймактын саясий жашоосунда анча деле чоң роль ойнобой тургандыгына басым жасаган.

30–40-жж. изилденген эмгектерде советтик саясий системанын таасири күчтүү болгон. Аларда түзүлгөн кырдаал объективдүү чагылдырылган эмес. Бирок борбордуказиялык элдердин улуттук республикаларынын түзүлүшү боюнча белгилүү бир деңгээлдеги баалуу материалдарды тапса болот. Совет өкмөтүнүн Түркстандагы саясатынын өзгөчөлүктөрү, советтик улуттук мамлекеттерди калыптандыруу, ал өз кезегинде коммунисстик идеологиянын негизинде ишке ашкан.

Борбордук Азия республикаларынын чек аралары боюнча совет мезгилинде конкреттүү изилдөөлөр болгон эмес. Бирок төмөнкү эмгектерде: “Очерки истории Коммунистической партии Туркестана [132]; Очерки Коммунистической партии Туркестана [133]; Очерки истории коммунистических партий Туркестана, Бухары и Хорезма [134]; История Коммунистических организации Средней Азии [76] чек ара маселеси, улуттук республикалардын калыптанышы жөнүндө бир топ материалдарды табууга болот. Жогоруда аталган эмгектерде алгач начар изилденген проблемалар каралган, мисалы улуттук-мамлекеттерди түзүүнүн өзгөчөлүктөрү кеңири баяндалган. Бул эмгектер республикалык жана мамлекеттик архивдердин материалдарына негизделген. Аталган жамааттык эмгектерде келтирилген фактылар жана окуялар советтик мезгилдеги Борбордук Азиянын коомдук-саясий өнүгүүсүндөгү конкреттүү-тарыхый кырдаалды иликтөөгө мүмкүндүк түзөт.

Борбордук Азиядагы улуттук республикалардын түзүлүшү жана өнүгүшү «История коммунистических организаций Средней Азии» аттуу жамааттык эмгекте терең баяндалган. Аны даярдоого аталган аймактын бардык республикаларынын БК алдындагы партиянын тарыхы Институттарынын кызматкерлери катышкан. Бул эмгектин өзгөчөлүгү авторлордун ири теориялык жана тарыхый-саясий проблемаларды ачып берүүгө жасаган аракетинде турат. Улуттук республикалардын түзүлүшүндөгү жергиликтүү өзгөчөлүктөр, алардын маданияты жана совет бийлигинин мамлекеттик

түзүлүштү бекемдөөдөгү иш аракеттери кенен ачып берилген (История коммунистических организаций Средней Азии -Ташкент, 1967.).

«Победа Советской власти в Средней Азии и Казахстане» (Ташкент, 1967) аттуу жамааттык эмгекте аймактагы республикалардын илимдер академияларынны окумуштуулары катышып, улуттук автономиялардын пайда болушу, совет өкмөтүнүн коомдук, саясий, социалдык багыттагы өзгөрүү саясаты терең иликтешкен.

«История Коммунистической партии Советского Союза» деп аталган көп томдуу чыгарылыштын 3, 4 томдорунда Түркстандагы Советтик республикалардын пайда болушу, колониалдык режимден бошотулушу жөнүндө баяндалат. Бирок бул изилдөөлөр тенденциялык мүнөзгө ээ экендигин баса белгилеп кетүү зарыл. Анткени дээрлик бардык изилдөөлөрдө совет өкмөтүнүн ролун, анын улуттук саясатын абсолютташтыруу, ашыкча баалоо процесси күч алган. Ал эми Түркстан элинин мурунку тарыхы, маданияты, руханий баалуулуктары четке кагылып келинген. Аймактагы бардык жакшы жөрөлгөлөр совет өкмөтүнүн алысты көрө билген саясаты менен байланыштырылган.

Жогоруда аталган эмгектерде авторлор совет өкмөтү Түркстандын улуттук райондорунун өнүгүшүнө кам көргөндүгү, чарбалык жана маданий өнүгүүсү, аймактагы улуттар аралык маилелерди бекемдөө боюнча иш чаралары жөнүндө кенен баяндалган. Улуттук аң-сезимдин өсүшү менен аймактагы элдерди экономикалык жана маданий артта калуучулуктан кутултуу үчүн улуттук мамлекеттик түзүлүштү бекемдөө зарылдыгы пайда болгондугу айтылат.

Бул мезгилде Борбордук Азиядагы элдердин октябрь революциясына чейинки өнүгүүсү, анын позитивдүү жактары изилденген эмес. Аймактагы өнүгүүнүн башатын советтик бийлик менен тыгыз байланыштырышкан. Натыйжада Түркстан элдеринин тарыхы, мамлекеттик түзүлүштөрү илимий изилдөөлөрдө бурмалана баштаган.

Территориалдык маселелер түздөн-түз улуттук республикалардын түзүлүшү менен байланышкан. Ошондуктан төмөнкү авторлордун эмгектерин өзгөчө белгилеп кетүү зарыл: Аманжолова Д.А.[24]; Вахабов М.Г.[41]; Кулиев К.[93]; Турсунов Х.Т.[161]. Жогоруда айтылгандай совет мезгилдиндеги изилдөөлөрдө идеологиялык басым, коммунисттик партиянын диктаты, коомдук-саясий өнүгүүгө болгон таптык көз караш үстөмдүк кылгандыктан бардык изилдөөлөрдө бийликтин саясатын даңазалоо, эски саясий системаны сындоо процесси күч алган. Ал эми улуттук республикаларды түзүүдөгү кетирилген катачылыктар, территориалдык проблемалар, улут маселесинин туура эмес чечилиши, репрессия саясаты ж.б. проблемалар ачык, кеңири изилденген эмес. Бул учурда советтик окумуштуулар чет элдик изилдөөчүлөрдүн эмгектерин төгүнгө чыгарууга аракет жасашкан. Алар СССРдин улут саясаты гумандуулукка, адамзаттык баалуулуктарга негизделингендиги жөнүндөгү тесиэтерди таанулоого аракеттенишкен. Ошондуктан советтик оумуштуулардын улуттук түзүлүш, чекара-территориалдык маседлелер, дээрлик коомдук турмуштагы өзгөрүүлөр боюнеча жазылган эмгектеринде кандайдыр бир баалуу концептуалдык маанини таабуу кыйынга турат. Бирок ошого карабастан аларда улуттук республикалардын түзүлүшү, өнүгүшү боюнча бир катар фактологиялык материалдарды табууга болот. Көптөгөн окумуштуулардын пикиринде совет мезгилиндеги изилденип жаткан проблема боюнча изилдөөлөрдө белгилүү бир калыпка салынган, атайын таңууланган көз караш болгон. Тоталитардык-авторитардык саясий түзүлүш учурунда андан чыгуу мүмкүн эмес эле. Ошондуктан теориялык жактан начар, баяндама түрүндө жазылган эмгектерден изилденип жаткан маселе боюнча белгилүү бир деңгээлде зарыл материалдарды алууга болот.

1980-жж. орто ченинен баштап СССРдеги кайра куруу саясатынын натыйжасында тарых илиминде абал кескин түрдө өзгөргөн. Бул мезгилде Борбордук Азиянын советтик мезгилдеги өнүгүшү боюнча бир катар сын көз караш менен жызылган эмгектер пайда болгон.

## 1.2. Чек аралык проблемалар боюнча постсоветтик мезгилдеги изилдөөлөр

Постсоветтик мезгилде тарых илими бийликтин көзөмөлүнөн арылды жана өткөндү объективдүү изилдөө жолуна түштү. Бул учурда Борбордук Азиянын маданиятына жана тарыхына арналган жаңы эмгектер пайда болду. Россиялык бир катар окумуштуулардын Борбордук Азия республикаларынын чек ара боюнча жазган эмгектери белгилүү бир дэңгээлде бул проблеманы ачып берүүгө мүмкүндүк түзөт. СССРдин түзүлүшү, анын ичинде Борбордук Азиядагы улуттук-территориалдык жиктешүү маселесине арналган эмгектердин ичинен "ЦК РКП(б) – ВКП(б) и национальный вопрос" аттуу документтер жыйнагы өзгөчөлөнүп турат [169]. Анда советтик улуттук республикаларды түзүү боюнча СССРдин БКнин чечимдери жөнүндөгү документтер топтолгон.

Россиялык окумуштуулардын "Прибалтика и Средняя Азия в составе Российской империи и СССР: мифы современных учебников постсоветских стран и реальность социально-экономических подсчетов" аттуу жамааттык эмгеги [М., 2009-ж.] бир топ кызыгууну жаратат. Анда Борбордук Азиядагы советтик доордогу тарыхтын негизги окуялары, алардын катарында чек ара маселелери да кенен чагылдырылган. Бул изилдөөдө улуттук аймактык жиктешүүнүн оң аспекттери каралган, бирок советтик мезгилден айырмаланып аталган проблема объективдүүрөөк изилденген, анткени алар аймакта жашаган тигил же бул элдердин кызыкчылыктарын көздөшкөн эмес.

Постсоветтик мезгилде Борбордук Азия республикаларынын окумуштуулары: У.Абдуллаев, С.Агзамхожаев, Д.Алимова, А.Аскаров, И.Жаббаров, А.Ильхамов, Ш.Камоллидин, А.Койчиев, Р.Масов, Р.Рахимов, К.Шаниязов, П.Шозимов, А.Махамадазимов ж.б. чек ара маселелери, аймактык республикалардын калыптануу маселелери боюнча бир катар иликтөөлөрдү жүргүзүшкөн [88, 105]. Бирок бул эмгектер авторлордун өзүнүн улуттук тарыхын эске алуу менен жазылып, тенденциялык мүнөзгө ээ. Алардын кээ биринде так эмес жана бурмаланган фактылар, белгилүү

тарыхый окуяларды атайын жашыруу, пантүркизм, панисламизм идеяларын пропагандалоо ж.б. көп кездешет. Бул эмгектердин көпчүлүгүндө Борбордук Азиядагы этно-саясий жана социо-маданий процесстер чагылдырылган. Аймактагы чек ара маселелерин көбүнчө өзбек жана тажик илимпоздору изилдешкен. Түркмөнстан жана Казакстандын окумуштуулары бул маселеге кеңири токтолушкан эмес, бирок ага карабай аталган маселе Ж.Абылхожин, Т.Агдарбеков, Ш.Кадыровдун ж.б. эмгектеринде чек ара проблемалары каралган. Мисалы, казак автору Т.Агдарбековдун “Проблемы национально-государственного строительства в Казахстане (1920–1936 гг.) [19] аттуу эмгегинде аймактык жиктешүү жана казак мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүү маселелери кенен иликтөөгө алынган. Тажикстандык окумуштуулар С.Олимова жана М.Олимовдун макаласында [126] Борбордук Азиядагы мамлекеттер аралык мамилелердин начарлашынын себептери иликтенет. Анда авторлор чек ара конфликттеринин негизги булагы катары 1924-ж. совет бийлиги учурунда жүргүзүлгөн улуттук-аймактык жиктешүү саясатын белгилешет. Чек ара проблемалары Фергана өрөөнүндөгү кыргыз-тажик бөлүктөрүнүн негизинде каралган. Авторлор постсоветтик мезгилде Фергана өрөөнүндөгү чек ара аймактары өтө коркунучтуу аймакка айланганын, анда жаңы проблемалар пайда болгонун, ал эми мурдагы талаштар жаңы мазмунга ээ болгонун жазышкан. Алардын пикиринде эл аралык уюмдардын, мамлекеттердин бүт аракеттери конфликтти төмөндөтүүгө багытталып, чек арага жакын жашаган элдерди көз карандысыз инфраструктура, энергетика жана транспорт менен камсыз кылууга багытталып, аймактагы коомчулуктарды экиге бөлүп, алардын элдешип жашоосуна бөгөт коюуда [126, 40-б.]. Мында негизги максат этникалык топтордун биримдигин камсыз кылуу зарыл экендигине басым жасашкан.

Е.В.Тиханованын «Районирование Средней Азии» аттуу макаласында 1920-жж. совет федерациясынын калыптануу мезгилиндеги ишке ашырылган административдик-териториалдык чек аралар иликтенет. Борбордук Азия республикаларындагы улуттук-мамлекеттик бөлүнүүнүн өбөлгөлөрү жана

ишке ашыруу процесси жалпы союздук экономикалык райондоштуруу саясатынын контекстинде каралган. Автор эмгекте борбордук бийлик тарабынан этносаясий принциптин негизинде түзгөн территориалдык бирикмелер аталган аймактагы илгертен келе жаткан соода-экономикалык байланыштарды бузуп, территориалдык пикир келишпестиктерге себеп болгондугун баса белгилеген [156, 162-б.].

Казакстандык окумуштуу А.А.Кульшанов жана М.Д.Шаймердинов «Национально-территориальное размежевание Казахстана и Средней Азии: проблемы, дискурсы, мнения» аттуу эмгекте улуттук-мамлекеттик бөлүнүү жана советтик республикалардын түзүлүү процессин түрдүү изилдөө ыкмаларын пайдалануу аркылуу изилдешкен. Алар бул процесстин маңызын, анын оң жана терс жактарын ачып беришкен. Алардын пикиринде большевиктер аймактагы улуттардын биригүү процессин тездетишкен. Алар борбордуказия этносторунда улуттук-территориалдык иденттүүлүк түшүнүгүн калыптандырышкан. Ошого карабай административдик-территориалдык реформалар бир топ [203, 162-б.] терс көрүнүштөргө алып келген. Алардын ичинде республикалар ортосундагы чек араны орнотуу боюнча карама-каршылыктар негизги орунда турат.

А.Койчуевдин монографиясында Фергана өрөөнүндөгү улуттук-территориалдык бөлүнүү саясаты иликтенет. Бул маселе постсоветтик мезгилде өтө курч мүнөзго ээ болуп, аталган аймак потенциалдуу конфликттердин очогуна айланып, анда этностор аралык, жер-суу ж.б. карама-каршылыктар бири-бири менен жуурулушуп кеткен. Автор Фергана өрөөнү азыркы учурда дуушар болуп жаткан бир катар проблемалардын келип чыгуусун ачып берген, андан сырткары улуттук-территориалдык бөлүнүүнү аймактын этникалык курмынын контекстинде изилдеген.

Б.Ожукееванын «Политические процессы в странах Центральной Азии» аттуу эмгегинде саясий проблемалар менен катар эле аймактагы улуттук-территориалдык бөлүнүү маселеси да каралган. Автордун пикиринде 1924-ж. улуттук-аймактык бөлүнүү саясатына чейин эле Борбордук Азияда улуттук

негизде, көбүнчө жер-суу проблемасынын айынан тирешүүлөр болуп турган. Кыргызстандык изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде Исфара-Баткен аймагындагы жаңжалдар, андагы пайда болгон маселелер эске салынат. Улуттук чек араларды түзүүдөгү кетирилген кемчиликтер А.Койчиев, Т.Ожукеева, Э.Усубалиев ж.б. тарабынан иликтенген, алар жерлерди туура эмес бөлүштүрүү кыргыз, тажик элдеринин улуттук укуктарынын бузулушуна алып келгендигин жазышкан [90].

Постсоветтик мезгилде Борбордук Азиянын, анын ичинде Кыргызстандын тарыхнаамесинде жаңы материалдар пайда болуп, түрдүү ыкмалар колдонулуп, жаңы илимий түшүнүктөр, категориялар илимий нукка киргизиле баштаган.

Борбордук Азиянын чек ара проблемасы боюнча материалдар эл аралык саясат таануучулардын, экономисттердин, тарыхчылардын эмгектеринде чагылдырыла баштаган.

Аталган проблеманы изилдөөдө 1930–1990-жылдарда жарыяланган жалпы эмгектерге өзгөчө көңүл бурулду. Анткени ошол мезгилде улуттук-территориалдык жиктешүүнүн натыйжасы бир катар илимпоздордун, мамлекеттик кызматкерлердин эмгектеринде чагылдырылган.

Россиялык окумуштуулар: М.И. Сладковский, С.Л.Тихвинский, А.В.Меликсетов, О.Б.Борисов, Б.Т.Колосков, Е.П.Бажанов ж.б. совет-кытай чек араларына тиешелүү проблемаларды иликтешкен [28, 39, 148, 157, 32]. Бирок алардын эмгектери ошол учурдагы идеологияга ылайык жазылып, субъективдүү мүнөзгө ээ. Анткени ошол учурда СССРдин Кытай менен мамилеси өтө курч мүнөздө болгон. Жалпысынан алганда аталган окумуштуулардын эмгектеринде изилденип жаткан проблема боюнча бир катар фактылык материалдарды табууга болот.

Чек ара проблемасы тышкы саясат менен тыгыз байланышкан, ошондуктан бул багыттагы бир катар эмгектерге анализ жасоого туура келди. 1990-жылдары Россия окумуштуулары В.Г. Гельбрас, Ю.М.Галенович [51, 52], В.Г. Дацышен [56], В.С.Мясников [119, 120], В.Я.Портякова,

А.В.Меликсетов, А.Д. Воскресенский [47] ж.б. өз изилдөөлөрүндө алгач белгисиз болгон архивдик материалдардын негизинде Кытайдын тышкы саясатын, анын ичинде чек ара проблемаларын ачып берүүгө аракеттенишкен.

Акыркы учурдагы Россия-Кытай өз ара мамилелери боюнча жарык көргөн илимий эмгектерде чек ара проблемалары да иликтөөгө алынган. Аларда айрыкча Россиянын Тынч океан аймактарындагы мамлекеттер менен кызматташуулары, Кытайдын эл аралык саясаттагы орду терең иликтенген.

Казакстандык окумуштуу К.Л.Сыроежкиндин монографиясында Кытайдын тышкы саясаты, өзгөчө чек ара проблемалары кенен иликтенген.

А.Жекшенкулов Борбордук Азиядагы тышкы күчтөрдүн таасирин, ири державалардын бул аймактагы стратегиялык кызыкчылыктарын иликтөөгө алган [57, 289-б].

А.Койчуевдин “Национально-территориальное размежевание в Ферганской долине (1924–1927 гг.)” [87] аттуу эмгегине өзгөчө белгилеп кетүү зарыл, анткени автор совет бийлигинин аймактагы улуттук саясатын кенен изилдөөгө алган. Анда этнографиялык жана архивдик материалдардын негизинде Фергана өрөөнүндөгү улуттук-территориалдык бөлүнүү процесси калктын этникалык жана улуттук курамынын контекстинде изилденген. Автор өз эмгегинде постсоветтик мезгилде Фергана өрөөнү ири конфликттердин очогуна айланганын, анда эностор аралык, жер-суу, диний ж.б. карама-каршылыктар өтө жуурулушуп кеткенине басым жасаган. Мындай көрүнүштүн тамыры XIX к. аягы – XX к. баш ченindеги процесстер менен байланышат. Аталган изилдөөнүн баалуулугу аймактагы территориалдык талаштуу жерлер так көргөзүлгөн, анын этникалык курамы, совет өкмөтүнүн территориалдык бөлүүдөгү кетирген мүчүлүштүктөрү, андан сырткары улуттук болүнүү боюнча документалдык жана картографиялык так материалдар берилген. Автор аталган проблеманы өтө терең изилдеп совет өкмөтүнүн туура эмес саясатынан улам көптөгөн элдер өз жерлеринде бирок башка республикалардын курамында калып калганын жазган.

Н.М. Оморовдун монографиясында  республиканны тышкы саясаты менен катар эле кыргыз-кытай чек ара проблемалары кенен иликтөөгө алынган. Андан сырткары  коопсуздук жана туруктуулукту сактоодо Кытайдын ролуна баа берилген [127, 128, 129, 130].

Каана Айдаркулдун эмгегинде [20] байыркы мезгилден ушул күнгө чейинки Кыргызстандын тышкы саясаты  изилдөөгө алынат. Автор кыргыз-кытай чек ара проблемаларына да кенен токтолгон.

А.Жоробекова өз эмгегинде Борбордук Азия республикаларынын Улуу державалар менен өз ара байланыштарынын абалын иликтөөгө алган [58].

Белгилүү болгондой эл аралык мамилелерде талаш аймактарды акыйкат жолу менен чечүү кылымдардан бери эле негизги маселелердин бири болуп келген. Аны чечүү кээде күч колдонуу аркылуу жүргүзүлгөн. Талаш жер тилкелери, тагыраак айтканда мамлекеттердин ортосунда укуктук-келишимдик негизде бекитилбеген жерлер дайыма эле тигил же бул мамлекеттин коңшулаш өлкөлөр менен болгон мамилелерин начарлатып, аларды  чек ара аймактык пикир келишпестиктерге, көбүнчө чыр чатактарга алып келет.

С.Аламановдун эмгегинде Кыргызстандын чек ара проблемалары иликтенген. Анда мамлекеттик чек араны делимитациялоо, демаркациялоо, маселени чечүү боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жолдору, эл аралык укукта бул проблема кандай чечилген ж.б. анализге алынган. Андан сырткары эмгекте кыргыз-кытай чек ара маселесинин тарыхы, юридикалык негиздери, кыргыз-казак чек арасынын делимитацияланышы, кыргыз-тажик, кыргыз-өзбек чек араларынын калыптануу тарыхы кыскача бачндалат. Мында кыргыз-кытай чек арсына көп көңүл бурулган. Автор көптөгөн документалдык материалдардын негизинде кыргыз-кытай чек ара проблемасынын эволюциясын ачыа берүүгө аракет жасаган [21, 22]. Бул эмгектин баалуулугу автордун чек ара проблемаларын дүйнөлүк практикада кандай чечилгендигине, анын укуктук негиздерине жана дипломатиялык

жактан сүйлөшүү процедуралары боюнча кенен маалыматтарды бергендигинде турат.

**Жогоруда айтылгандардан улам бул бөлүм боюнча төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарса болот:**

- совет мезгилиндеги изилдөөлөрдө окумуштуулар негизинен Борбордук Азиядагы улуттук республикалардын түзүлүшү, аймактаын улуттук курамы, каада-салты, коллективдештирүү жана индустриялаштыруу мезгилиндеги ири өзгөрүүлөр жөнүндө кенири баяндашкан. Мында басмачылык кыймылы жөнүндө да көп изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Белгилүү болгондой идеологиянын басымы астында Түркстан элинин улуттук боштондук күрөшү советтик тарыхнаамеде толук четке кагылып, аны басмачылык кыймыл катары баалап келишкен. Иш жүзүндө бул кыймылдын акыркы этабында гана абал өзгөрүп талап-тоноочулуккка жол жерлиген. Совет өкмөтүнө каршы улуттук боштондук кыймылынын негизги максаты Түркстанда жалпы элди бириктирген бир мамлекетти түзүү, анын өзгөчөлүгүн, ислам дининин баалуулуктарын сактап калууга аракет болгон. Бул маселе батыш тарыхчылар тарабынан өз кезегинде бир топ объективдүү изилденген;
- советтик тарыхнаамеде чек ара маселелери конкреттүү илимий изилдөөлөр болгон эмес. Анын негизги себеби союздун республикаларынын ортосундагы чек аралар шарттуу түрдө болушу, интернационализм саясаты жана партиянын диктаты ж.б. факторлор. 1980-жж. орто ченинде гана өлкөдөгү саясий абалдын өзгөрүүсүнөн улам бул проблема боюнча бир катар эмгектер пайда боло баштаган. аларда территориялардын, жер-суу маселелеринин туура эмес бөлүштүрүлүшү этностор аралык мамилелердин курчушуна алып келгендиги жөнүндө ачык жазыла баштаган.
- Кыргызстандын чек ара маселелерин изилдөө иштери жалпы Борбордук Азия республикаларынын контекстинде каралууга тийиш. Изилдөөлөр көргөзгөндөй ар бир республиканын окумуштуулары бул проблеманы өз өлкөсүнүн идеологиясынын, бийликтин басымынын негизинде карап

келишкен. Алар тигил же бул аймактарга болгон өз өкмөтүнүн дооматтарын мыйзамдаштырууга аракеттенишкен. Мындай эмгектерде объективдүүлүк, жалпы адамзаттык принциптер эске алынбай, тенденциялуулукка жол берилген;

- постсоветтик мезгилде КМШ өлкөлөрүндө тарых илимин изилдөө процессинде кескин өзгөрүүлөр болуп өткөн. СССРдеги кайра куруу мезгилинде башталган айкындык саясаты бул мезгилде уланган. Анын негизги жемиши катары гуманитардык илимдерде окумуштуулар бийлик тарабынан таңууланган идеологиялык багыттан алыстап, тенденциялуулуктан четтеп плюралисттик көз караштарга, түрдүү изилдөө ыкмаларын пайдаланууга мүмкүндүк алышкан;
- изилдөөлөр көргөзгөндөй чек ара маселеси боюнча ата-мекендик тарыхнаамеде терең иликтөөлөр жүргүзүлгөн эмес. Бул боюнча саналуу гана эмгектер бар. Кыргызстандын чек ара-территориалдык проблемалары, алардын чечилиши, чек ара райондорунда жашаган калктын социалдык-экономикалы кабалына тийгизген таасири, мамлекеттер аралык мамилелердеги чек ара маселесинин орду, анын жалпы Борбордук Азия республикалардын коопсуздугуна тийгизген таасири ж.б. боюнча иликтөөлөрдү жүргүзүү зарыл. Бул эмгекте аталган татаал проблеманы комплекстүү түрдө изилдөөгө алгачкы ирет аракеттер жасалды.

# II БАП. БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ ЧЕК АРАЛЫК-АЙМАКТЫК ПРОБЛЕМАЛАР ЖАНА ИЗИЛДӨӨНҮН БУЛАКТЫК БАЗАСЫ, МЕТОДОЛОГИЯСЫ

## 2.1. Изилдөөнүн булактык базасы

Белгилүү болгондой, кандай гана илимий изилдөө болбосун сөзсүз түрдө ал анык жана толук баалуу маалыматтарга таянышы керек. Аны аныкташ үчүн ылайыктуу тарыхый база болушу зарыл.

Диссертациянын булактык базасынын негизин төмөнкүлөр түзөт:

- Кыргыз Республикасынын Президентинин архивинин материалдары;
- статистикалык жыйнактар, мезгилдүү басмада жарык көргөн республикалык жана областтык статистикалык мекемелердин материалдары;
- мамлекеттердин жетекчилеринин расмий түрдө билдирүүлөрү;
- эл аралык келишимдер жана макулдашуулар, Кыргыз Республикасынын Мыйзамдары, Президенттин жарлыктары, эл аралык кызматташтык маселелерине тиешелүү Өкмөттүн жана Жогорку Кеңештин токтомдору;
- мезгилдүү басма сөз материалдары жана Интернет.

Аталган проблеманы изилдөөдө архивдик документтерди колдонуу аркылуу мамлекеттердин чек ара маселелери боюнча баалуу маалыматтарды алууга болот.

Жогоруда айтылгандай, изилденип жаткан теманы иликтөөдө Улуттук статистикалык комитеттин жылдык жарыяланган материалдары бир кыйла маанилүү булак болуп берди. Мисалы, “Кыргызстан: сандар жана фактылар” деп аталган жыйнак өзгөчө көңүл бурууну талап кылат.

Өкмөттүн, жергиликтүү бийлик органдарынын ишмердүүлүгү менен байланышкан бир топ факты жүзүндөгү материалдар биздин республиканын жана жакынкы чет өлкөлөрдүн мезгилдүү басма сөз материалдары: газеталарда жана журналдарда чагылдырылган. Азыркы окуяларды изилдөөдө мезгилдүү басма сөз материалдары өтө чоң булак катары кызмат кылат.

Изилдөөнүн маалыматтык базасы көп өлчөмдөгү ар түрдүү материалдардан турат. Изилдөөнүн негизин совет өкмөтү учурунда кабыл алган мыйзамдар, 1924-жж. улуттук-территориалдык жиктешүү боюнча жазылган эмгектер, документалдык материалдар, парламенттин чечимдери, архивдик булактар түздү. Мында совет өкмөтүнүн алгачкы жылдарындагы улут саясатына тиешелүү, улутташтыруу, улуттардын өзүн-өзү аныктоо боюнча саясатына тиешелүү документтер чоң мааниге ээ.

Кыргызстандын чек ара проблемаларын иликтөөгө алууда тарыхый булактык материалдардын белгилүү бир катмары ачып көргөзүлүп, талдоого алынды. Анда КРнын Президентинин архивинен, Мамлекеттик архивдеги жана саясий документтер боюнча архивдердеги документтер жана статистикалык маалыматтар чоң роль ойноду. Андан сырткары, изилденип жаткан проблематика боюнча  ата-мекендик жана чет элдик илимий адабияттарда жана мезгилдүү басылмаларда жарыяланган материалдар экинчи ирет талдоого алынды.

Акыркы учурда Интернет материалдары тигил же бул проблеманы изилдөөдө чоң көмөк көргөзүүдө. Акыркы учурдагы дүйнөдөгү, анын ичинде республикада болуп жаткан окуялар интернет сайттарында кеңири жарыяланууда. Анын дагы бир өзгөчөлүгү бапрдык газета-журналдардагы, радио ж.б. маалымат булактарындагы материалдардын тексттери такай жарыяланып турат. Андан сырткары республиканын кээ бир бийлик түзүмдөрүнүн архивдерине кирүүгө мүмкүнчүлүк жок учурда алардын сайттары аркылуу зарыл болгон маалыматтарды алууга мүмкүндүк түзүлөт. Бир эле учурда түрдүү проблемалар боюнча иликтө жүргүзүп жатышкан окумуштуулардын эмгектери менен таанышууга шарт түзүлөт. Интернеттин изим изилдөө жаатындагы позитивдүү жактарын белгилөө менен катар анын негативдүү багыттарына да басым жасоо керек. Көпчүлүк учурда интернет материалдары тенденциялык мүнөзгө ээ болот, андагы материалдар жеке инсандардын оюн, позициясын чагылдырып, субъективдүүлүккө көп жол берилет. Бир эле мезгилде материалдардын авторлору өздөрү жашаган

республикалардагы коомдук-саясий идеологиянын басымы астында калып, анын туткунуна айланышат. Өз кезегинде илимий изилдөөлөр улуттук кызыкчылыктардан жогору туруп, жалпы адамзаттык кызыкчылыктарды биринчи орунга койгондо гана озүнүн оң жемиштерин бере баштайт. Андай болбогон чакта тигил же бул окумуштуунун субъективдүү ойлору улуттук араздашууга, мамлекеттер аралык мамилелердин курчушуна да терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Илимий эмгекти жазууда төмөнкү интернет булактары чоң роль ойноду: “Азаттык” радиостанциясынын, “Вечерний Бишкек” газетасынын, “Мировая экономика и международные отношения”, “Восток”, “Азия и Африка сегодня” журналдарынын сайттары, андан сырткары республиканын изилденип жаткан тема боюнча иш алып барган бир катар өкмөттүк мекемелеринин сайттары.

Кыргызстандын чек ара-территориалдык проблемаларынын тарыхынын булактык негизин парламент тарабынан кабыл алынган мыйзамдар, Өкмөттүн токтомдору, жоболор, коңшу республикалар менен түзүлгөн келишимдер, чек араларды тактоо боюнча түзүлгөн комиссиялардын маалыматтары, чек арага жакын жайгашкан райондордун иш кагаздары ж.б. түзөт. Андан сырткары, изилденип жаткан проблема боюнча борбордук мамлекеттик архивде сакталып турган совет бийлиги мезгилинде кабыл алынган документтер, КРнын президенттик архивиндеги маалыматтар, статистикалык маалыматтар, чет элдик жана жергиликтүү массалык маалымат каражаттарындагы макалалар булак катары пайдаланылды.

Диссертацияны даярдоодо түрдүү мүнөздөгү булактар колдонулду. Алардын ичинен төмөнкүлөрдү өзгөчө болуп көрсөтүү зарыл:

1) эл аралык келишимдер жана бүтүмдөр;

2) Борбордук Азия республикаларынын тышкы иштер министрликтеринин расмий сайттарынын материалдары;

3) мезгилдүү басма сөз каражаттарында жарыяланган территориалдык маселелер боюнча дипломатиялык билдирүүлөр;

4) маалыматтык жана статистикалык материалдар; басма сөз

каражаттары;

5) Интернет материалдары.

1) Эмгекте Кыргызстандын коңшу республикалар менен болгон эл аралык келишимдери жана макулдашуулары пайдаланылды. Эгемендүүлүктүн алгачы мезгилинде КРсы эл аралык уюмдарга мүчө болуп кире баштаган жана башка мамлекеттер менен дипломатиялы байланыштарды түзгөн. 1991-ж. декабрындагы КМШнын түзүлүшү чек ара маселесин чечүүдө маанилүү ролду ойногон. Кыргызстандын Өзбекстан жана Тажикстан менен мамлекеттер аралык түзүлгөн келишимдери чек араларды тактоонун юридикалык негиздерин түзгөн. Чек араларды делимитациялоо боюнча келишимдер жана аларды парламенттер тарабынан ратификацияланышы аталган проблеманы белгилүү бир деңгээлде чечилип жаткандыгынан кабар берет. Изилдөөдө тараптардын чек араларды тактоо боюнча жүргүзгөн сүйлөшүүлөрүнүн жыйынтыктарына, коммюникелерге, декларацияларга, билдирүүлөргө ж.б. документтерге өзгөчө көңүл бурулду.

2) Чек араларды тактоо боюнча комиссиялардын иштеринин материалдары эмгекти жазууда пайдаланылды. Аталган булак аркылуу тигил же бул маселелерде тараптардын позициясынын өзгөрүшүн, компромисстик чечимдердин кабыл алынышы жана бир мунасага келүү процесстерине байкоо жүргүзүүгө болот. Бир эле мезгилде чек ара боюнча сүйлөшүүлөргө катышкан мамлекеттик кызматкерлердин илимий макалалары жана мезгилдүү басма сөз каражаттарына жарыялаган эскерүүлөрү белгилүү бир деңгээлде маанилүү булак болуп саналат. Ошондой эле КРнын ТИМнин сайтындагы изилденип жаткан проблемага тиешелүү жарыяланган материалдары да бул изилдөөдө колдонулду.

3) Кыргызстандын, Өзбекстандын жана Тажикстандын жетекчилеринин чек ара маселелери жөнүндө расмий билдирүүлөрү, өз ара пикир алмашуулары, түзүлгөн документтер маанилүү булак болуп саналат. Алар өз кезегинде басма сөз каражаттарында, атайын дипломатиялык чыгарылыштарда жана илимий журналдарда жарыяланган. Ушул эле топко

КРнын парламентинин кеңешмесинин стенограммалары, өкмөттүк топтордун атайын отурумдарынын материалдарын да киргизүүгө болот. Аталган булактын баалуулугу чек ара боюнча үч республиканын жетекчилеринин саясатын аныктоого, байкоого мүмкүндүк түзгөндүгүндө. Анткени бир эле маселеге ар бир республика жетекчилери өзүнчө пикирге ээ жана түрдүү позицияда турат. Бирок белгилеп кете турган жагдай бул булак толук түрдө объективдүү маалыматтарды бербейт. Анткени ал тигил же бул мамлекеттин идеологиясынан, саясатчылардын позициясынан көз каранды болот. Ошондуктан андагы маалыматтар көбүнчө бири-бирине карама-каршы да келип калышы мүмкүн.

4) Кыргызстандын жана ага коңшулаш республикалардын мезгилдүү басма сөз каражаттарынын материалдары. Анда республиканын расмий жетекчилигинин позициясы, окумуштуулардын, коомдук ишмерлердин жана саясатчылардын чек ара проблемалары жөнүндө пикирлери чагылдырылган. Анын баалуулугу болуп чек ара боюнча өлкөнүн бүт саясий күчтөрүнүн, жергиликтүү жана борбордук бийликтин кеңири пикирлери берилген. Бизге коңшулаш республикалардын прессасындагы маалыматтарда чек ара маселеси боюнча бийликтин расмий позициясы чагылдырылган жана алар маалыматтык мүнөзгө ээ.

5) Статистикалык жана маалыматтык материалдар. Мындай булактардын тобу чек ара райондорундагы социалдык-экономикалык, демографиялык жана миграциялык кырдаалды анализдөөдө колдонулду. Автор аталган проблеманы изилдөөдө расмий сайттарды, түрдүү статистикалык маалыматтарды пайдаланды.

6) Республиканын информациялык агентстволорунун материалдары. Булактардын мындай тобунун материалдары субъективдүү мүнөзгө ээ. Анткени аларда дайыма бир тараптын гана позициясы чагылдырылат жана ал идеологиялык күчтүү басымга дуушар болот.

7) КР ТИМнин билдирүүлөрү жана публикациялары. Анда чек ара маселелерине байланышкан ири факты жүзүндөгү материалдар камтылган.

Мисалы, чек араларды демаркациялоо жөнүндөгү документтерде демаркациялык иш чаралардын жүрүшү жана картографиялык материалдар берилген.

8) Эскерүү түрүндөгү адабияттар. Белгилүү болгондой чек ара маселелерине тиешелүү материалдардын көпчүлүгү ачыкка чыгарылбайт. Ошондуктан мындай шартта чек ара боюнча сүйлөшүүлөргө катышкан дипломатиялык кызматкерлердин эскерүүлөрү чон баалуулукка ээ болот. Анткени аларда сүйлөшүү процессинин жүрүшү, анын кандай мүнөздө өткөндүгү жөнүндө толук маалыматтар берилет. Эскерүүлөрдөгү көптөгөн фактылар, расмий басылмаларда чагылдырылган эмес. Мисалы, кээ бир эскерүүлөрдө келишимдер, кеңешмелердин токтомдору, өз ара жашыруун сүйлөшүүлөр жөнүндө азын оолак кеп болот.

## 2.2. Изилдөөнүн объектиси, предмети жана методологиясы

**Изилдөөнүн объектиси** – чек аралык-территориалдык проблемалар жана Кыргызстандын чек ара саясаты эсептелинет.

Борбордук Азия республикаларынын ортосундагы чек аралардын түзүлүшүнө совет өкмөтүнүн улуттук бөлүнүү саясаты түздөн-түз таасир тийгизген. Анда аймактагы элдердин жашоо мүнөзү, маданий өзгөчөлүктөрү эске алынган эмес.

Мамлекеттердин ортосундагы чек аралар жана анын негизинде пайда болгон талаш аймактар эл аралык мамилелерде ар дайым эң курч проблемалардан болуп келген. Адамзаттын тарыхындагы ири согуштар, биринчи иретте, аймактардын, чек аралардын, дүйнөнү кайрадан бөлүштүрүү үчүн болгон күрөштөр менен байланыштуу. Азыркы учурда бул маселелер курч боюнча калууда жана мамлекеттердин тышкы саясатында жана дипломатиялык мамилелерде негизги орунда турат.

Азыркы учурда чек ара проблемалары дүйнөлүк саясатта эң актуалдуу маселелерден болуп саналат. Анткени дүйнөнүн бир катар аймактарында чек ара жана анын негизинде пайда болгон талаш жерлер проблемасы чечилбей, эл аралык мамиледе өздөрүнүн статусун аныктоого муктаж болууда. Ошондуктан бул проблема тарых, саясат таануу, эл аралык мамилелер, социология, конфликтология ж.б. бир катар коомдук илимдердин изилдөө объектисине айланууда. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки мезгилде дүйнөлүк саясий аренада 140 ашшун жаңы мамлекеттер пайда болгон, бирок алардын көпчүлүгүнүн, айрыкча Азия жана Африка мамлекеттеринин аймагынын жана чек арасынын укуктук статусу толук аныкталган эмес.

Азыркы учурда дүйнөнүн булуң-бурчунда территория жана чек ара маселелеринин айынан ири конфликттер уланууда, мисалы Кашмир проблемасынын жөнгө салынбагандыгынан улам Индия менен Пакистандын ортосунда, Фолкленд аралдарынын айынан Аргентина менен Улуу Британиянын ортосундагы талаштар сакталууда. Африка өлкөлөрү өз учурунда бир катар европа мамлекеттеринин колониясы болуп турган,

алардагы мамлекеттик чек араларды тактоо учурунда эске алынбаган факторлор көптөгөн татаал көйгөйлөрдү жараткан. Куралдуу конфликттерди болтурбоо максатында Африка мамлекеттеринин башчылары азырынча чек ара жөнүндө маселелерди талкуулоодон баш тартышууда.

Азияда болсо Индия менен Пакистандан сырткары Кытай менен Индиянын ортосунда чек ара тилкесин тактоо боюнча талаш проблемалар бар. Андан сырткары бир катар аралдар боюнча Япония Кытайга, Түштүк Кореяга жана Россияга өзүнүн дооматын билдирип келет.

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин эл аралык келишимдердин негизинде бир катар аймактык проблемалар жөнгө салынганына карабастан, Европада, мисалы, Гибралтар боюнча Испания менен Улуу Британия ортосунда дагы талаштар сакталууда.

Мамлекеттик территориянын өзгөчөлүгү – мамлекеттин суверенитетинде турат. Эреже катары, мамлекеттин территориясы эл аралык таанылган чек араларга ээ болот, бул болсо коңшу өлкөлөр менен куралдуу конфликттерден кийинки тынчтык келишимдерин түзүү менен жетишилет. Андан сырткары эл аралык укукта тарыхый чек аралар да бар, алар келишимдер менен бекилбесе да, иш жүзүндө мамлекеттер тарабынан таанылат. Мамлекеттер өз чек арасынын ичинде улуттук мыйзамдуулуктун жана эл аралык келишимдердин негизинде укуктук режим орнотот.

1970-жылдагы эл аралык укуктун принциптери жөнүндөгү Декларацияга ылайык, “Мамлекеттин территориясы башка мамлекет тарабынан коркутуп-үркүтүү же аны пайдалануунун натыйжасында тартып алуунун объектине айланбашы керек” – деп берилген [110. 45-б.]. Мамлекеттик территорияга мыйзамсыз ар кандай түз же кыйыр кол салуу – ал мамлекеттин территориалдык бүтүндүгүнө жана суверенитетине кол салуу болуп саналат. Ошентип, жогоруда айтылган декларацияга ылайык, “ар бир мамлекет башка мамлекеттин территориясын басып кирүү үчүн иррегулярдуу күчтөрдү же куралданган топторду, алардын катарында жалданма аскерлерди түзүүдөн же аларды колдоодон алыс болууга милдеттүү” [110. 47-б.].

Мамлекеттик чек ара – бул мамлекетти башка мамлекеттин же башка эл аралык-укуктук режимге ээ болгон территориядан бөлүп турган сызык. Мамлекеттик территориянын курамына кургактыктагы, абадагы жана суудагы мейкиндиктер киргендиктен, мамлекеттик чек аралар кургактыктагы, дайрадагы, деңиздеги жана абадагы болуп бөлүнөт.

Мамлекет үчүн чек аралар төмөндөгү көйгөйлөрдү чечүү үчүн зор мааниге ээ: мамлекеттин территориясынын чегин аныктоодо, мамлекеттин коопсуздугун камсыз кылууда, жарандардын миграциясын көзөмөлгө алууда, товарлардын, жүктөрдүн жана экономикалык байланыштын башка түрлөрүнүн агымын текшерүүдө. Мамлекеттик чек аралар көбүнчө ошол жердеги табигый тосмолорду (тоолорду, дарыяларды, көлдөрдү, деңиздерди ж.б.) эске алуу менен жүргүзүлөт.

Мамлекеттик чек араны аныктоодо делимитация жана демаркация иштерин жүргүзүү чоң мааниге ээ. **Делимитация этабында** чек ара сызыктары сүрөттөлүп жазылат жана картага түшүрүлөт. Ал чек ара жөнүндөгү келишимдин тиркемесинде камтылат жана келишим менен бирге ратификациялануунга милдеттүү. Мындан кийин мамлекет чек араны демаркациялоону жүргүзөт, б.а. кол коюлган чек ара боюнча келишимдин негизинде талаш жерлердин аныктоо иштери жүргүзүлөт [90. 23-б.].

**Демаркация баскычында** чек ара сызыктары толук сүрөттөлөт, атайын чек ара белгилери коюлат жана чек аранын сүрөттөлүшү боюнча документ түзүлөт. Демаркациялоо иштерин чечүү үчүн биргелешкен комиссиялар түзүлөт. Алардын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгында зарыл болгон кошумча документтери: схемалар, сүрөттөр ж.б. менен коштолгон протоколдор түзүлөт. Эгерде карталар жана чек ара сызыгынын өткөн жерин толук сүрөттөө келишимдин курамдык бөлүгү болбосо, мындай сызыктын өткөндүгүн аныктаган далил катары кабыл алынбашы мүмкүн [90. 24-б.].

Мамлекеттик чек аранын режими ар бир мамлекеттин ички мыйзамына жана анын эл аралык келишимдерине жараша аныкталат. Демейде чек араны кароо, аны адамдар жана транспорт каражаттары менен кесип өтүү, товарлар

менен жаныбарлардын которулушу, чек ара аймагында чарбачылык жана башка ишмердүүлүк жөнүндөгү суроолор чечилет. Бир катар мамлекеттердин мыйзамдарында мамлекеттик чек ара режимин сактоо маселелерин чечүү, чек ара инциденттерин жөнгө салуу, чек ара маселелери боюнча кызматташууну колдоо үчүн келишимдик негизде чек ара өкүлчүлүктөрү (чек ара комиссарлары, чек ара укуктук өкүлдөрү) түзүлгөн.

Мамлекеттик чек аралардын эл аралык-укуктук статусу жагынан алып караганда, кол тийбестик жана кебелбестик принциптери эң зор мааниге ээ. Кол тийбестик принцибине ылайык күч колдонуу менен басып алуу жана бөтөн территорияларды кошуп алуу, демек, бөтөн мамлекеттердин чек араларына кол салууга тыюу салынган. Чек аранын кебелбестик принциби Экинчи дүйнөлүк согуштун аяктоосу менен бирге жаралды жана европалык мамлекеттердин согуштан кийинки Европада пайда болгон чек араларды таанууга болгон умтулуусун чагылдырды. ЕККУнун 1975-жылдагы Акыркы актындагы принциптер декларациясында “катышкан мамлекеттер бири биринин чек араларын, Европадагы бардык мамлекеттердин чек араларын дагы  кебелбес катары карашат жана ошондуктан алар азыр жана келечекте ал чек араларга кол салуудан өздөрүн кармашат.

ЕККУнун 1975-жылдагы декларациясында чек аралардын бузулбастыгы жөнүндөгү принциби жарыяланган, ага ылайык чек аралар “эл аралык укуктун негизинде, тынчтык, келишим жолу менен чечилүүсү керек жана макулдашуулар аркылуу аны өзгөртүүгө жол берилет.

Чек араларды эл аралык-укуктук негизде тактоо – КМШ өлкөлөрүнүн алдындагы маанилүү маселелерден болуп саналат. Бул проблема көптөгөн аракеттерди, факторлорду эсепке алууну талап кылат. Анткени,  союздук республикалардын чек аралары шарттуу мүнөздө болгон, анда мамлекеттик чек аралдарды аныктоодогу көп жагдайлар эске алынган эмес.

КМШга кирген республикалардын жетекчилери мамлекеттик чек араларды жана деңиз экономикалык зоналарын коргоо боюнча 1992-жылдын 20-мартында, ошол жылдын 9-октябрында КМШ өлкөлөрүнүн сырткы чек

араларында стабилдүү абалды камсыз кылуу боюнча кызматташуу жөнүндө макулдашууларга жана 1995-жылдын 26-майында уюмга кирген жана кирбеген мамлекеттер менен чек араны коргоо боюнча кызматташуу жөнүндөгү келишимге кол коюшкан [90. 87-б.].

Мамлекеттин түптөлүү процессинде жана анын коопсуздугун камсыздоодо чек ара көйгөйү зор мааниге ээ. СССРдин көптөгөн көз карандысыз республикаларга бөлүнүүсүнөн кийин бул проблема өтө курчуй баштаган. Союздук республикалардын эл аралык маилелердин өз алдынча субъекти катары чыгышы көптөгөн жаңы территориалдык-этникалык дооматтар менен конфликттерди жаратты. Бул өз кезегинде коопсуздукту камсыз кылуу чөйрөсүндө дестабилдештирүүчү факторлордун өсүшүнө алып келген.

Борбордук Азияны байырлаган элдердин тигил же бул аймактарда жайгашуусу мурдатан эле алардын мамлекеттик түзүлүштөрү, саясий чек аралары, территориялары менен дал келген эмес. Мисалы, Кокон хандыгы азыркы Казакстандын, Өзбекстандын, Кыргызстандын, Тажикстандын аймагын өз ичине камтыган, ал эми Бухара эмиратынын курамына азыркы Өзбекстандын түштүгү, Түркмөнстан менен Тажикстандын чыгышы, андан сырткары түндүк Афганистандын түндүк аймактары кирген. Башкача айтканда Борбордук Азияда улуттук негизде мамлекет түзүлгөн эмес. Бирок абал дүйнөлүк ири державалардын колониалдык саясатынан улам кескин түрдө өзгөрө баштаган. Метрополиялар акырындык менен саясий конъюнктуранын өзгөрүшүнөн улам улуттук негиздеги мамлекеттерди түзө башташкан. Ага ачык мисал катары XIX к. Россия жана Британия империяларынын түндүктөгү жана түштүктөгү геосаясий маанидеги эң маанилүү аймактарды басып алуусу территорияны жаңыча, жарым европалык үлгүдө бөлүштүрүүгө алып келген.

**Изилдөөнүн предмети** катары Кыргызстандын коңшу мамлекеттер (Өзбекстан жана Тажикстан) менен чек аралык-территориалдык проблемаларын жөнгө салуу процесси алынды.

Белгилүү болгондой СССРдин курамындагы республикалардын чек аралары шарттуу мүнөздө гана болгон. Улуттук негизде түзүлгөн республикалардын ортосундагы чек аралар экономикалык, чарбалык кызыкчылыктардын негизинде бөлүштүрүлгөн. Ошондуктан анын саясий маанисине көңүл бурулган эмес. Бирдиктүү ири мамлекеттин курамындагы республикалар ортосунда чек аралардын айынан конфликттердин чыгышы коммунисттик идеологиянын, жасалма интернационалдык саясаттын күч алып турган шартта мүмкүн эмес эле. Бирок саясий кырдаалдын өзгөрүшүнөн улам жаңы пайда болгон республикаларда так ушул территория, чек ара маселелери ири мамлекеттер аралык чаңжалдарга себеп болууда. 1990-жж. баш ченинде кабыл алынган чечимдерге, кол коюлган декларацияларга, келишимдерге ылайык КМШнын бардык республикалары де-юреде СССР кыйраган учурдагы чек араларды таанышкан. Тагыраак айтканда алар бири-бирине эч кандай дооматтарды коюуга негиз болгон эмес. Бирок абал мезгилдин өтүшү менен өзгөрө баштаган. мамлекеттердин саясий түзүлүшүндөгү, экономикалык өнүгүшүндөгү айырмачылыктар чек ара маселесине чоң таасир тийгизген. Экономикалык жактан кубаттуу мамлекеттер аталган маселени чечүүдө  өз позициясын таңуулай баштаган. Терриориалдык проблемаларды чечүүдө Борбордук Азия республикалары совет мезгилиндеги кабыл алынган чечимдерге, келишимдерге таянышкан. Бирок ар республиканын жетекчилери документтерди өз алдынча, оз өлкөсүнүн кызыкчылыгына жараша пайдаланууга аракеттенишкен. Тажикстандагы жарандык согуш, Афганистандагы кырдаал,  1999-жж. Баткен окуялары чек ара проблемасын чечүүнү тездеткен. Бирок Кыргызстандын Фергана багытындагы чек араларын тактоо иштери өтө чоң кыйынчылыктарды жараткан. Анткени чек ара райондорундагы чаташкан жер тилкелеринин пайда болушу, калктын жыш жайгашуусу, социалдык-экономикалык кризис абалды татаалданта баштаган. талаш жерледин көп болушу, анклавдардын сакталышы че ара проблемасын чечүү иштерин басаңдатып, конфликтүү кырдаалды жараткан. Бул өз кезегинде чек ара райондорунда этностор аралык араздашууларга,

конфликттердин чыгышына алып келген. Мындай абал Кыргыздандын түштүгүндө ички миграциянын күчшүнө да таасир тийгизген.

Чек араларды делимитациялоо жана демаркациялоо иштери, ал боюнча сүйлөшүүлөр, чек ара райондорундагы кырдаалды жөнгө салуу тараптардын саясий эркинен, бир катар чегинүүлөрдүн көз каранды болгон процесс катары каралат.

**Тарыхтын методологиясы** – бул таанып билүүнүн методу жөнүндөгү тарых илиминин бир бөлүгү. Метод – бул тарыхый изилдөөлөрдүн каражаты. Анын жардамы аркылуу тарыхчы окуялар жөнүндө жаңы билим алат же ал жөнүндө түшүнүктөргө толуктоолорду киргизет. Азыркы учурдагы “методология” бүт тарыхый таанып билүүнүн теориялык негиздерин, анын бардык теориялык мүнөздөгү проблематикасын изилдөөнү өз ичине камтыйт [149].

Тарыхый изилдөөлөрдө түрдүү методдор, принциптер, категориялар, түшүнүктөр кенен колдонулат. Тарыхтын методологиясы бул тигил же бул окуяларды, практиканын теориялык жактан чагылдырылышы эсептелинет. Тарыхчынын изилдеген эмгегин практикалык жактан жалпылоо менен методология таанып билүүгө маани-маңыздуу мамиле жасоого, ыкмаларды, жолдорду, жалпы жана жеке конкреттүү-тарыхый проблемалардын теориялык принциптерин иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берет. Методология изилденип жаткан проблемаларды кандай жол менен чечүүнү үйрөтөт. Өз кезегинде жашоонун, коомдук практиканын методологияга тийгизген таасири өтө чоң.

Ар бир илимдин өнүгүүсүндө алгач фактылык материалдар, андан соң методология маанилүү орунда турат. Тарых илиминин өнүгүүсү жана анын методологиялык проблемаларды сунуштоосу, аларды чечүү маселелери бири-бири менен тыгыз байланышта болот.

Тарыхты изилдөөнүн принциптери, методдору боюнча өз кезегинде орус окумуштуулары И.Д.Ковальченко жана Б.Г.Могильницкий ж.б. окумуштуулар алектенип келишкен. И.Д.Ковальченко тарыхый окуяларга,

коомдук өнүгүү процесстерине мүнөздөмө берип, тарыхый булактарды өзүнчө классификациялоону  жана изилдөөдө салыштыруу ыкмасын пайдаланууну сунуштаган.

Совет мезгилинде тарыхый-теориялык проблемалар боюнча кеңири изилдөөлөрдү жүргүзгөн Е.М.Жуковдун ишмердүүлүгүнө бир аз токтоло кетүү зарыл. Анын "Проблемы социально-экономических формаций: Историко-типологические исследования" (М., 1975), "Теоретические проблемы всемирно-исторического процесса" (М., 1979), "Очерки методологии истории" (М., 1987) [62]  эмгектеринде тарыхтын фундаменталдуу илим болуп саналаарын, анын илимий жактан мааниси зор экендигине басым жасаган. Анын эмгектеринде дүйнөлүк-тарыхый процесстердин кеңири материалдары аркылуу негизги методологиялык проблемалар ачылып берилген. Тигил же бул теорияларды негиздөөдө ал бүт континенттердин тарыхына, айрыкча Чыгыштын, Африка жана Латын Америка өлкөлөрүнүн тарыхынан алынган кеңири материалдар колдонулган. Жалпылап айтканда Е.М.Жуков тарыхый процессти изилдөөдө дайыма дүйнөлүк-тарыхый окуялардын кеңири мейкиндиктеги ареалын өз көңүлүнлдө сактаган [62].

Белгилүү окумуштууу Н.И.Смоленскийдин "Теория и методология истории" [149].  аттуу эмгегинде тарых илиминин социалдык функциясы, методологиялык негизги проблемалар жана принциптер, тарыхыйлуулук принциби, тарыхый таанып билүүнүн объективдүүлүгү проблемасы, тарыхтын мааниси жана максаты, эң негизгиси тарыхый изилдөөлөрдүн методдору кеңири өңүттө иликтенген. Анда автор буга чейин илимде анча көңүл бурулбаган: жазма-баяндоо, биографиялык, салыштырмалуу-тарыхый, ретроспективдик, терминологиялык анализ, математикалык статистика методдорунун тарыхый изилдөөлөрдү жүргүзүүдөгү ролуна кеңири токтолгон.

Байыртадан эле тарых илими адамзат коомунун өнүгүү мезгилдерин жана анын көп кырдуу маселелерин изилдеп келет. Тарыхчылар тигил же бул

тарыхый процесстерди изилдөөдө ар кандай усулдарды пайдалануу аркылуу түрдүү гипотезаларды жана теорияларды жаратышат. Тарыхый чындыкты коомчулукка жеткирүү үчүн анын теориялык негизин талдоо керек. Дүйнөлүк илимде көптөгөн теориялар жаралгандыктан, алардын багыттары, негиздери жана изилдөө ыкмалары ар түрдүү. Андыктан тарых илимин изилдөөнүн теорияларынын негизгилери болуп эсептелген гносеологиялык, логикалык жана методологиялык түрлөрү илимпоздор тарабынан кеңири колдонулууда.

Тарых илиминде адамзат коомунун ар түрдүү маселелерин изилдөөдө жаралган ой-пикирлер окумуштуулар арасында талкууланып, көптөгөн сындардан өткөндөн кийин гана кабыл алынышы мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Азыркы учурда кыргызстандын тарыхчы-окумуштуулары дүйнөлүк практикада колдонулуп жаткан теорияларды, усулдарды кеңири пайдаланып тарыхый проблемаларды терең изилдөөгө аракеттенишүүдө.

Аталган изилдөөнүн методологиялык базасын изилдөөнүн жалпы логикалык жана жалпы илимий методдору, андан сырткары азыркы гуманитардык дисциплиналардын методдору түзөт. Бир эле мезгилде тарыхый жана дисциплиналар аралык методдор (көп фактордуу тең салмактуулук принциби, компаративдик, цивилизациялык) колдонулду. Аталган методдорду колдонуу гносеологиялык жактан дал келет. Проблеманы изилдөөдөгү негизги методдор катары тарыхыйлуулук принцибин атаса болот. Ал принцип чек ара маселесинин тарыхына баа берүүдө колдонулду.

Бул изилдөөдө функционалдык метод кеңири колдонулду. Ал коңшулаш республикалар менен өз ара байланыштарды изилдөөнү, анын аймактык проблемаларга тийгизген таасирин тактоого көмөк көргөздү. Бул метод геосаясий маселелерди этикалык жактан баалоодон алыс туруп, позитивдүү-практикалык мүнөзгө негизделет.

Бул эмгекте жазма-баяндама методу да колдонулду. Так ушул метод изилденип жаткан теманын бардык аспектилерин ачып берүүгө, аларды анализдөөгө, жыйынтыктарды чыгарууга, практикалык сунуштарды аныктоого мүмкүндүк берди.

Диссертациянын үстүндө иштөө учурунда хронологиялык-тарыхый мамиле колдонулду. Ал изилденип жаткан материалды мезгилдик кыраат менен жазууга жана коом менен мамлекеттин тарыхый өнүгүшүн өз ара шарттаган нукта иликтөөгө мүмкүндүк берди.

Эмгекти жазууда тарыхый-салыштырмалуулук методу да колдонулду. Кандай гана салыштыруу болбосун ал сөзсүз түрдө тарыхый түшүндүрмөгө зарыл болгон генетикалык мүнөздөгү белгилерди көрүнүштөрдөн таап чыгуусу керек.

Диссертацияны жазууда тарыхый-объективдүүлүк, логикалык-салыштырмалуу принциптерин колдонуунун натыйжасында изилденип жаткан проблема боюнча жалпы жана жеке окуялар бири-бири менен тыгыз байланышта каралып, негизги жыйынтыктар жасалган.

Акыркы мезгилдеги илимий-техникалык өзгөрүштөрдүн натыйжасында коомдук турмуштун бүт багыттары кескин өзгөрүүгө учураган. Ал өз кезегинде илимий изилдөөлөргө, анын ичинде коомдук илимдерде да жаңы изилдөө ыкмаларын пайдаланууну талап кылууда. Эгерде совет мезгилинде коомдук изиктөөлөр идеологиялык басымдын астында болуп, тенденциялуулукка жол берилген болсо эми көптөгөн проблемаларды айкын, ачык изилдөөгө мүмкүндүк түзүлдү. Аталган иликтөөдө азыркы учурдун талабына төп келген усулдарды колдонуу аркылуу проблеманы кеңири мааниде ачып берүүгө аракет жасалды.

Тарыхый-салыштырып иликтөө ыкмасы Кыргызстандын коңшу республикалар менен чек ара проблемаларын аныктоого, алардын түпкү тамырын аныктоого шарт түзөт.

Азыркы глобалдашуу шартында цивилизациялык ыкма коомдук өнүгүүнү ар тараптуу иликтөөгө мүмкүндүк түзөт. Ал аркылуу чек ара проблемасы, анын ичинде талаштуу аймактарда жашашкан элдердин өз ара карым-катнашын илимий негизде иликтөөгө мүмкүндүк түзүлөт.

Акыркы учурда постсоветтик мейкиндикте тарых илиминде конкреттүү үстөмдүк кылуучу медодология жок. Бул илим изилдөөдө объективдүүлүкө

жол ачат. Анткени совет мезгилинде коммунисттик партиянын диктаты аркылуу марксисттик-лениндик методология таңууланып келген жана коомдук илимдерде формациялык ыкма негизги орунда турган да тарыхый өнүгүү процесстери бурмалана баштаган. Ошондуктан совет мезгилинде изилденген көптөгөн эмгектер азыркы учурда өз баалуулуктарын жоготушкан.

Аталган эмгекте тарыхыйлуулук методу жана анализ жана синтез ыкмалар тарыхнаамени изилдөөдө колдонулду. Тарыхнаамелик анализ ыкмасы ар бир окуя боюнча автордун концепциясын аныктоого, ал эми тарыхнаамелик синтез ыкмасы авторлордун концепцияларын салыштырууга, проблеманы изилдөөдөгү негизги тенденцияларды так көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Андан сырткары изилдөөдөгү түрдүү ыкмалар колдонулду: эмгекте объективдүүлүк, статистикалык; ошондой эле изилденип жаткан предметтин өзгөчөлүгүн жана функциясын ачып берүүгө багытталган тарыхый-генетикалык ыкмалар кеңири пайдаланылды.

Тарыхый-системалык метод аркылуу Борбордук Азия республикаларынын, анын ичинде Кыргызстандын чек ара проблемаларынын чечилүү процесси, ал менен байланышкан чек ара аймактарындагы окуялардын эволюциясын ачып берүүгө мүмкүндүк түзүлөт. Тарыхый реконструкция ыкмасы аркылуу тарых илиминде үстөмдүк кылып келген илимий парадигмаларды илимий жактан түшүндүрүүгө шарт түзөт. Аталган ыкма конкреттүү чек ара проблемасы боюнча окумуштуулардын пикирлерин, изилдөөлөрүн, көйгөйлөрдүн келип чыгуу шартын, ошол учурдагы кырдаалды баяндап берүүдө чоң мааниге ээ.

Бул эмгекти изилдөөдө түрдүү тарыхый булактардын, андан сырткары ата-мекендик жана чет элдик илимий адабияттардын колдонулушу изилдөөнүн объективдүү принцибин сактоого мүмкүндүк берди.

## 2.3. Аймактагы чек аралык проблемалардын келип чыгышынын өбөлгөлөрү

Борбордук Азия элдери байыркы мезгилден баштап эле түрдүү мамлекеттердин курамында болуп келишкен. Тагыраак айтканда, мында эч качан улуттук мүнөздөгү мамлекеттер болгон эмес. XIX к. орто ченине баштап Россиянын экспансиясынан улам аталган аймак Түркстан генерал-губернаторлугунун курамына кирген.

1917-жылдагы Россиядагы Октябрь революциясынан кийин Борбордук Азияда улуттук негизде республикалар түзүлүп, алардын шарттуу түрдө чек аралары аныктала баштаган.

Совет өкмөтү улуттардын өзүн-өзү аныктоо, өз мамлекеттүүлүгүн түзүү идеясын антисоветтик кыймылдарды алсыратуу максатында көтөрүп чыккан. Большевиктер улуттук көз карандысыз республикаларды түзүү, калктын келечеги жөнүндө кам көрүү идеясын элди өз тарабына тартуу максатында чеберчилик менен пайдаланышкан.

СССРдин улуттук-мамлекеттик курулуш процессинин эң эле маанилүү маселелеринин бири – советтик республикалардын территориясын биротоло калыптандыруу жана республикалар арасындагы административдик чек араларды так аныктоо болгон. 1923-жылы Россия өкмөтү губерниялар, улуттук автономдуу областтар жана автономдуу республикалар арасында ар дайым пайда болгон территориалдык талаштардын чыгуусуна, коңшу жерлерди кайсы бир улуттук округдун же республиканын курамына өз алдынча киргизүү фактыларына таянып, бир административдик территориялык бирдиктин курамынан башкасынын курамына өткөрүп берүү жана ал иш чараларды юридикалык жактан бекемдөө үчүн атайын жарлык чыгарган [144. 34-б.].

Ошол эле жылы СССРдин өкмөтү тарабынан жаңы бүткүл союздук административдик-территориалдык бөлүнүүгө даярдалган кеңири программа иштелип чыккан. Анда Борбордук Азиянын жана Түндүк Кавказдын улуттук-мамлекеттик чек арасын ажыратуу маселеси, республикалар ортосундагы

территориалдык жана чек ара талаштарды чечүү, бир республиканын курамындагы бир катар аймактарды башка улуттук курамдарга өткөрү берүү ж.б. камтылган. Ал улуттук советтик мамлекеттердин чек арасын калыптандырууда маанилүү учур болгон. Аталган программаны ишке ашырууда бир катар улуттар аралык чыр-чатактар пайда болгон. Анткени эч бир республика жерлерин башкаларга өз каалоосу менен өткөрүп берүүнү каалаган эмес.

СССРдин өкмөтү территориалдык жактан бөлүү процессинде улуттук негизге басым жасаган. Мында тигил же бул аймактын кайсыл республикага тиешелүү болуусун аныктоодо ошол жерлердеги улуттук көпчүлүктүн кызыкчылыгын эске алуу менен чечилүүсү зарыл эле. Бирок иш жүзүндө саясий фактор үстөмдүк кылган жана союздун көптөгөн аймактарында көптөгөн улуттар бир нече республикалардын курамында калып калышкан.

Талаштуу чек ара жана аймактык маселелерди чечүү үчүн 1923-ж. Совет өкмөтү атайын райондорго бөлүү боюнча комиссия уюштурган. Мындай комиссия ар бир союздук республикада түзүлгөн. Андан сырткары, территориалдык бөлүштүрүү учурунда улуттук республикалар чече албаган талаш маселелерди жөнгө салуу боюнча атайын комиссиялар түзүлгөн.

Борбордук Азияны аймактарга бөлүү, алардын чек араларын тактоо максатында 1924-жылдын 10-мартынан баштап Түркстандагы советтик бийликтин алдында атайын комиссия түзүлгөн [144. 45-б.].

Ошол жылдын 27-мартында жогоруда аталган комиссия Түркстандын өкмөтүнө (Орто Азиялык экономикалык кеңештин төрагасы М.Пискуцкий) саясий жана экономикалык кызыкчылыктардан улам үч орто азиялык республиканы бириктирүү идеясын сунуштаган. Түркстан өкмөтүнүн мүчөсү В.Ходжанов Түркстанды иш жүзүндө бир катар республикаларга ажыратуу жасалма түрдө улуттардын пайда болушуна, бирдиктүү "түрк урууларын" "өзбек", "түркмөн", "казак" деп бөлүп, жасалма аталыштарды табууга шарт түзөт деп билдирген. Талкуунун кызуу жана курч мүнөздө өткөрүлгөндүгүнө

карабастан, Түркстан өкмөтү Түркстан АССРин улуттук республикаларга бөлүү жөнүндө чечим кабыл алган.

Ал эми апрелде Түркстанда чек ара маселелерин чечүү жана тактоо боюнча борбордук территориалдык комиссия түзүлгөн. Анын курамына ар бир жаңы уюшулуп жаткан улуттук республикалардан үчтөн өкүл кирген. Турмуштук маселелерди чечүү үчүн комиссия алдында өзбек, түркмөн жана кыргыздардын (казактардын) улуттук бюролору түзүлгөн. Анын алдына төмөндөгүдөй конкреттүү милдеттер коюлган:

- саясий – жаңыдан уюшулуп жаткан улуттук республикалар менен областтардын конституцияларын жана декларацияларынын тексттерин жазуу, уюштуруучу съезддерди чакыруу боюнча даярдыктарды көрүү;
- территориалдык – жаңы улуттук республикалардын чек араларын аныктоо жана аларды административдик-территориалдык жактан бөлүү боюнча долбоорлорду иштеп чыгуу;
- экономикалык – бюджетти жана чарбалык планды түзүү, республикалардын орто азиялык банктардагы катышуусунун үлүшүн аныктоо, өндүрүштүк ишканаларды бөлүштүрүү, пахтачылыкты, суу чарбасын, тоо-кен өндүрүшүн өнүктүрүү боюнча маселелерди иштеп чыгуу ж.б.

1924-жылдын 12-июнунда Совет өкмөтү Түркстанды улуттук-республикаларга бөлүү боюнча тарыхый чечим кабыл алган. Ага ылайык Орто Азия элдеринин улуттук-территориалдык чек араларын, калктын улуттук курамын жана айрым бир элдердин санын аныктоо боюнча даярдык иштери; чек араны ажыратуу маселелери боюнча бүткүл элдик талкуу жүргүзүлгөн, экономикалык тариздеги маселелер чечилген.

1920-жылдагы Бүткүл Россиялык эл каттоонун материалдары боюнча Туркестандагы демографиялык улуттук курам төмөндөгүдөй болгон: өзбектер – 2 050 755 (39.3%); казактар – 1 091 925 (20.8%); кара кыргыздар – 522 292 (10%); тажиктер – 399 912 (7.7%); түркмөндөр – 266 681 (5.1%); каракалпактар – 75 334 (1.4%); орустар – 536 671 (10.3%); башка улуттар (татарлар,

армяндар, еврейлер ж.б.) – 278 393 (5.4%) [50. 292-б.]. Бул маалыматтар так эмес эле. Анткени басмачылык кыймылдын айынан Фергана өрөөнүнүн кээ бир уезддеринде эл каттоо иштери жүргүзүлгөн эмес; кыргыздар менен казактарды адаштырып бир графага жаза беришкен (кыргыздарды казактарга); көпчүлүк адамдар өз урууларын же уруктарын аташкан, ал эми каттоочулар аларды өз билгениндей тигил же бул улутка киргизип коюшкан.

Өзбектер негизинен Фергана, Самарканд, Сыр-Дарыя жана Аму-Дарыя областтарында, казактар – Сыр-Дарыя, Жети-Суу областтарында, тажиктер – Самарканд, Фергана областтарында, түркмөндөр – Түркмөн (мурдагы Закаспийск) областында жыш жайгашып, улуттук көпчүлүк болуп, каракалпактар – Аму-Дарыя областында отурукташкан.

Кара-кыргыздар Самарканд областында (Хожент уездинин Баксаберген, Исфана,Чапкулук болуштуктарында), Сыр-Дарыя областында (Олуя-Ата уездинин Байтерек, Жайлоо, Каракол, Кеңкол, Талкан, Ур-Марал, Александровка, Гродековская, Дмитриевская, Николайпольская, Кош-Коргон жана Орловская болуштуктарында); Фергана областында (Анжиян, Кокон, Наманган, Ош, Фергана уезддери жана Памир району), Жети-Суу областында (Пишпек, Пржевальск, Нарын уезддеринде) жайгашышкан [50. 293-б.].

1924-жылдын 27-октябрында СССРдин ББК 2-сессиясында Түркстан аймагында улуттук республикаларды түзүү боюнча чечимге ылайык Түркстан АССРинин, Бухара жана Хорезм Советтик Социалисттик Республикаларынын аймагында: Өзбек жана Түркмөн Советтик Социалисттик Республикалары (1924-жылдын 27-октябрында; Өзбек ССРинин курамында Тажик АССРи (1924-жылдын 14-октябрында), Казак АССРинин курамында Каракалпак автономдуу областы (1925-жылдын 11 майында) жана РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз автономдуу областы (1924-жылдын 14-октябрында) түзүлгөн.

Жаңы республикалардын ортосудагы чек араны орнотуу принциптеринин негизин Өзбек ССРинин партиялык бюросу тарабынан даярдалган сунуштар түзгөн. Бул процессте элдердин кийинки тагдыры эске алынган эмес,

башкарууну жеңилдетүү максатында Түркстанды административдик-территориалдык райондорго бөлүштүрүү зарылдыгы негизги орунда турган.

Чек араларды улуттук принциптин негизинде тактоо боюнча кайсыл улут кайсыл аймакта көп жашаса ошол аймактар аларга тиешелүү болуп калган. Натыйжада көчмөн элдердин жашоо мүнөзү, алардын өзгөчөлүктөрү эске алынган эмес. Ага мисал катары Анжиян шаарынын айланасында жайгашкан кээ бир нагыз кыргыз болуштуктары (Аим, Коргон-Төбө, Жалал-Кудук), андан сырткары Ташкент уездинин Кошой-Коргон жана Той-Төбө болуштуктары Өзбекстандын курамына кирип калган [59. 43-б.].

Борбордук Азия аймагын улуттук негизде чек араларга ажыратуу учурунда ири шаарларда, калк жыш жашаган айыл-кыштактарда кайсыл улут көп жашаса ошол жерлер аларга өтүп кеткен. Анын негизги кесепети катары өздөрүнүн сугат жерлерин убактылуу пайдаланууга беришкен көчмөн элдер чоң жапа чегишкен. Алар өздөрүнүн байыртадан ээлеп келишкен жерлеринен ажырашып, башка республикалардын курамында калып калышкан.

Улуттук-территориалдык жиктешүү учурунда калыптанган суу чарба системаларын сактап калуу негизги орунда турган. Бирок иш жүзүндө аны ишке ашырууда жергиликтүү кыргыз элинин кызыкчылыктары эң көп жапа чеккен. Жалпы СССРдин пахтага болгон көз карандылыгын жоюу максатында Борбордук Азияда массалык түрдө пахта таалаалары пайда болгон. Аларда негизинен өзбек жана тажиктер эмгектенишкен. Ошондуктан көпчүлүк эгин талаалары алардын карамагына өтүп кеткен.

Жерлерди бөлүштүрүү учурунда өтө чоң катачылыктарга жол коюлгандыктан азыркы Кыргызстандын чек ара аймактарында чаташкан, кыйшык, ийри-буйру жер тилкелери пайда болгон.

Борбордук Азияда улуттук-территориалдык жиктешүү процессин негизинен СССРдин Ички Иштер Эл Комиссариаты тарабынан жүргүзүлүп күч аркылуу ишке ашкан.

Эки тараптуу мамилелеринин көйгөйүнүн тамыры 1920-жылдары жүргүзүлгөн улуттук-территориалдык чек ара ажыратууга барып такалат.

1924-жылы СССРдин курамына кирген Орто Азия улуттук республикаларынын территориялары туш келди эле калыптанып калган. Территорияны бөлүштүрүүнүн баары тааныган, эл аралык тажрыйбада колдонулган төрт принциптерде көчмөндөрдүн жашоо мүнөзү эске алган эмес. Улуттук-аймактык жиктешүү учурунда көптөгөн кыргыз көчмөндөрү Андижан менен Ферганaнын айланасындагы тоолордо жайлоолордо болушкан. Бул учурда аталган территориядагы калктын улуттук курамын аныктоодогу улуттук принцип кыргыздардын пайдасына чечилген эмес.

Натыйжада 1924-жылы эле алгачкы территориалдык талаштар пайда болгон. Борбордук Азия республикаларынын чек араларын тактоо маселелери боюнча Красновскийдин төрагалыгы менен СССРдин Эмгек жана Коргоо кеңешинин өкүлдүк комиссиясы иш алып барган. Ошол жылдын 10-декабрында анын биринчи отуруму болгон. Аталган жыйын тарабынан кабыл алынган төмөнкү чечим кызыгууну жаратат: “Орус Памири деп аталган, б.а. Памир Кыргыз көчмөн болуштугун Тажик Автономдуу Республикасынын курамына кирген Бадахшан округуна (Бухара Памирине) каратуу”. Бул отурумда ошондой эле 10 чакырымдык картага жаңы мамлекеттик уюшулмалардын чек араларын түшүрүүнүн эрежелери жөнүндө чечим кабыл алынган: “2. Талаш жерлерди картага түшүрүүдө табигый чек араларды – дарыяларды, ири арыктарды жана суу бөлүнүп турган жерлерди пайдалануу. 3.Эгерде чек аралар жалпы пайдалануучу аянттар жана ээн жерлер аркылуу өтсө, анда жерлер тең экиге бөлүнүп салынган.

1925-жылдын 17-мартында өткөн Борбордук Азияда Аймактык бөлүштүрүү боюнча комитеттин пленумунда чек арага ажыратуу процесси талкууга алынган. Анда Комиссиянын чек араны тактоо боюнча жыйынтыктоочу доклады угулган жана Борбордук Азия элдеринин тарыхында биринчи жолу алардын улуттук аймактары боюнча кагаз түрүндөгү укуктук чечим кабыл алынган. Анын негизинде ар бир республиканын өкүлдөрдү өздөрү улуттук аймактарынын чек араларын тактоого милдеттендирилген. Бирок айрым бир болуштуктар менен

уезддердин кайсы республикага тиешелүү экендиги боюнча чечилбеген бир катар маселелер сакталып калган. Жогоруда аталган чечимде Кыргыз ССРи (Казак ССРи) менен Кара-Кыргыз автономиялуу областынын калктарынын жалпы пайдалануучу жерлеринин катарына Суусамыр, Каркыра, Көкойрок жана Чоң-Кеминди киргизген.

Орто Азияны улуттук райондорго бөлүү комитети тарабынан көрсөтүлгөн материалдардын негизинде СССРдин БАКы РСФСР менен Өзбек ССРинин, РСФСР менен Түркмөн ССРинин ортосундагы чек араны сүрөттөп жазган [59. 12-б].

Жогоруда аталган комитеттин чек ара боюнча долбоору иш жүзүндө бир да Союздук республиканы, Автономдуу Республиканы, Автономдуу областты канааттандырган эмес. Кызыкдар Өкмөттөрдөн СССРдин борбордук органдарына коңшу мамлекеттик уюшулмалардын катарына кирип калган айрым айылдар, волосттор же райондор боюнча 50 дөй билдирме келип түшкөн.

Мисалы, Совет өкмөтүнүн 1925-жылдын 4-майындагы РСФСР менен Өзбек ССРинин ортосундагы чек араны Ташкент уездинен чыгыш тарабынан тартып аныктоо боюнча чечиминин натыйжасында коңшу КАОы менен Бакси-Себерген, Исфаней, Чанкулуг, Чаткал, Коргон-Төбө, Жалал-Абад, Сох, Исфара ж.б. волостторунун райондору боюнча бир катар жер боюнча наразычылыктар пайда болгон [21. 76-б.].

Өзбекстан, өз учурунда, Кыргызстандын Аим волостунун түштүк бөлүгүнө, Ош шаарына жана Ош волостуна, Лейлек жана Нойгут-Кыпчак волостторун өзүнө өткөрүп алууга аракет жасаган. Жер маселеси боюнча талаштарды карап чыгуу үчүн Совет өкмөтү тарабынан Д.И.Петровскийдин жетекчилиги алдында Паритеттик Комиссия уюшулган. Бирок чек араны тактоо боюнча чечим кабыл алууда Кыргызстандын кызыкчылыктары эске алынган эмес.

1926-жылдын 21-декабрында Совет өкмөтү Б.Кульбешеровдун жетекчилиги алдында дагы бир Паритеттик Комиссия уюштурган. Ал

Кыргызстандын жетекчилигинин талаш жерлер боюнча кайрылууларын кароо маселесин күн тартиптен алып салган. Комиссия караган 13 маселенин бешөөсү гана Кыргыз АССРинин пайдасына чечилген. Ал боюнча Үч-Коргон айылы (Аувал волосту), Араван жана Сох волосттору, ошондой эле Бакса-Исфана волостунун Сүлүктү кени жайгашкан аймактар, андан сырткары Сох волостун курчап турган Нойгут-Кыпчак жана Яукесек-Бостон волосттору, ага жакын нефть булактары табылган аймактардан башкасын Кыргызстанга өткөрүү боюнча чечим кабыл алынган.

1927-жылдын 3-майында РСФСРдин өкмөтү Кульбешеровдун Паритеттик Комиссиясынын чечимдеринин негизинде Кыргыз өкмөтүнүн наразычылыгына карабастан Өзбекстанга Аим волостун өткөрүп берүү боюнча чечим чыгарган. Андан сырткары Сох волостун, Сүлүктү кенин (Бакса-Исфана волосту), Яукесек-Бостон жана Нойгут-Кыпчак (аталган эки волосттун аймагында табылган нефть булактарынан башкасын) жана Ауваль волостунун Үч-Коргон айылын Өзбек ССРинен чыгаруу жана РСФСРге (Кыргыз АССРине) киргизүү боюнча чечим кабыл алынган [21.77-б]. Натыйжада кыргыз тараптын наразычылыктарына бийлик тарабынан бөгөт коюлган.

1925-жылдын 17-мартында улуттук-аймактык жиктешүү процессин ишке ашыруу боюнча түзүлгөн Комиссиянын чечими менен Борбордук Азияда түзүлгөн республикалар менен автономиялуу республикалардын, областтардын ортосундагы чек араны бекиткен. Ал элдердин укуктарын тебелеп-тепсөө аркылуу ишке ашкан. Мисалы, Фергана өрөөнүндө Кыргызстандын жерлери башка республикалардын курамына кирип кеткен жана жыйырмадан ашуун татаал чек ара тилкелери пайда болгон.

Башка элдердин аймагына кирип кетүүлөрдүн натыйжасында Фергана өрөөнүндө бир катар анклавдар пайда болгон.

Белгилүү окумуштуу Ж.Жунушалиев Борбордук Азияда жашаган элдердин ортосундагы жер, суу маселеси 1924-жылы улуттук-мамлекеттик бөлүнүүнүн жемиши экендигине басым жасаган. Ага чейин аймактагы бардык

элдер Түркстан АССРинин курамында болушуп, аралаш жашап, жер, суу маселеси анча катуу коюлган эмес. Анан ажырымдашуу өткөндөн кийин Өзбек ССРи, Түркмөн ССРи, Тажик АССРи, Кара Кыргыз автоном облусу түзүлүп, жер, суу маселеси чыга баштаган.

Аймактык ажырымдашуу, чек араларды белгилөө негизинен 5 принципке негизделген:

- улуттук белги, кайсыл жерде кайсы улут көп болсо ошол аймак

аларга тиешелүү болуп эсептелет. Бул принципти практикада колдонуунун натыйжасында кыргыздар бир топ аймактык жоготууга дуушар болушкан. Анткени кыргыз эли жылдын бир мезгилинде бир жерде көпчүлүктү түзсө, экинчисинде башка жерде көпчүлүктү түзүшкөн. Ошол чек араны бөлүп жатканда кыргыздардын көбү жайлоодо болушкан. Натыйжада алар жашашкан жерлер өзбектер менен тажиктерге берилип кеткен. Мисалы үчүн Анжиян облусунун тегерегинде кыргыздардын үч накта райондору, Жалал-Кудук жана башка, ошол принциптин негизинде Өзбекстанга өтүп кеткен; Экинчи принцип – иш жүзүндө колдонуу принциби, ким жерди иштетсе, жер ошонуку принциби – ошондой эле чек ара маселесин кыргыздардын пайдасына чечкен эмес. Кыргыздар мал чарбачылыгы менен алектенишкендиктен, жерди иштетүүнү билишкен эмес, алар өздөрүнүн жерлерин дыйкан өзбек, тажик, дунгандарга ижарага берип турушкан.

- жерди ким иштетсе ошого беришкен. Бул принцип боюнча да

кыргыздар көп жеринен ажырап калышкан. Себеби биздин көп ата-бабаларыбыз жерди ижарага беришкен. Жерди пайдалануунун чен-өлчөмү боюнча жерди пайдаланабы, мөмөлүү дарак барбы – жер ошонуку;

- экономикалык вариант, сууну, жерди кайсы элге берүү керек деген

маселеге келгенде да иш башкача чечилген. Эгерде элдин саны бирдей болуп калса дайыма өзбектердин же тажиктердин пайдасына чечилген. Себеби ал кезде: “СССРдин пахтага карата көз карандылыгын жоюу” деген ураан болгон; Экономикалык максатка ылайыктуулук принциби дагы Өзбекстандын

пайдасына иштеген, анткени бийлик мыкты айдоо жерлерин жакшы түшүм алуу үчүн пахта талааларына айландырууну көздөгөн.

- чек арага жакын аймактарды түз бөлүү, өтө көп ири сызыктардын болушуна жол бербөө. Анын натыйжасында көптөгөн кыргыздар өздөрүнүн жерлери менен Өзбекстандын, Тажикстандын курамында калып калышкан.
- улуттук мамлекеттик биримдиктердеги чек аранын шарттуу түрдө болушу. Ага ылайык жерлер эч бир улуттарга же республикаларга тиешелүү болгон эмес, ал бөлүнгүс совет өкмөтүнүн менчиги болуп саналган [59. 44–45-б].

1924-жылы СССР жетекчилиги Борбордук Азияны территориялык жактан бөлүштүрүүдө этностук принципти негиз катары тандап алган. Аймактагы улуттук-территориялык жиктешүү процесси учурунда реалдуу тарыхый кырдаал, этностордун өзгөчөлүктөрү эске алынбагандыктан улуттар аралык араздашуулар, жер талаштары пайда боло баштаган.

Аймактагы жерлердин туура эмес бөлүштүрүлүшүнөн улам совет мезгилинде бир нече жолу этностук-территориялык конфликттер катталган. Ал негизинен жогоруда айтылгандай 1920–1930-жж. улуттук жиктешүү саясаты менен түздөн-түз байланышкан.

1929-жылдын майында Тажик автономдуу ССРи Тажик ССРи, 1926-жылы Кыргыз автономдуу областы Кыргыз АССРи, 1936-жылы Казак ССРи менен Кыргыз ССРи пайда болгон [176. 64-б.]. Ал эми Каракалпак автономдуу областы Казак АССРинин курамынан чыгарылып 1932-жылы автономиялуу республика болуп кайра түзүлүп, 1936-жылдан бери Өзбекстандын курамында болуп келет. Совет бийлиги учурунда тигил же бул республикага тиешелүү жерлер башка республикаларга өткөрүлүп берилген учурлар көп кездешкен. Жалпылап алганда, Борбордук Азиядагы улуттук-территориалдык бөлүштүрүү процесси татаал жана карама-каршылыктуу мүнөздө ишке ашып, бир катар негативдүү натыйжалар менен коштолгон.

Совет өкмөтүнүн максаттуу түрдө жүргүзгөн саясатына карабастан улуттук республикалар бирдиктүү бир биримдикке толук түрдө

интеграциялана алышкан эмес. Тескерисинче, улуттардын ортосунда карама-каршылык күчөп, аймактык, экономикалык мүнөздөгү араздашуулар пайда болгон. Анын бир катар саясий, социалдык жана экономикалык себептери болгон. Өз учурунда чечилбей келген бир катар маселелер постсоветтик мезгилде улуттар, республикалар аралык жаңжалдардын курчушуна өбөлгө түзгөн.

Совет өкмөтүнүн Түркстандагы улуттук-аймактык бөлүштүрүү саясаты тигил же бул элдердин өздөрүнүн мамлекеттүүлүгүн камсыз кылууга эмес, тескерисинче алардын улуттук боштондук күрөшүн басаңдатуу, бири-бирине каршы коюу, бытырандылыкты, араздашууну күчөтүү жана алардын ортосундагы ынтымакка бүлүк салуу максатында ишке ашырылган.

Совет өкмөтү улуттук республикаларды түзүүдө бир катар мүчүлүштүктөргө жол койгон. Алардын эң башкысы орус улутуна жана тилине артыкчылык берүү болгон. Натыйжада улуу орус шовинизми үстөмдүк кыла баштаган. Улуттук республикаларды түзүүдө элдердин тарыхы, маданияты, каада салттары, улуттук өзгөчөлүктөрү, алардын байыртадан жашап келе жаткан аймактары ж.б. бир катар факторлор эске алынган эмес. Борбордук Азиядагы бирдиктүү түрк тектүү, ислам динин тутунган элдерди карама-каршы коюп, алардын ынтыкмакта жашоосуна бөгөт коюшкан. Сталиндик тоталитардык система улут маселесин чечүүдө жалпы адамзаттык баалуулуктарга каршы принциптерди колдонгон. Ага элдерди депортациялоо, улуттук аймактарынан ажыратуу, интеллигенциянын өкүлдөрүн жок кылуу ж.б. репрессиялык иш чаралар ачык күбө болуп саналат.

Борбордук Азияда ишке ашырылган улуттук-территориалдык бөлүнүү саясатын Борбордон (Москвадан) дайындалган, жергиликтүү өзгөчөлүктөр менен кабары жок кызматчылар тарабынан ишке ашырылган. Анын кесепеттери союз кыйрагандан соң ачык байкала баштаган. Улуттарды жасалма түрдө бириктирүү, достукту бекемдөө – интернационалдык советтик саясат иш жүзүндө элдердин бөлүнүп жарылышына, орус тилинин, элинин таасиринин күчөшүнө, башка элдердин улуттук өзгөчөлүктөрүнүн

жоголушуна алып келген. Бул мезгилде бир катар майда элдер жок болуу коркунучунда калышкан.

## 2.4. Чек ара проблемаларынын Борбордук Азиядагы коопсуздукка тийгизген таасири

Мурдагы СССРдин аймагында жаңы мамлекеттердин түзүлүшү – дүйнөлүк эл аралык системанын өзгөрүшүнө, жаңы геосаясий абалдын калыптануусуна алып келген.

Совет бийлигинин учурунда Борбордук Азиянын социомаданий жана геосаясий абалы кескин өзгөргөн. Аталган аймактын калкы өзүнүн сырткы коңшулаш элдер менен болгон тарыхый байланыштарынан ажыратылган жана Россиянын борбордук райондору менен кызматташуу күчөп, европалык келгиндердин саны кескин түрдө өсө баштаган.

Борбордук Азия Евразиянын стратегиялык маанилүү региону болуп саналат. Чыгышында Кытай жана Азия-Тынч океан регионундагы мамлекеттер, түштүгүндө – Афганистан, Жакынкы Чыгыш өлкөлөрү жана бир катар ислам мамлекеттери; батышында жана түндүгүндө – Кавказ, Түркия, Европа, Россия жайгашкан. Борбордук Азиядагы абалдан белгилүү бир деңгээлде дүйнөдөгү саясий туруктуулук көз каранды.

АКШнын президентинин улуттук коопсуздук боюнча мурдагы кеңешчиси Збигнев Бжезинский Борбордук Азияны “евразиялык Балкан” деп атагандыгы кокусунан эмес [33. 160-б.].

Дүйнөлүк жана региондогу алдыңкы державалардын тышкы саясий активдүүлүгү Борбордук Азиядагы процесстерге таасир этүүчү маанилүү факторлордун бири бойдон калууда.

Борбордук Азиядагы геосаясий абалдын калыптануусуна бир кыйла таасир тийгизүүчү дүйнөлүк жана региондогу державалардын ичинен РФ, АКШ, КЭР, ошондой эле Түркия, Иран, Пакистан, Индия, Европа Биримдигине кирген мамлекеттер өзгөчө бөлүнүп турат.

Жогоруда аталган мамлекеттер Борбордук Азиянын ресурстарынан максималдуу пайдаланууга аракеттенишүүдө. Алар иш жүзүндө аймактын энергоресурстарын экспорттоп алууга абдан кызыкдар болушууда. Мындай стратегия конкреттүү геосаясий максатты көздөгөнүн түшүнүү зарыл. Ошентип, тиги же бул өлкөнүн геосаясий позициясын аныктоодо отун-энергетика ресурстарын жана аларды ташуучу каражаттарын көзөмөлдөөнүн орду улам күчөп баратат.

Эгерде эл аралык-саясий планда Борбордук Азия мурдагы Советтер Союзуна кирген беш республиканы, андан сырткары Монголияны, Афганистанды жана СУАРды өз ичине камтыйт.

Акыркы мезгилде АКШ тарабынан өзүнө Афганистанды камтыган “Чоң Борбордук Азия” деп аталган саясатты ишке ашыруу аракеттери көрүлгөн. Мында Афганистандын сырткы дүйнө менен байланышуусун камсыздоо максатында жолдор менен көпүрөлөрдүн курулушу, деңиздерге чыгуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү, товарлар менен электроэнергияны Пакистан менен Индия тарапка жөнөтүү маселелерин чечүү маанилүү орунда турат. Бирок бир эле мезгилде саясий жактан туруксуз Афганистандан баңги-заттар, курал-жарактар башка өлкөлөргө жайылуу коркунучу күч алышы мүмкүн. Региондогу калктын Афганистан жана Пакистандын жашоочулары менен болгон тыгыз байланыштары жергиликтүү радикализмдин өсүшүнө жана экстремисттик топтордун күчөшүнө түрткү бериши мүмкүн. Мындай тынчсыздануулар Тажикстандын исламдык кайра жаралуу партиясынын жетекчилиги тарабынан да айтылганы маалым.

Жогоруда айтылгандай азыркы күндө Борбордук Азия бир эле учурда үч дүйнөлүк державанын – Россиянын, АКШнын жана Кытайдын геосаясий кызыкчылыктарынын объекти болуп саналат. Алардын региондогу саясий жана экономикалык жактан үстөмдүк кылууга болгон умтулуулары Борбордук Азиядагы коопсуздук көйгөйлөрүн чечүү зарылдыгы менен тыгыз байланышкан. Борбордук Азия регионy жакынкы чыгыш өлкөлөрүндө болуп жаткан жагымсыз факторлордун калканы гана болуп бербестен, өзү дагы

коркунучтар жаратуусу мүмкүн экендигин Тажикстандагы 1990-жж. баш чениндеги жарандык согуш тастыктады.

Азыркы учурда Борбордук Азиянын кээ бир республикаларында туруктуулуктун жоктугунан көптөгөн проблемалар пайда болгон. Аларга: суу жана жер байлыктарынын таңкыстыгы, татаал демографиялык абал, экологиялык көйгөйлөр, калктын басымдуу бөлүгүнүн социалдык-экономикалык абалынын начарлашы, коомдогу социалдык-укуктук жана мүлктүк ажырым, мурдагы моралдык-нравалык принциптерди жоготуу, идеологиялык боштук, коррупциянын өсүшү, коомдун криминалдашуусу.

Борбордук Азияны туруксуздаштырган эң негизги факторлорго: экономикалык коркунучтарды, баңги-заттарды мыйзамсыз түрдө ташуу, диний экстремизм, энергетикалык коопсуздукту киргизүүгө болот.

Аймактык коопсуздукка чоң коркунуч келтирген проблема республикалардын ортосундагы чек ара маселелеринин чечилбеши эсептелинет. Андан сырткары экономикалык проблемалар да абалды оордотот. Анткени, мамлекеттин экономикалык жактан чабалдыгы тигил же мамлекетти эл аралык финансы уюмдарынын барымтасына айлантат. Экономикалык көйгөйлөр улуттук коопсуздук менен тыгыз байланышкан. Анткени начар экономикалык шартта илимий-интеллектуалдук жана билим берүү потенциалдар төмөндөйт, коом деградацияланып, баалуулуктар жоголот.

Баңги заттарды мыйзамсыз ташуу жана баңгичиликке каршы күрөшүү бир гана Борбордук Азиядагы мамлекеттер жана алардын коңшулары үчүн эмес, бүтүндөй дүйнөлүк коомчулуктун алдындагы негизги проблема болуп саналат. Постсоветтик мезгилде наркобизнес Борбордук Азиянын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө оолуттуу таасирин тийгизүүдө. Ал биринчи иретте баңги заттарды өндүрүп жана таркатуучу ири борбор болгон Афганистан менен географиялык жактан жакын жайгашкандыгы менен түшүндүрүлөт. Наркобизнес региондогу саясий жана социалдык стабилдүүлүктүн жоктугуна кызыкдар, демек, коопсуздук үчүн реалдуу коркунуч жаратат.

Борбордук Азияда эксремисттик жана террористтик уюмдардын активдешүүсү баңгизат менен соода жүргүзгөн кылмыш топтору үчүн эки себеп боюнча абдан эле пайдалуу: 1. региондогу күч структураларынын көңүлүн алагды кылат; 2. региондогу абалды дестабилдештирүү максатында өз аракеттерин террористтик уюмдар менен бириктирүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Борбордук Азиядагы кээ бир республикаларда бийлик алмашкан мезгилдерде мындай кылмыш уюмдарынын иш жүзүндө биригип кетүүсүнө шарт түзөт. Ал өз кезегинде бийлик түзүмдөрүндө кылмыш топторунун өкүлдөрүнүн пайда болушуна алып келүүсү мүмкүн. Мунун баары аталган аймакты транзит катары пайдаланууга шарт түзөт [130. 214–215- б.].

Исламдык экстремизм региондогу коопсуздукка жана туруктуулукка коркунуч келтирет. Анын бул аймакта жайылтылышына Борбордук Азия республикаларынын өнүгүүсүндөгү өзгөчөлүктөр, ошол эле учурда көп сандаган ички карама-каршылыктардын болушу шарт түзөт. Исламчыл согушчан топторду эл аралык исламдык уюмдар жана ири мамлекеттер каржылоодо.

Экстремисттик уюмдардын пайда болушуна аймакта жашаган элдердин жашоо деңгээлинин төмөндүгү ыңгайлуу шарт түзүүдө. Мында болжолдуу түрдө конфликттердин борбору катары Фергана өрөөнүн атоого болот. Ага 2005-ж. Анжияндагы кандуу окуялар анык күбө боло алат [130. 214–215-б.]. Исламчыл күчтөрдүн Фергана өрөөнүндө өз бийлигин орнотууга болгон аракети аймактык проблеманын чегинен чыгып эл аралык күчтөрдүн биргелешкен аракеттенүүсүн талап кылат.

Дүйнөдө азыркы учурда энергоресурстар үчүн эбегейсиз зор күрөш күрөш жүрүп жатат. Ири мамлекеттер Борбордук Азиянын табигый кен байлыктарына, айрыкча, нефть жана газга өздөрүнүн үстөмдүгүн орнотууга аракеттенишүүдө. Ошондуктан алар аталган аймактагы тынчтыкты сактап турууга, эч кандай тоскоолдуксуз өздөрүнүн энергетикалык долбоорлорун

ишке ашыра ала тургандай коопсуздук системасын калыптандырууга кызыкдар.

Борбордук Азиядагы экономикалык жактан артта калган республикалардагы бийликтин тез-тез алмашуусу саясий туруксуздукту жаратууда. Ага мисал катары Кыргызстандагы акыркы учурдагы бир катар бийлик алмашуулар, саясий толкундоолорду атаса болот.

Жогоруда айтылгандай Борбордук Азиядагы башка коопсуздук көйгөйлөр сыяктуу эле саясий туруксуздук коркунучу жалпы татаал социалдык-экономикалык абалга, коомдогу көп сандаган ички карама каршылыктарга негизделет. Өлкөнү саясий жактан модернизациялоо, иштиктүү саясий институттарды калыптандыруу жана бийликтин ыраатуулугу, тагыраак айтканда тынчтык жолу менен, демократиялык мүнөздө бийликти өткөрүп берүү жолдорун иштеп чыгуу – Борбордук Азиядагы коопсуздукту бекемдөөнүн негизги шарты болуп саналат.

Жогоруда айтылгандардын баары аймактагы жалпы кырдаалга таасир тийзгизет. Бирок абалды оордотуп, ири коркунучтардын булагын түзгөн фактор – чек ара маселелеринин чечилбегендиги эсептелинүүдө.

Азыркы учурда Борбордук Азия мамлекеттеринин ортосундагы чек араны делимитациялоо менен демаркациялоо иштеринин толук аягына чыгарылбагандыгы Өзбекстан менен Кыргызстандын, Өзбекстан менен Тажикстандын, Кыргызстан менен Тажикстандын чек арага жакын жайгашкан райондорундагы абалды татаалдаштырууда.

СССРдин кулашы мурдагы Афганистан менен болгон чек аранын ачык калуусуна жана Борбордук Азиядагы постсоветтик өлкөлөрдүн бирдиктүү калканы болуп турган ролун жоготуусуна алып келди. Ага удаалаш эле, 1991-жылдан кийин, Фергана өрөөнүнүн ичинде көз карандысыз Өзбекстан, Тажикстан, Кыргызстан мамлекеттеринин жаңы чек аралары пайда болду. Жергиликтүү калк үчүн чек аралардын пайда болушу, административдик-территориалык бөлүнүү мурда болуп көрбөгөндөй кыйынчылыктарды жаратты.

Фергана өрөөнүнүн табигый шарты, этникалык курамы, андагы чарба жүргүзүү, жер жана суу иштетүү өзгөчөлүктөрү башка аймактардан кескин түрдө айырмаланып турат. Ошондуктан мында так, түз багытта аныкталган чек араларды белгилөө мүмкүн эмес.

1990-жылдардын аяк ченине чейин Борбордук Азия республикаларынын ортосунда чек ара чек ара маселеси көтөрүлгөн эмес. Бул саясий-экономикалык кризистер менен байланышкан. Мамлекет башчылары эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында статус-квону сактап, чек ара боюнча мамлекеттер аралык конфликттерден четтөөгө аракеттенишкен. Абал 1999-жылдагы Баткен окуясынан кийин кескин түрдө өзгөргөн [129.]. Ооганстан тараптан куралчан күжүрмөн топтордун бастырып кирүүсү Борбордук Азия мамлекеттеринин улуттук коопсуздугу үчүн чек ара чоң мааниге ээ экендигин ачык көрсөткөн. Натыйжада аймактагы республикалар өз чек араларын жаап, көзөмөлдөөнү күчөтө башташкан. Мурдагы эркин каттоо системасы бузулуп, элдердин өз ара карым-катнаштарында кыйынчылыктар жаралган.

Аймактагы интеграция процессинин ишке ашпагандыгы да чек ара маселесин курчуткан. 1992-жылдан баштап аталган аймакта дезинтеграциялык тенденция күч ала баштаган. Ал республикалардын саясий жана экономикалык потенциалдарынын түрдүүчө болушу, жүргүзүлүп жаткан либералдык реформалар менен да байланыштуу болгон. Аймактагы кээ бир республикалар эми лидерликке умтулушуп, экономикалык жактан башкаларына басым жасай башташкан. Мындай көрүнүш өз кезегинде биригүү процессине терс таасирин тийгизген.

СССР кыйраган соң аймактагы республикалар өз ара мамилелерди бекемдөө, түзүлгөн экономикалык байланыштарды сактап калуу максатында атайын бirimдик түзүүгө аракеттенишкен. Ага 1998-жылы түзүлгөн Өзбекстан, Казакстан жана Кыргызстан катышкан Борбордук Азиялык Биримдигин (ЦАС. Ал кийинчерээк Борбордук Азиялык экономикалык Коомчулук деп атала баштаган (ЦЭАС) [176. 331–332-б.].

Бирок иш жүзүндө мындай түзүлгөн уюмдар өз натыйжасын берген жок жана аймактагы республикаларын башын бириктире албады. Анын негизги себеби катары республика жетекчилеринин саясий амбициялары, экономикалык мүмкүнчүлүктөрүнүн түрдүүчө болушу, тигил же бул республикалардын үстөмдүккө умтулуусу эсептелинет 2001-жылдын декабрында Казакстан, Өзбекстан, Кыргызстан жана Тажикстандын мамлекет башчылары катышкан кеңешмеде Борбордук Азиялык экономикалык коомчулук бирикмеси Борбордук Азиялык кызматташуу уюмуна (ОЦАС) өзгөртүү чечими кабыл алынган [130. 123-б.].

Аймактагы чек ара маселесинин курчушуна социалдык-экономикалык кырдаал да өз таасирин тийгизген. Алсак, Кыргызстандын аймагында жайгашкан Тажикстандын Ворух жана Өзбекстандын Сох анклавдарын суу, электр энергиясы жана газ менен камсыз кылуу, эмгек миграциясын көзөмөлдөө иштеринен айынан абал курчуй баштаган.

1990-жж. акыркы чейрегинде аймактагы республикалардын өз рынокторун коргоо үчүн жүргүзгөн катуу саясаттарынан улам чек ара маселеси кескин түрдө курчуй башташган. Борбордук Азия мамлекеттери дүйнөлүк рынокто атаандаштыкка жөндөмсүз болушкан, ошондуктан алар ички рынок үчүн бири-бири менен теңтайлаша башташкан.

Жогоруда айтылган проблемалар мамлекеттер аралык мамилелерге, чек араны делимитациялоо иштерине терс таасирин тийгизген. Бир эле мезгилде чек ара проблемалар сууну пайдалануу маселелери менен тыгыз байланышкан. Постсоветтик мезгилде Борбордук Азия мамлекеттеринин ортосунда суунун айынан бир нече ири чатакташуулар жана талаштар пайда болгон. Экономикасы негизинен агрардык мүнөздө болгон Борбордук Азия республикаларынын бардыгы үчүн суу байлыктарына ээ болуу оолуттуу мааниге ээ.

Борбордук Азиянын суу байлыгы негизинен Тажикстан менен Кыргызстанда жайгашкан. Бирок аймактын калган республикалары суу негизги пайдалануучулар катары эсептелинишет. Мында суу чарбалык гана

эмес, аскердик-стратегиялык мааниге ээ. Так ушул проблеманын айынан мамлекеттер аралык мамилелер курчуп, сууну бөлүштүрүү, аны сактоо системаларын иштетүү боюнча маселелер курч мүнөзгө ээ болууда.

Акыркы учурда суунун таңкыстыгы социалдык-саясий мааниге ээ боло баштады. Борбордук Азия республикаларындагы демографиялык фактор, айдоо аянттарынын кескин өсүшү, айрыкча пахта талааларынын көбөйүшү акырындык менен суу таңкыстыгына алып келген. Ага кошумча аталган аймакта экологиялык проблема пайда болгон. Дарыялардын табигый нугун өзгөртүү Арал деңизинин соолушуна алып келген. Суунун жоктугунан бул аймактарда бир нече айыл-кыштактардын тургундарын башка жактарга көчүрүүгө зарылдыгы келип чыккан.

Борбордук Азиядагы суу көйгөйүнүн чечилбегендигинин себептери төмөндөгүлөр: региондогу мамлекеттер ортосунда сууну пайдалануу боюнча кайсы бир келишпестиктер жана түшүнбөстүктөр бар, алар кайсы бир деңгээлде өлкөлөрдүн ортосундагы мамилелердин курчушуна алып келиши мүмкүн; суу ресурстарына бай Тажикстан менен Кыргызстанга карата сууну пайдалануучу өлкөлөр болгон Өзбекстан, Түркмөнстан жана Казакстан тарап басым жасоо рычагдары катары алардын аймагы боюнча автотранспорттун жана жүргүнчүлөрдүн транзиттик өтүүсү учурунда атуулдардын кирүү жана чыгуу процесстериндеги текшерүүлөрдү күчөтүшкөн.

Суу ресурстарын пайдалануу көйгөйү бүгүнкү күндө өтө актуалдуу болуп саналат. Региондогу суунун негизги булактары калыптанып жаткан Тажикстан менен Кыргызстандын саясий, экономикалык, экологиялык коопсуздугу үчүн чектешкен мамлекеттер менен суу боюнча маселени жөнгө салуусу өтө маанилүү. Тажикстан үчүн суу-энергия ресурстарын рационалдуу пайдалануу көйгөйү бир гана экономикалык коопсуздук үчүн эмес, этностор арасындагы конфликттерди алдын алуу үчүн дагы стратегиялык мааниге ээ. Аталган көйгөйлөрдү чечүү үчүн укуктук база талар кылынат. “Кыргыз Республикасынын мамлекеттер аралык суу объекттерин, суу ресурстарын жана суу чарба курулуштарын пайдалануу жөнүндөгү” ылайык жана эл

аралык практикага жараша мамлекет коңшу өлкөлөрдөн көрсөтүлгөн кызматтар, башкача айтканда сууну топтоо, сактоо жана агызып жиберүү, ошондой эле коңшулар үчүн иштеген мамлекеттер аралык маанидеги гидрообъекттерди техникалык жактан камсыздоо үчүн компенсациялык төлөмдөрдү чогултуп алат. Сууну топтоо, сактоо жана жаз-жай мезгилинде Тажикстан менен Кыргызстандын суу сактагычтарынан сууну агызып жиберүү үчүн компенсациялык төлөмдөр маселесинин чечилбегендиги бул өлкөлөрдүн экономикалык коопсуздугуна түздөн-түз коркунуч туудурат. Бул шартта суу тосмолору менен суу сактагычтардын коопсуз абалын техникалык камсыздоо үчүн каражаттын жетишсиздиги экологиялык катастрофага алып келиши мүмкүн. Акыркы он жылдын ичиндеги окуялар күбө болгондой, сугат суусунун жетишсиздиги бир гана чарбалык эле көйгөйгө эмес, этностор аралык чыңалууга алып келүүсү, ал конфликтке айлануусу мүмкүн.

Мамлекеттик көз карандысыздык, улуттук коопсуздук маселелери чек ара маселесинин активдешүүсү менен актуалдашат. Көйгөйлүү абалдар басма сөз каражаттарында акыркы 12-15 жылдын ичинде бир нече жолу көтөрүлгөн.

Чек ара маселелеринин чечилбегендиги административдик-чарбалык мүнөздөгү көйгөйлөрдү жаратат. Мамлекеттердин чек арасында жайгашкан кээ бир агрардык жана өндүрүштүк объекттер алардын кимге тиешелүү экендиги боюнча талаштарды жаратат.

Чек араларды бир тараптуу делимитациялоо жана демаркациялоо факттарына караганда, чек ара маселелерине карата калк жыш жайгашкан Өзбекстан өзгөчө радикалдуу мамиле жасайт. Азыркы учурда өзбек-кыргыз чек арасында 140, өзбек-тажик чек арасында 700 дөй, кыргыз-тажик чек арасында 70 талаш жараткан чек ара участкалары бар. Кыргызстандын Өзбекстан менен болгон көйгөйлөрү, негизинен, Кыргызстан өз учурунда Өзбекстанга убактылуу пайдаланууга берген талаш участкалар менен байланыштуу.

1993-жылдын сентябрында эле БУУнун Башкы Ассамблеясынын 48-сессиясында Өзбекстандын президенти И.Каримов өз сөзүндө төмөнкүлөрдү

белгилеген: “Азыркы учурда Борбордук Азиядагы өлкөлөрдүн көпчүлүгүнүн ортосунда иш жүзүндө классикалык түшүнүктөгү чек аралар жок. Андыктан, бир гана географиялык себептер боюнча кайсы чекитте болбосун пайда болгон конфликттин бүтүндөй регионду каптап кетүү коркунучу бар” [224].

Азыркы учурда постсоветтик мейкиндикте иш жүргүзгөн КМШ, ОДКБ, ШКУ сыяктуу уюдар үчүн коопсуздук негизги маселе болуп саналат. Бул бирикмелер Москва үчүн биргелешип кабыл алган чечимдерди координациялоо жана кызматташуу механизми болуп саналат жана формалдуу түрдө уюмдар түрдүү максаттарды көздөгөнү менен, иш жүзүнө келгенде алардын функциялары көбүнчө дал келет. Уюмдардын башкаруу органдарындагы окшоштук  дагы өзүнө көңүл бурдурат. КМШ, ОДКБ, ШКУнун ортосундагы “жоопкерчилик зоналарын” бөлүштүрүү Борбордук Азиядагы коопсуздук көйгөйлөрүн мыктыраак чечүүгө өбөлгө түзөт.

Уюмдардын чегинде иштелип чыккан коопсуздук жаатындагы конкреттүү долбоорлор жөнүндө сөз кылганда, алар дагы башка форматтарда көп учурда кайталанганына басым жасай кетүү керек.

Мисалы КМШда Борбордук Азиядагы коопсуздукту камсыз кылуу үчүн үч проект бар: аба соккуларына каршы коргонуунун бирдиктүү системасы, элдештирүү ишмердүүлүгү, КМШнын Антитеррордук борбору. Регионалдык антитеррордук структура дагы ШКУда түзүлгөн, ал эми ОДКБнын чегинде аба соккуларына каршы коргонуунун жалпы системасы иштейт [90. 89-б.]. Мындай жагдай КМШнын коопсуздукту камсыздоо чөйрөсүндөгү функцияларынын кайсы бир бөлүгү башка уюмдарга өткөрүлүп берилген деген тыянак жасоого мүмкүнчүлүк берет.

Бирок, баса белгилей кетүүчү нерсе, КМШнын ролу акыркы жылдары бир кыйла төмөндөгөнү менен, айрыкча көз карандысыздыктын алгачкы жылдары аталган уюм Борбордук Азиядагы мамлекеттердин улуттук коопсуздугун уюштуруу жаатындагы көйгөйлөрдү чечүү процессинде жалпы саясий жана экономикалык мейкиндикти коргоону камсыз кылуу менен өтө маанилүү роль аткарды.

Шанхай кызматташуу уюму – көп профилдүү кызматташуу уюму, анын ичинде коопсуздукту камсыздоо менен трансулуттук коркунучтарга каршы аракеттенүү маселелери боюнча кызматташуу уюму. Уюм 1996-жылы калыптанган жана азыркы күнгө чейин активдүү иш жүргүзүүдө.

Ошол эле учурда эксперттер ШКУ коопсуздук көйгөйлөрүн чечүүдө али өзүн көрсөтө алган жок деп санашат.

Шанхай коопсуздук уюму Россия менен Кытайдын эле эмес, Борбордук Азиянын коопсуздук стратегиясын чагылдырат. Бул нерсе ШКУнун ичиндеги карама-каршылыктардын себеби болуп калды. Башында уюм “үч душман”: сепаратизм, экстремизм жана терроризм менен күрөшүүнү өз максаты деп белгилеген. Барып-барып бул көйгөйлөр Борбордук Азиядагы өлкөлөрдүн көпчүлүгү үчүн өз актуалдуулугун жоготот. “Шанхай бешилтигинин” бардык мүчөлөрү үчүн жалпы көйгөй болуп диний экстремизм көйгөйү калууда. Бирок уюм коопсуздуктун жаңы коркунучтарына да оперативдүү түрдө жооп кылууда жана Борбордук Азиядагы коопсуздукту камсыздоо үчүн, дегеле региондун жалпы өнүгүүсү үчүн болгон жоопкерчиликти өзүнө алууга даяр экендигин көрсөтүүдө.

Мисалы ШКУ Борбордук Азия мейкиндигиндеги коопсуздук системасынын курамдык бөлүгү болууга милдеттүү болгон Энергетикалык клубду түзүү проектин өнүктүрүүдө. Уюм ошондой эле маңзаттарды сатуу жана маңзаттарды Афганистандан мыйзамсыз ташуу иштерине каршы күрөшүүгө жумшайт.

АКШ үчүн Борбордук Азия стратегиялык жактан маанилүү регион болгондуктан, алар дагы бул аймакта стабилдүүлүктүн болушуна кызыкдар. АКШнын Борбордук Азиядагы коопсуздук стратегиясы болуп НАТО аскердик күчтөрүн 2001-жылдын 11-сентябрынан баштап Борбордук Азиядагы мамлекеттерде жайгаштыруусу саналат. Борбордук Азия АКШнын, Россия менен Кытайдын сеосаясий кызыкчылыктары кесилишкен борбор экендигине карабастан, жогорудагы мамлекеттер региондогу кырдаалдын дестабилдешип кетүү коркунучун баамдайт жана бири биринен бөлөк болсо

да, Борбордук Азиядагы коопсуздук көйгөйлөрүн чечүү үчүн кадамдарды ташташууда. Региондогу стабилдүүлүктүн негизги шарттарынын бири болуп мындан кийинки ички жана региондор аралык интеграциялашуу жана кызматташууга (анын ичинде төмөндөгүдөй жааттарда: транспорт жана коммуникацияда; отун-энергетикасы жана суу ресурстарын пайдаланууда; калкты диний-нравалык тарбиялоо, ислам экстремизми менен күрөшүү көйгөйлөрүнө карата көңүл бурууну күчөтүүдө макулдашылган саясат жүргүзүү) болгон умтулуу тенденциясы саналат. Бул ЕАЭБдин саммиттеринде, ошондой эле аймактагы жетекчилердин эки тараптуу жолугушууларында баса белгиленген.

# III БАП. КЫРГЫЗСТАНДЫН КОҢШУ РЕСПУБЛИКАЛАР МЕНЕН МАМЛЕКЕТТИК ЧЕК АРАСЫН КАЛЫПТАНУУ ПРОЦЕССИ

## 3.1. Аймактагы республикалардын өз ара мамилелериндеги чек аралык-аймактык маселесинин орду

Постсоветтик мезгилде Борбордук Азия республикаларынын ортосундагы өз ара мамилелеринде чек ара-территориалдык маселелер негизги орунда турган. Совет өкмөтү тарабынан жасалма түрдө түзүлгөн административдик чек аралар эми ири жаңжалдарга себеп болууда.

Мурунку союздук республикалардын ортосундагы чек араларды тактоо, жер тилкелерин аныктоо иштери татаал мүнөздө жүргөн. Анткени экономикалык жана аскердик жактан кубаттуу республикалар жер маселесин өз пайдасы үчүн чечүүгө аракеттенип келишкен. Бул өз кезегинде мамлекетер аралык мамилелерди гана татаалдантпастан, улуттар аралык байланыштарга да өз кедергисин тийгизген.

Борбордук Азиядагы республикалардын ортосундагы чек ара талаштарын экономикалык жана геосаясий фактор эле эмес, демографиялык кырдаал да күчөтүп турат. Жумуш миграциясынын күчтүү болушу аймактагы социалдык чыңалуу белгилүү бир деңгээлде басаңдатып турган.

Борбордук Азияда татаал, чаташкан чек ара сызыктарынын болушу жергиликтүү жарандардын бири-бири менен байланышуусуна тоскоолдуктарды жараткан. Мисалы, Тажикстандын борборунан Худжант шаарына баруу үчүн Өзбекстан аркылуу өтүү керек болгон, ал эми Кыргызстандын түштүк областтары Өзбекстандын аймагы аркылуу гана байланыштырылган. Совет мезгилинде түзүлгөн автомобиль, темир жол ж.б. жол каттамдары республикалар ортосундагы тыгыз байланышты бекемдөөгө багытталган эле. Эми көз карандысыздык шартында бул жолдор жаңы чек аралардын алкагында калып, өз мамлекетинин аймагында кеңири байланышууга тоскоолдуктарды жараткан. Ага кошумча катары кээ бир борбордуказия республикалары эч кандай жүйөлүү себептери жок эле

стратегиялык магистралдарды жаап салышкан. Натыйжада транспорттук коридорлор жоголуп, байланыш системасы татаалданган.

Этникалык мүнөздөгү территорияларды башаламан түрдө бөлүштүрүү, аныкталган чек аранын болбогондугу, суу байлыктарынын таңкыстыгы аймактагы социалдык-экономикалык кырадаалды курчутуп, ири конфликттердин болушун шарттаган.

Жогоруда айтылгандай өз кезегинде жерлерди туура эмес бөлүштүрүүнүн натыйжасында көптөгөн элдер өз республикаларынан сырткаркы аймактарда калып калышкан. Мисалы, 1999-жылдын баш ченindеги маалыматтар боюнча Өзбекстанда 1.2. млн. тажиктер, 967 миң казак, 216 миң кыргыз, 142 миң түркмөн; Түркмөнстанда (1995-ж.) – 407.1 миң, Кыргызстанда – 665 миң, Тажикстанда (2000-ж.) – 937 миң өзбектер жашашат [204]. Бул болсо өз кезегинде Өзбекстандан сырткаркы аймактарда эң ири өзбек диаспораларынын пайда болушуна алып келген.

Өз кезегинде мындай диаспоралардын саны бийлик тарабынан ар дайым азайтылып айтылып келинген. Расмий маалыматар боюнча Өзбекстандагы тажиктердин саны 1.5 млн., ал эми башка булактар боюнча алардын саны 5–6 млн. (9–10 млн. ) деп берилет. Бухара менен Самаркандда алар калктын басымдуу бөлүгүн түзүшөт [204].

Жогоруда айтылгандай азыркы күндө Өзбекстан, Тажикстан менен Кыргызстандын ортосунда бир катар территориалдык талаш, чечилбеген маселелери бар. Ал чек арага жакын жайгашкан айыл-кыштактар, эгин эгилүүчү аянттар менен байланышкан. Фергана өрөөнүндө калктын өтө жыш жайгашуусу, оор социалдык-экономикалык абал улуттар аралык байланыштардын чыңалышына шарт түзүүдө. Андан сырткары Өзбекстандын аталган аймактагы гегемондукка умтулуусу, анын коңшу мамлекеттер менен мамилесинин начарлашына алып келген.

СССР жоюлгандан кийин Өзбекстан менен Тажикстандын ортосундагы чек ара иш жүзүндө жабык бойдон калган. Баңги заттарды ташуу жана мыйзамсыз миграцияга каршы күрөшүү шылтоосу Өзбекстан чек аралык

текшерүүнү катаалдаштырган. Мамлекеттик чек араны делимитациялоо жана демаркациялоо иштерин аша чабуулук менен жүргүзүү, чек аранын узундугу боюнча атайын инженердик курулуштардын чынжырын жана талааларда миналарды орнотуу иш жүзүндө Тажикстанды транспорттук жактан курчоодо калтырган.

Тажиктер менен өзбектер азыркы эгемендүү республикалардын аймагына жараша отурукташкан эмес. Жогоруда айтылгандай бир нече миллион тажиктер Өзбекстанда, ал эми миллионго жакын өзбектер Тажикстанда калып кетишкен. Бул өз кезегинде этностор жана мамлекеттер аралык көп сандаган карама-каршылыктарды пайда кылууда.

Акыркы учурда Тажикстандын Согди областындагы бир нече өзбек анклавдары, алардын ичинде Канибадам районундагы Равот айылы, ал эми Өзбекстандын талаш аймактарында жайгашкан тажик айылдарынын жашоочулары менен өзбек чек арачыларынын ортосунда мезгил-мезгили менен конфликттер катталып турган.

Тажик-өзбек чек арасын миналардан тазалоо иштерин жүргүзүү курч маселелердин бири болуп саналган. Өзбекстан тажик тарапка эч кандай эскертүү жасабастан, делимитация, демаркация маселелери чечпей туруп эле мамлекеттик чек аранын 54 жер тилкелерине миналарды жайгаштырган [61]. Миналаштырылган талаалар тосулган эмес жана атайын белгилер коюлбаган.

Согдия областынын өзүндө эле акыркы учурларда миналардан 154 адам, жабар тартып, 76 киши курман болгон. “Миналык согуш” учурунда Өзбекстандын өзүнөн 150 жакын киши жабыркаган [61.]. Алардын ичинен бир да террорист же мыйзамсыз куралчан топтордун өкүлдөрү болгон эмес. Тажикстандын миналардан тазалоо боюнча Улуттук борборунун маалыматы боюнча миналаштырылган жерлердин көпчүлүк бөлүгү Өзбекстан менен чектеш Исфара и Пенжикен аймактарына туура келет.

Натыйжада акыркы он жылдыкта мина жаткырылган жерлерде жергиликтүү калктан жүздөй адам набыт болгон, 150дөн ашууну жаракат алган жана майып болгон, алардын 50% балдар түзөт [61.]. Расмий

Ташкенттин мындай аракеттери жөө аскерлерге каршы колдонулуучу миналарды пайдаланууну, өндүрүүнү тыюу салган 1997-жылдын 18-сентябрындагы Эл аралык Осло конвенциясына каршы келет [30. 34-б.].

Ташкент өкмөтү 2000-жылдын сентябрынан баштап Тажикстан менен Өзбекстандын атуулдарына өз ара каттоолору үчүн визалык режим киргизген. Бул Өзбекстандын калкынын 5% түзгөн тажиктер үчүн өтө азаптуу чечим болгон [30. 56-б.]. Ошол эле учурда көп тажиктер саясий кысымдын натыйжасында эл каттоо учурунда өзбек деп жазылып калышкан. 2009-жылы өзбек тарап бир нече жолу өзбек-тажик көзөмөлдөп-өткөрүү түйүндөрүн жаап салган, натыйжада жарандардын өз ара байланыштары токтотулуп, товарларды ташуу кыйындаган. Мындай иш аракеттер эки тараптуу өкмөттөр аралык мамлекеттик чек ара өткөрүү пункттары жөнүндөгү 2008-жылдын 12-февралындагы келишимди бузуу аркылуу ишке ашкан **[191].**

Өзбек тарап Тажикстан менен эл аралык автомобилдик жүргүнчү жана жүк ташуучу жол каттамдарды калыбына келтирүү, Душанбе – Ташкент аба каттамы боюнча эки тараптуу келишимге кол коюуну кечеңдетип келген.

2009-жылдын декабрында Ташкент Тажикстандын Согди областы аркылуу өткөн “Ташкент – Андижан” жана “Бухара – Андижан” жүргүнчүлөрдү ташуучу поезд жолдорун жаап салган. Натыйжада эки тараптуу мамилелер мурдагыдан да солгундап кеткен [191].

Совет доорунда Өзбекстан менен Кыргызстандын, Тажикстан менен Кыргызстандын (өзгөчө Памирде) чек аралары абдан өзгөчө аныкталган. Кыргыз-өзбек, кыргыз-тажик чек араларындагы негизги көйгөйлөр төмөндөкүлөрдөн турат: биринчиден, чек аранын өтүү сызыгын эл аралык нормативдик-укуктук негизде бекитилбегендигинде, жер, суу ресурстарынын, жайыттардын жетишпестигинде; экинчиден, мамлекеттик чек аранын кайтарылган бөлүктөрүндөгү калктын өтө жыш жайгашуусунда. Ошондой эле күнүмдүк керектелүүчү азык-заттарды, товарларды мамлекеттик чек ара аркылуу өткөрүү боюнча аракеттер дагы көйгөйлүү маселелердин бири болуп эсептелет. Мындан сырткары, тынымсыз түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп

тургандыгына карабастан, жергиликтүү калк мамлекеттик чек ара сызыктарынан өтүп кетүү фактылары катталууда. Мындай көрүнүштөргө бөгөт коюу максатында кыргыз-өзбек, кыргыз-тажик чек ара бөлүктөрүндө инженердик иштер жүргүзүлүп турган. Өзгөчө Ала-Бука, Баткенде ЕККУ (ОБСЕ) конфликттерди алдын алуу боюнча топторун түзгөн, алар чек аранын такталбаган бөлүктөрүндө конфликттерге жол бербөөгө багытталган комплекстүү иштерди жүргүзүү үчүн көрсөтмөлөрдү берет.

Фергана өрөөнүндөгү чек ара көйгөйлөрү 1999-ж. Баткен окуясынан соң өтө курчуп кеткен.  Жикчил күчтөрдүн кол салуусунан чочулап расмий Ташкент Тажикстан, Кыргызстан менен болгон чек араларга миналарды жаткыра баштаган. Жогоруда айтылгандай бул иш чаралардын натыйжасында карапайым калктын арасынан көп жоготуулар болгон. Өзбекстандын куралдуу күчтөрүнүн Сох жана Шахимардан анклавдарына жайгашуусу эл аралык эрежелерге каршы келип, кыргыз тараптын нааразычылыгын жараткан.

Баткен окуялары тажик-өзбек мамилелерине оолуттуу таасир тийгизген. 2000-жылы Тажикстанга чектеш Өзбекстандын Сурхандарыя областынын 18 кыштагында жашаган 5 миңден ашуу этникалык тажиктер Шарабад районундагы чөлгө көчүрүлгөн жана  Аба Аскер Күчтөрү тарабынан аталган кыштактардын баары  жок кылынган [229. 56-б., 193.]. Ташкенттин мындай антигумандык, деспотиялык саясатына аталган кыштактардагы тажик тургундардын ислам жикчил күчтөрү менен байланышта болгон деген маалымат шылтоо болгон.

2007-жылдын акырында расмий Душанбе Согди областынын чек арага жакын жайгашкан райондорунда жашап жаткан өзбектерге кысым көрсөтүп, мажбур түрдө тажик жарандыгын алдырышкан. Баш тарткан жарандардын мүлктөрү конфискацияланган жана республиканын сыртына чыгарылган. Этникалык өзбектерди республиканын ортосуна көчүрүү жана алардын ордуна тажиктерди отурукташтыруу, өзбектер калктын көпчүлүгүн түзгөн Согди областынын Шаартуз жана Турсунзаде райондорунда бир нече этап менен жүргүзүлгөн [193].

Борбордук Азиядагы мамлекеттер ортосундагы өз ара ишеним деңгээлинин төмөндүгү, улутчулдук саясатынын күчөшү жалпы өнүгүүгө, туруктуулукка жана коопсуздукка чоң зыян келтирген.

Эл аралык тажрыйба көрсөткөндөй, талаш жараткан чек ара маселелери тигил же бул өлкөдө оолуттуу экономикалык же саясий кыйынчылыктар учурунда (өзүнүн калкынын көңүлүн сырткы көйгөйлөргө оодара салуу менен маанилүү күнүмдүк "турмуштук ойлордон" алыстатуу) пайда болот. Өзгөчө мурда башка мамлекетке өтүп кеткен территориялар пайдалуу кен-байлыктарга бай экендиги билингенде (демек анын эсебинен мамлекеттик казынаны, ошону менен бирге өзүнүн жеке капчыктарын толтуруп алуунун мүмкүнчүлүктөрү пайда болгон учурда) популисттик өкмөт башчылары тарабынан көтөрүлө баштайт.

Азыркы учурда Борбордук Азияда территориялык проблемалар мамлекеттер аралык ири жаңжалдарга себеп болууда. СССРдин учурунда аныкталган чек араларды кайрадан карап чыгуу, талаш тартыштуу жерлерди аныктоо жана аларды укуктук жактан бекемдөө – республикалар аралык мамилелердеги эң маанилүү маселеге айланды.

Бүгүнкү күндө этникалык өзбектер Кыргызстандын түштүгүндө жана Тажикстандын түндүгүндө калктын басымдуу бөлүгүн түзөт, ал эми Өзбекстандагы Самарканд менен Бухара шаарларында негизинен тажиктер жашашат. Этностордун мындай жайгашуусу чек араларды тактоо процессин кечеңдетип, конфликттүү кырдаалдардын түзүлүшүнө алып келген.

Суу менен жердин таңкыстыгы Фергана өрөөнүдө мезгил-мезгили менен этностор арасындагы мамилени курчутууда. Изилдөөчүлөр белгилегендей, Фергана өрөөнүндө, Кыргызстандын Ош областында жана Тажикстандын түндүгүндө сугат жерлердин аянтын кеңейтүү мүмкүнчүлүктөрү жок. Борбордук Азия республикаларындагы калктын санынын кескин түрдө өсүшү алардын жерге болгон талаптын күчөшүнө алып келген. Аймактагы массалык жумушсуздуктун деңгээлинин жогору болушу да социалдык чыңалуунун күчөшүн шарттоодо.

Жогоруда айтылган ички проблемалардан сырткары аймактагы республикалар бир катар бирдей сырткы коркунучтарга дуушар болууда. Фергана өрөөнүндө жашашкан элдер тарыхый, маданий, экономикалык жактан бири-бири менен өтө тыгыз байланышкан, ошондуктан аймактагы сырткы коркунучтар жалпы мүнөзгө ээ. Аларга терроризм, баңги заттарды мыйзамсыз ташуу ж.б. атаса болот.

И.Каримовдун мезгилинде Өзбекстан жакынкы кошуналары менен болгон мамилелерде ар дайым катуу позицияда туруп, көпчүлүк учурда күч колдонуу аркылуу абалды ырбатууга чейин барган. Анын чек араларга жакын аймактарга аскердик күчтөрдү жайгаштыруу саясаты мамлекеттер аралык тирешүүнүн курчушуна алып келген. Өз кезегинде юридикалык жактан статусу аныктала элек жерлерди ээлеп алууга болгон аракеттердин жана чек араларды ыгы жок коргоону күчөтүүнүн айынан бир катар чек ара аймактарында инициденттер катталып, ондогон адамдар набыт болушкан.

Тажикстанда 1997-жылы жарандык согуш аяктаган соң чек ара маселелерин тактоо иштери башталган. 2000-жылдын жаз айларында Өзбекстандын демилгеси чек ара маселелерин тактоо боюнча биргелешкен комиссия иштей баштаган [224, 222]. Тараптар совет мезгилинде кабыл алынган документтерди проблеманы чечүүдө юридикалык негиз катары кабыл алышкан.

Ошол жылдын августунда Өзбекстандын Ислам Кыймылынын (ӨИК) атайын топторунун Тажикстандын аймагына кол салуусунан улам эки тараптуу сүйлөшүүлөр толук токтотулган [222].

Азыркы учурда Борбордук Азия республикаларында чек араларды демаркациялоо иштери уланууда. Өз кезегинде чарбалык мүнөздө чечилип калган жер маселелерин тактоо иштери бир топ кыйынчылыктарды жаратууда. Абалды оордоткон дагы бир фактор аймактагы тигил же бул мамлекеттин талаш жерлерди өз пайдасына чечүү үчүн күч колдонууга болгон аракеттери эсептелинет. Мындай ыкмаларды өзбек тарап кыргыз жана тажик коңшулары менен болгон мамилесинде колдонуп келген.

Чек ара көйгөйүн күч колдонуу менен чечүү аракетинин мисалы катары 2013-жылдын январында Фергана өрөөнүнүн кыргыз бөлүгүндө жайгашкан өзбектердин Сох анклавында болуп өткөн окуяны атоого болот. Ушундай эле конфликттер Өзбекстандын Ташкент жана Самарканд областтары менен чектешкен Тажикстандын Согди областында болуп өткөн. Алардын бири 2009-жылы Согди областынын Пенжикент району менен Өзбекстандын Самарканд областынын Ургут районунун ортосунда чыккан. Чек арада жайгашкан айылдардын жашоочуларынын жарандыгын аныктоо иштери конфликтке себеп болгон [213]. Бул айылдын жашоочулары болгон этникалык өзбектер өз жарандыгын аныктоого берилген убакытты пайдаланышпаган жана тажик паспортун алуудан баш тартышкан. Алар Өзбекстанга көчүүдөн баш тартышкан жана өзбек паспорттору менен аталган аймакта жашай беришкен. Пенжикент районунун жергиликтүү бийлигинин саясатына каршы болгон өзбектер чуу көтөрүшкөн. Натыйжада провокациянын айынан өзбек аскерлеринин бир бөлүгү күч менен Туркнуршово айылына кирип келишкен. Тажик чек арачылары кошумча күчтөрдүн жардамы менен аларды өз жеринен кууп чыгышкан [193, 213].

Тажикстан менен Өзбекстан 1 400 километрге созулган жалпы чек арага ээ, анын 80% азыркы күндө демаркацияланган [224]. Андан сырткары Тажикстандын түштүк жана түндүк (Турсунзаде, Шартуз, Ашта, Канибадам жана Согди областынын Спитамен районунда) аймактарында бир топ талаш жерлер болгон. И.Каримовдун мезгилинде трансчек ара аймактарында жашаган элдердин проблемалары, талаш жерлер боюнча сүйлөшүүлөр эч кандай майнап берген эмес. Анткени тараптар түрдүү позицияларда турушкан. Мисалы, расмий Ташкент Тажикстандын Гиссар, айрыкча Ленинабад аймактарына көз арткан. 2000-жж. баш ченинде Тажикстан Самарканд менен Бухарага ээ болуу жөнүндөгү доомattарын мамлекеттик деңгээлде көтөрө баштаган. Реалдуу түзүлгөн кырдаалды эске албай жасалган мындай демогогиялык чакырыктар эки тараптуу мамилени солкундаткан. Бүгүнкү күндө Душанбе Өзбекстан аркылуу өткөн транспорттук жолдордон

өтө эле көз каранды. Өз кезегинде расмий Ташкенттин популисттик саясатынан улам Хужант областында жашашкан өзбектер мезгил-мезгили менен автономияны алуу идеясын көтөрүп турушкан. Өзбекстандын баамында аталган обласда калктын басымдуу бөлүгүн өзбектер түзүшөт, бирок 1989-жылдагы акыркы бүткүл союздук эл каттоонун маалыматтары боюнча өзбектер бул областтагы калктын бар болгону 31.3% түзгөн.

Борбордук Азиядагы мамлекеттердин ортосундагы мамилелердеги чек ара талаштары гидроэнергетика көйгөйү менен да байланыштуу. Совет бийлиги учурунда Борбордук Азиядагы бардык республикалар бирдей деңгээлде энергия менен камсыз болгон, анткени алар электроберүүлөрдүн линияларынын бирдиктүү тармагына уланган болчу. СССРдин таркашы менен аларды байланыштырып турууучу "энергожиптер" үзүлгөн. Электроэнергияны өндүрүү объекттери Амударыя менен Сырдарыянын төмөнкү агымындагы мамлекеттердин пайдалануусунда калып, Тажикстан менен Кыргызстан үчүн ири проблемалар пайда болгон. Ошондой эле иликтенген жана совет бийлигинин доорунда иштетиле башталган табигый байлыктар (мунай, көмүр жана газ) да төмөнкү агымдагы мамлекеттердин территориясында калып кеткен. Натыйжасында табигый байлыктарга болгон баалар жана аларды Тажикстан менен Кыргызстандын территориясына жеткирүү шарттары аларга басым жасоо рычагдарына айланды.

Мындай өтө татаал шарттарда Тажикстан менен Кыргызстандын өкмөтүнө энергиянын ички булактарын издөөдөн башка арга калган эмес. Кичи электростанцияларын куруу иштери жүргөн, бирок аларда иштелип чыккан энергия аздык кылган. Электр энергиясынын жетишсиздиги өзгөчө кыш мезгилинде сезилген: турак жайлар жарыксыз калган, мунун баары, албетте, калктын турмушун татаалданткан. Ошондуктан совет мезгилинде башталган Тажикстанда Рогун, Кыргызстанда Камбар-Ата ГЭСтерин куруу иштери жандандырылган [213]. Өзбекстан менен Тажикстандын ортосундагы талаштын негизги себеби – тажик тараптын 2000-ж. Рогун ГЭСин Вахш

дайрасында, Амударыянын куймасына курууну көздөгөнүндө турган [74. 145-б.].

Кыргызстандын ГЭСтери “Камбар-Ата-1”, “Камбар-Ата-2” гидроэнергетикалык долбоорлоруна да расмий Ташкент каршылык көргөзгөн. Ага ачык мисал катары президент И. Каримовдун 2012-ж. Казакстанга жасаган визити учурунда суу үчүн болгон талаштар согуш менен аякташы мүмкүн экендигин айткан [209.].

Өзбекстан Рогун ГЭСинин айынан Тажикстанга карата каттуу саясат жүргүзгөн: өлкөгө кирүүгө тоскоолдуктарды жаратуу, транзиттик транспорт каражаттарынын кыймылына чектөөлөрдү киргизүү, кыш мезгилинде газ берүүнү токтотуу (эреже катары, декабрдын экинчи бөлүгүндө) ж.б. Өзбекстан Тажикстанга карата түрдүү ойлоп табылган доомattарды коюп келет. Өз кезегинде 1995-жылы Өзбекстан тарабынан кол коюлган Нукус декларациясында “Рогун ГЭСинин курулушун улантуу мыйзамдуу жана Борбордук Азиядагы мамлекеттердин укуктарын бузбайт” деп айтылган **[214].**

2009-жылдын акырынан баштап, Өзбекстан Тажикстанга багытталган темир жол унааларын узакка кармоо иштерин баштаган. Мындай саясаттын негизги мотиви катары Өзбек тарап Афганистанга жөнөтүлгөн аскердик эмес жүктөрдү транспорттоодо эл аралык милдеттенмелерди аткаруунун зарылдыгына жана темир жолдордун эскиргендигине шилтеме жасаган. Өзбекстанда создуктурулуп өткөрүлбөй турган жүктөрдүн ичинде Рогун ГЭсин курууга керектелүүчү курулуш материалдары жана техникалар да болгон. Түштүк Тажикстандын бардык темир жол байланышы өткөн Галаба-Амузанг линиясында 2011-жылдын ноябрында болгон жардыруудан кийин Ташкент бул участкадагы жүк ташууну толугу менен токтоткон [222]. Тажикстандын жетекчилеринин пикиринде бул Өзбек тараптын провокациясы болгон. Эки тараптуу аба каттамдары 1992-жылдан баштап жабылган, ал 2018-жылы гана жандана баштаган.

2013-жылдын январынан баштап Өзбекстан Тажикстанга жаратылыш газын жеткирүүнү таптакыр токтоткон. Өзбек газы Тажикстанда

пайдаланылган газдын 95% түзгөндүгүн эске салсак, Тажикстандын экономикасына оолуутту зыян келтирилген. Көптөгөн ишканалар, алардын газдан көмүргө өтүүгө мажбур болгон.

Тажикстанды иш жүзүндө экономикалык блокадада калтыруунун натыйжасында Өзбекстан тараптан  эки өлкө ортосундагы товар жүгүртүү 2007-жылдагы 300 млн. доллардан 2014-жылы 2.1 миллионго төмөндөгөн, ал эми республикалар ортосундагы товар алмашуунун потенциалы 500 млн. АКШ долл. түзөт [189].

Постсоветтик доордо өзбек-тажик мамилелери дээрлик бардык учурда конфликттүү мүнөзгө ээ болгон.

## 3.2. Кыргыз-өзбек чек ара проблемаларынын чечилиши

СССРдин кыйрашы евразиялык мейкиндикте ири өзгөрүүлөргө алып келди. Мурдагы саясий, идеологиялык, экономикалык жана маданий жактан бирдей территориалдык биримдиктин ордунда 15 көз карандысыз мамлекет пайда болду. Мында чек араларды тактоо маселеси негизги орунда турат.

Чек ара проблемасы бир катар факторлор (тарыхый, саясий, экономикалык, маданий, психологиялык) менен тыгыз байланышкан. Аны чечүү эл аралык мамилелердин тажрыйбасында көп жолу конфликттер, зордук-зомбулук, согуштар менен коштолуп келген, себеби территория улуттун кудуреттүүлүгүнүн жана коопсуздугунун негизги көрсөткүчү болуп саналат. Өлкөнүн территориясы улуттун өзүн таануу жана өзүн улуттук-саясий жактан аныктоо процессинде чоң мааниге ээ.

Мамлекеттик чек араларды тургузуу үчүн үч маселени чечүү зарыл: делимитация – чек ара менен байланышкан маселелерди принципиалдуу түрдө чечүү; демаркация – жер бети аркылуу боюнча өткөн чек араны так белгилөө үчүн материалдык иш чараларды жүзөгө ашыруу; чек араны түзүү – атайын жабдууларды орнотуу жана өткөрүү түйүндөрүнүн инфраструктурасын түзүү.

Кыргызстандын чек арасынын жалпы узундугу 4598 км. түзөт. Азыркы күндө кыргыз-тажик чек арасынын узундугу 990, 6 км. түзөт, анын 530 км. делимитацияланган, ал эми калган 448 км. талаш бойдон калууда. Кыргызстандын Өзбекстан менен чек арасынын узундугу 1308 км. түзөт, анын 76% такталган, ал эми 324 км. талаш бойдон калууда. Жалпысынан кыргыз-өзбек чек арасында 58 талаш жерлер бар. Кыргыз-казак демаркацияланган мамлекеттик чек аранын узундугу 1257, 07 км. түзөт. Кыргыз-кытай чек арасынын узундугу 1071, 8 км. түзөт.

2011-жылдын баш ченине карата алынган маалыматтар боюнча кыргыз-өзбек чек арасынын 1 378.44 километринин 1 058.83 км. боюнча тараптар өз

ара макулдашууларга жетише алышкан, ал эми 320.3 км. түзгөн чек аранын 61 жер тилкеси боюнча маселе талаш боюнча калууда **[212].**

Кыргызстандын Өзбекстан болгон талаш чек аралары Жалал-Абад жана Талас областтары боюнча өткөн. Барак жана Сох анклавдарынын, Гава жана Гава-Сай өзөндөрүнүн айланасындагы жерлер боюнча талаш маселелер да бүгүнкү күнгө чейин чечилбей келүүдө.

1999-жылы Өзбекстандын КМШ өлкөлөрү үчүн визасыз режим жөнүндөгү Бишкек келишиминен чыгып коңшу өлкөлөр менен визалык режимди орнотуп, мамлекеттик чек араны бир тараптуу жаап, чек ара күзөт жайларын орноткон. Бул иш аракеттер И.Каримовдун режимине каршы илсамчыл күчтөрдүн бир катар террористтик иш аракеттеринен улам ишке ашкан. Террористтердин кол салуусун майтаруу максатында жасалган Ташкенттин мындай кадамдары коңшулаш мамилекеттер менен болгон мамилелердин солкундашына алып келип, жарандардын өз ара каттамдарына бөгөт койгон. Натыйжада тууган элдердин ортосундагы тарыхый байланыш үзүлө баштаган.

Визалык режим эки мамлекеттин элдери ортосундагы баарлашууну татаалдантты, виза алуучу консулдуктар Бишкек менен Ташкентте гана жайгашкандыгы да кошумча тоскоолдук жаратты. Андан сырткары, визалык режим киргизүү менен мурда болуп көрбөгөндөй кырдаал түзүлдү. Кыргызстандын атуулдары республиканын бир областынан экинчисине жетүү үчүн виза алууга мажбур боло башташты. Бул көйгөй чек аранын бери жагында жашаган, ал эми чек аранын аркы жагында иштеген жана туугандары бар этникалык өзбектер менен тажиктер үчүн өтө курч болгон. Өзбек өкмөтүнүн мындай кадамдары үч республиканын чек ара көзөмөлдөөчү түйүндөрүндө майда кагылышуулардын жана жаңжалдардын ири толкунун пайда кылган.

Кыргыз-өзбек чек арасы формалдуу түрдө мамлекеттик эмес, административдик-территориалдык бойдон калууда, анткени анын делимитациясы менен демаркациясы жүргүзүлгөн эмес, бул болсо белгилүү

көйгөй жаратат. Талаш территориялардагы чек ара сызыктарын эч кандай алдын алуу белгилерин койбой туруп, бир тараптуу түрдө мина талаалары менен курчоо эл аралык укук нормаларына эле эмес, түбөлүк достук жөнүндөгү эки тараптуу келишимдерге да каршы келет. Натыйжада 2001–2002-жылдары бул миналарда 13 карапайым жарандар каза болушкан [229. 45-б.].

2004-жылдын июнунда Өзбекстандын өкүлү Венадагы ЕККУнун Туруктуу Кеңешинин атайын отурумунда мамлекеттик чек ара тилкелерин минадан тазалоо боюнча маселени карап чыгууга даяр экенин билдирген.

Ошол жылдын июль-августунда Айдаркен, Баткен, Сох, Кувасай айылдарында Кыргызстан менен Өзбекстандын Чек ара кызматтарынын өкүлдөрүнүн бир катар жолугушуулары болуп өткөн. Сүйлөшүүлөрдөн кийин өзбек тарап өзүнүн Сох жана Шахимардан анклавдарынын ортосундагы территориясын миналардан тазалоого киришкен [183, **209].** Өзбекстанга эл аралык уюмдар тарабынан, мисалы ЕККУ тарабынан жардам сунушталганы менен, республика аталган жер тилкелерин миналардан тазалоо процессин өзүнүн күчү менен гана жүргүзгөн.

Ошентип, өзбек-кыргыз чек ара инциденттеринин толкуну Өзбекстандын өз чек араларын бекемдөөгө киришкен 2000-жылга туура келген, экинчиси – 2005–2006-жылдарга туура келген, Андижандагы кан төгүлгөн толкундоолорду (2005-жылдын майында) токтотуудан кийин Өзбекстандан коңшу өлкөргө качкындардын агымы күч алган. Ташкент Кыргызстанды анын территориясында Андижанда “козголоң” уюштурган террористтер даярдануудан өтүшкөн жана өтүүдө деп күнөөлөгөн.

Эки мамлекет ортосундагы чек ара көйгөйлөрүнүн чечилбегендиги ынак коңшулук мамилелердин сакталуусуна күмөн жаратат, ар дайым эки республиканын өкмөтүн чыңалууда кармайт. Чек аранын өз башынча жылдыруу аракеттерине  жергиликтүү эл гана каршылык көрсөтүүдө.

Кыргызстан менен Өзбекстандын чек ара боюнча сүйлөшүүлөрү 2000-жылдын февралында башталган (жалпысынан 21 жолу жолугушуу өткөрүлгөн) [178].

Өзбекстан менен болгон жер-территориалдык жана өз ара чарба мамилелер чөйрөсүндө Кадамжай, Баткен, Ош областынын Араван жана Кара-Суу райондорунда 60тан ашуун жер тилкелери талаштуу деп аныкталган [60. 16-б.].

Бүгүнкү күндө Кадамжай районунун 654.5 гектар жерлери Өзбекстандын Фергана областынын Фергана, Риштан, Алты-Арык райондорунун чарбалары тарабынан мыйзамсыз түрдө иштетилип жатат. Бул аймакта Өзбекстандын мекемелеринин 10 эс алуу зонасын эсепке албаганда, 2 областтык маанидеги ири өндүрүш объекти: Фергана нефть иштетүү базасы – 53.8 га, Түндүк Сох суу сактагычы – 317.5 га бар [9. 12-б.].

Андан сырткары, 1994-жылдын мартында Кадамжай районунун чек арасында (Фергана районунун Жавагы деген жеринде) Кыргызстан менен макулдашпастан туруп өзбек тарап экологиялык зыяндуу карбид өндүрүүчү заводду (өндүрүштүн кубаттуулугу – жылына 200 миң тонна карбид) курган жана мыйзамсыз түрдө аталган райондун Арпалык карбид сырьесун иштетүүнү көздөйт. Жер талаштарынын чечилбегендиги Өзбекстанга бул райондун территориясынан нефть менен газды сордуруп алууга мүмкүнчүлүк берет. 175 нефть жана 14 газ скважиналардын азыркы күндө 60 нефть жана 11 газ скважинасы иштеп, суткасына 80 тонна нефть менен 20 000 куб метр газ өндүрүп алууда.

Чек арадагы Шархан-Сай дайрасынын аккан нугун түздөөнүн негизинде Кара-Суу районунун территориясынын бир бөлүгүн түзгөн 110 гектар жер Андижан областынын Коргон-Төбө районуна өтүп кеткен.

1995-жылы Өзбекстандын Мархамат районуна узак мөөнөткө ижарага берилген Араван районунун 6885 гектар кайрак мал жайыт жерлери боюнча талаштар жаралууда, аренда акысын төлөө али жүргүзүлгөн эмес. Ошондой эле 1991-жылы өткөрүлгөн жерди инвентаризациялоого ылайык

Өзбекстандын Мархамат районунун пайдалануусунда турган Араван районуна тиешелүү 159 гектар айдоо аянты, 134 гектар сугат жүргүзүү тармактары, 41 гектар жерде көп жылдык дарактар бар экендиги аныкталган [97. 12-б].

Андан сырткары, Кыргызстан менен Өзбекстандын кээ бир талаш туудурган территориялары аскердик совхоздорго айландырылган. Кыргызстандын Кызыл-Кыя шаары менен Өзбекстандын Кувасайынын ортосундагы чек ара бир бөлүгү Кыргыз Республикасынын территориясында жайгашкан бакты пайдалануу максатында аскердик совхозго айланган.

Азыркы учурда кыргыз-өзбек мамилелеринде анклав көйгөйлөрү өтө курч турууда.

Белгилүү болгондой, анклавдар мурдагы СССРдин көптөгөн мамлекеттеринде бар. Алар мамлекеттер аралык ири жаңжалдардга себеп болууда. Мисалы, тоолуу Карабах, анын айынан Армения менен Азербайджандын ортосунда 1988-жылы конфликт пайда болгон.

Мындай кызыктай түзүлмөлөр Кыргыз Республикасынын территориясында да бар. Эң эле конфликттүүсү – Баткен областында жайгашкан Өзбекстандын Сох анклавы.

Өзбекстандын Сох анклавы 1955-жылы пайда болгон. 1991-жылдан баштап Өзбекстан анклавга кыргыз жолдору менен эркин кирип-чыгып турган.

Анклавдын аянты 325 кв. км. түзөт, ал эми калкы – 19 кыштакта жашаган 52 миң адам, улуттук курамы боюнча – калктын 99% этникалык тажиктер, 0.72% - кыргыздар. Анклавдын стратегиялык мааниси – Кыргызстандын батышындагы транспорт магистралдарын текшерүү [43. 56-б].

1961-жылдын 30-мартында Кыргыз ССРинин Жогорку Президиумунун жарлыгы менен бекитилген мамлекеттик чек аранын сүрөттөлүп жазылышына ылайык, Өзбекстанстандын Чонгара жана Сох участкаларынын чек арасы эки анклав – Кыргыз Республикасынын Баткен областынын ичинде жайгашкан бөлөк участок болуп көрүнүп турат. Бирок өзбек тараптын кол коюлган

алмашуу топографиялык картасында өзбек-кыргыз чек арасы аталган анклавдар Өзбекстандын территориясы менен бириктирилип сызылган, иш жүзүндө көз көрүнөө анклавдарды жоюу жасалган.

Жыйынтыгында Өзбекстан иш жүзүндө Баткен областын эки түрдүү жерде жайгашкан анклав-участокко айландырып, Баткен областынын Баткен жана Кадамжай райондорунун 10.3 гектар жерин өз территориясына киргизип алууну көздөйт.

Чек ара, анклавдар боюнча пикир келишпестиктер жана конфликттер ар дайым пайда болуп турат. Чектешип турган кыштактардын жашоочулары, көбүнчө жакын туугандар,  Союз маалындагыдай тоскоолдуксуз өтүү мүмкүнчүлүгүн жоготушкан, мурда чек ара символикалуу мааниге ээ болгон. Жер участкалары, мал багуучу жайыттар, суу ресурстарына ээ болуу, жүк ташуу боюнча талаш-тартыштар пайда болду. Конфликт маалында тараптардын ар бири жердин тиги же бул участогуна дооматтарды коюу менен жолдорду жабат.

Анклавдар көйгөйү – бул этникалык жерлерди бир жерден эмес, ар жерден бөлүштүрүүнүн кесепети. Кыргызстанда Сохтон башка дагы бир өзбек анклавы – Шахимардан, ал эми Өзбекстандын территориясында кыргыз айылы Барак жайгашкан. Агрардык калк өтө жыш жайгашкан бул жерде чек ара жана суу, айыл чарба жерлери үчүн талаштар шартында ар дайым конфликттер пайда болуп турат.

Ташкент мурдатан эле Сохту Өзбекстанга бириктирген коридорго ээ болууну көздөп  келген. Шахимардан өзүнүн санаторийлери, эс алуучу жайлары менен белгилүү. Бишкек акыркы жолу Шахимарданга болгон дооматтарын 2004-жылы билдирген. Ага жооп катары Ташкент анклавга аскерлерин киргизип, абал курчуган.   Совет мезгилинде Кыргызстандын бул аймагы мыйзамсыз түрдө Өзбекстанга өтүп кеткен.

2004-ж. кыргыз парламентинде кыргыз-өзбек чегара, анын ичинде Шахимардан маселеси каралган. Депутат Исмаил Исаковдун пикиринде

Шахимардан эки мамлекет ортосундагы талаштуу чегара аймактарынын катарына кирбейт.

Анткени, бул курорттук жай СССРдин мезгилинде эч кандай документ менен негизделбестен эле Өзбекстандын жогорку жетекчилигинин эс алуусу үчүн берилген. Ошондуктан, бул аймакты талаш-тартышсыз эле сүйлөшүү жолу менен Кыргызстан өз карамагына алышы керек экендиги айтылган. КРнын ошол мезгилдеги премьер-министри Н. Танаевдин айтымында, Шахимарданды кыргыз тарап өзүнө алуу үчүн өкмөт эки жылдан бери сүйлөшүү жүргүзүп кела жатканын белгилеген. Эки тарап талаштуу 77 жер боюнча бир пикирге келе албай жатышат **[173.].** Мамлекеттик тиешелүү кызматкерлер талаштуу жерлерди узак мөөнөттүү жана сабырдуу мамилени талап кылган оор маселе катары баалап жүрүшөт. Парламент мүчөлөрүнүн айрым бөлүгү болсо кыргыз өкмөтүнүн чегара проблемасына батыл кирише албай жаткандыгынын кесепетинен Кыргызстан тарап көбүрөөк жабыр тартып жатат дешет. Маселен, депутат Алишер Абдимомуновдун айтымында, Өзбекстан менен чектеш Араван районунун эли жерге, жолго, сууга байланыштуу тоскоолдуктарга тынымсыз кирептер болушат. Ал эми А.Бекназаровдун маалыматына караганда, Өзбекстан Аксы районунун аймагынан 400 гектар айдоо жерин мыйзамсыз эле пайдаланып келген. Бул райондо 132 чакырым талаштуу жер бар. Айрым чегара чийини аркылуу өткөн кыргыз айылдарында абал оор болгон. Мисалы, 18 үй бүлөнүн короосу Өзбекстанда, үйү Кыргызстанда болгон учурлар кездешет. Кыргыз тарап аларды Өзбекстанга көчүрбөй, жерди өзүнүкү экенин далилдөөгө аракеттенишкен. Жогоруда айтылгандай чек араларды тактоодо тараптардын позициясынын түрдүүчө болушу жана алар таяна турган документтер боюнча кайчы пикирлер чоң тоскоолдуктарды жараткан.

2004-жылдын 6-сентябрында кыргыз-өзбек чегара маселесин чечүү боюнча биргелешкен комиссия Ташкенде өз ишин алып барган.

Кыргызстандык делегацияны тышкы иштер министринин орун басары Лидия Иманалиева баштап барган.

Бирок сүйлөшүүлөрдө Шахимардан жана Сох анклавдары боюнча маселелер каралган эмес. Расмий Ташкент бул аймактарды совет доорунда алынган Өзбекстандын жерлери катары караган **[173.].**

Кыргызстан менен Өзбекстандын ортосундагы дипломатиялык мамилелер 1993-жылы түзүлгөн, ал эми үч жылдан кийин мамлекеттер ортосунда Түбөлүк достук келишимине кол коюлган. Келишимге ылайык, өлкөлөр экономикалык биримдик менен мамлекеттердин чек араларынын бүтүндүгүн жана достук мамилелерди колдоп турууну макулдашышкан.

Мамлекеттер ортосунда алгачкы жолу чек араларды тактоо аракеттери 2000-жылы башталган. Бирок тараптар мамлекететтик чек араларды тактоо үчүн ар жылдары чыгарылган документтер менен карталарды сунуштап келишкен. Анда 1378 чакырым жер талаштуу болуп калган.

Сох анклавы. Эки өлкө 2001-жылы биргелешкен мамлекеттик чек араны делимитация жана демаркациялоо боюнча кыргыз-өзбек меморандумун кабыл алышкан.

Кыргызстандын президенти А.Атамбаев 2015-жылдагы жыйынтыктоочу маалымат жыйынында 2001-жылдагы келишим Кыргызстандын Баткен облусунда жайгашкан Сох өзбек анклавына тийиштүү болгонун билдирген.

Өзбек дипломаттары 2001-жылы Өзбекстанды Сох анклавынан бөлүп турган Кыргызстандын 10 миң гектардан ашуун жерин Өзбекстандын карамагына өткөрүп берүүнү же Өзбекстанды анклав менен байланыштырып турган негизги авто жолду берүүнү сунушташкан.

Кыргызстанда өзбек дипломаттарынын сунуштарына каршылык көрсөтүлүп, бул эки мамлекеттин ортосундагы мамилелердин бузулушун жараткан.

Бирок ошол эле 2001-жылы Кыргызстан менен Өзбекстандын бийлиги жашыруун меморандумга кол коюшкан, ага ылайык кыргыз тарап Сох анклавын Өзбекстан менен байланыштырган коридор ачып бериши керек

болчу. Ал эми өзбек тарап Кыргызстанга башка жерден бирдей теңдеш жер бөлүп берүүгө макул болгон.

Ошол кезде сүйлөшүүлөргө катышкан мурдагы вице-премьер-министр Базарбай Мамбетовдун айтымында, ал учурда премьер-министр болуп турган Курманбек Бакиев эртеси күнү эле документти тышкы иштер министрлиги (ТИМ) аркылуу артка чакыртып алган.

Ал эми ошол учурда 2003-жылы узакка созулган сүйлөшүүлөрдөн кийин мамлекеттер 1378 чакырымды түзгөн бирдиктүү чек аранын ичинен 654үн делимитацияланган эле.

Кыргыз-өзбек талаштуу чек араларын аныктоо боюнча сүйлөшүүлөр 2011-жылы башталган. Анда өзбек тарап 2009-жылдын декабрында ошол кезде мурдагы премьер-министр Данияр Үсөновдун Ташкенге барган иш сапары учурунда айрым жерлерди кайра карап чыгууга макулдук берген протоколун көрсөткөн.

Кыргызстандын мурдагы президенти Роза Отунбаеванын маалыматына ылайык, 2011-жылдын башында делегациялар деңгээлинде чек аранын 1378,44 чакырымынын ичинен 1058,83 чакырымы боюнча макулдашууга жетишкен **[213].**

Ал учурда 2011-жылы Кыргызстандын мурдагы премьер-министри А. Атамбаев учурдагы Өзбекстандын премьери Ш. Мирзиёев менен Ташкенде иш сапары учурунда жолуккан. Жолугушууда чек араларды делимитациялоо маселелери талкууланган.

Ошондой эле, 2012–2014-жылдар аралыгында сүйлөшүүлөр учурунда Кемпирабад менен Касансай (Орто-Токой суу сактагычы) суу сактагычтары, Барак кыргыз анклавы менен өзбек Шахимардан анклавдарына жол ачуу, 2010-жылы жабылган чек арадагы көзөмөл-өткөрүү пункттарын ачуу жана көгүлтүр от өндүрүү кендери боюнча маселелерди талкууланган.

Ал эми 2014-жылы кезектеги сүйлөшүүлөр учурунда өзбек тарап чек аранын болгону 701 чакырымын гана тааный турганы белгилүү болгон. Ошол жылы Өзбекстан Ошко газ берүүнү жандантуунун ордуна Сох анклавына

коридор ачып берүүнү жана Нарын дарыясына ГЭС курууну токтотууну талап кылган. Кыргызстан Өзбекстандын талабын аткаруудан баш тарткан.

Кыргыз өкмөтү 2015-жылдын августунда кыргыз-өзбек чек араларын макулдашуу боюнча келишимдин долбоорун даярдап жатканы белгилүү болгон. Анда чек аралар маселелери боюнча адис С.Аламанов өзбек тарап такталган 200 чакырым жерди алып салып, келишим түзүүнү сунуштаганын билдирген.

Анда дагы кыргыз делегациясы ал сунуштун түрүнө макул болбой, өзүнүкүн сунуштаганы белгилүү болгон. Натыйжада аталган өкмөттүн долбооруна кол коюлган эмес.

Чек аралар боюнча маселелер 2016-жылы кайра күч алган. Президент А. Атамбаев менен Өзбекстандын өлкө башчысы Ш. Мирзиёевдин ортосундагы телефондук баарлашуу учурунда тараптардын кыргыз-өзбек чек араларын делимитация жана демаркациялоо маселелери ийгиликтүү чечилиши керектиги боюнча өз ара кызыкчылыктар бар экени тастыкталган.

Апрель айында Кыргызстан менен Өзбекстандын бийлиги миңге жакын чакырым чек араны тактоо боюнча келишими түзгөнү белгилүү болгон. Документке ылайык, эки өлкөнүн ортосунда чек араларды тактоо боюнча бири-бирине дооматтары жок болушу керек.

Келишимге өлкө башчылар Ш. Мирзиёев Кыргызстанга алкачкы жолу 2017-ж. келген учурда президент А. Атамбаев менен жолукканда кол коюушкан.

Өз кезегинде Кыргызстандын президенттик аппаратынын тышкы саясат боюнча бөлүмүнүн башчысы Айзада Субакожоева Өзбекстан менен Кыргызстандын ортосунда такталууну талап кылган 200 чакырым мамлекеттик чек ара гана калганын билдирген.

Учурда стратегиялык жерлер талаштуу болуп калууда. Алардын негизгилери — Кемпир-Абад суу сактагычы, Жалал-Абад облусундагы Гавасай жери менен Баткен облусундагы Сох анклавынын айланасындагы аймак.

«Ал жакта бизге жана Өзбекстанга дагы кызыкчылык жараткан жерлер бар. Алар боюнча өзүнчө сүйлөшүүлөргө барып, караш керек. Чек аралардын толук делимитациясы жөнүндө эки тарап талаштуу жерлер боюнча чечим чыгаргандан кийин кеп кылса болот. Ошондон кийин гана эки өлкө ортосунда протоколго кол коюлат», — деп билдирген КР чек аралар маселелери жана коопсуздук менен укук тартиби боюнча вице-премьер-министр Абдрахман Маматалиев **[212.].**

Борбордук Азиядагы көптөгөн өлкөлөрдөн айырмаланып, Өзбекстан жеке масштабдуу геосаясий долбоорго ээ. Өлкөнүн саясий элитасы өз мамлекетин диндин, илимдин жана искусствонун гүлдөп өскөн борбору Самарканд Тамерландын ири империясынын мураскору катары санайт.

Тарыхты мындай идеологиялык чечмелөө өзбек элинде өзүн коңшулардан жогору санап, улуттук аң-сезимди бекемдөөнү көздөйт. Өлкөнүн “башкалардан өзгөчө” экендигин пропагандалоо советтик доордон кийинки биринчи жылдары Өзбекстандын экономикалык күчтүүлүгү менен бекемделген, анткени ага СССРден эң жакшы өнүккөн өндүрүштүк потенциал, ошондой эле Советтик Армиянын басымдуу бөлүгү мураска калган.

Анын ыңгайлуу географиялык абалы (Борбордук Азиянын ортосунда), сырьелук жана энергетикалык базасы, ошондой эле чоң адам ресурстары коңшулары менен эсептешпестен туруп саясий курс жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Кээде бул ачык басым көрсөтүү мүнөзүнө ээ боло баштайт. Мисалы, 2001-жылдын февралындагы эки тараптын чек ара боюнча комиссиясынын кезектеги отурумунда Өзбекстан Кыргызстанга жаратылыш газын жеткирүүнү Сох анклавынын районундагы территорияларды өзүнө өткөрүп алуу менен байланыштырууга умтулган. Бул талаптардын мааниси – Кыргызстандын территориясынын белгилүү бир бөлүгүн өзүнө өткөрүп берүүнү сунуштаган, бул Өзбекстанды Сох анклавынан өз республикасына кирүүчү кеңири коридор менен камсыз кылуу менен бирге жалпы аянты 11 миң гектар нефть менен газы бар жерлерге ээ болууну көздөгөн.

Кыргызстанга анын ордуна Сохтун түштүк бөлүгүн берүүнү сунуштаган. Кыргыз тарап мындай келишимге кол коюуну өзү үчүн пайдасыз деп тапкан, анткени бул учурда өлкөнүн эки району – Лейлек менен Баткен – дээрлик толугу менен башка территориядан кесилип калмак.

Бул сүйлөшүүлөрдүн дагы бир өзгөчөлүгү – комиссиянын отурумунун алдында, 25-январда Кыргызстандын түндүгүнө кыштын эң суук убагында газ берүү токтотулган. Башкача айтканда, чек ара көйгөйлөрүн чечүү үчүн өзбек тарап коңшусуна "газ" боюнча басым көрсөткөн. Бул "аргументти" пайдаланып, натыйжа чыкпагандан кийин, Ташкент андан да оолуттуу далил издеп тапты – өзбек территориясындагы кыргыз анклавдары. Бул көйгөйдү чечүүдө Өзбекстан үчүн өз территориясында кыргыз анклавдарына ээ болуу пайдалуу, себеби мындай аргумент "газ" басымына караганда оолуттуураак. Чек ара маселелерин чечүүдөгү "жаңы далил" болуп пайдаланган "анклавдык соодалашуу" Ташкент менен Бишкектин ортосундагы оолуттуу көйгөйлөргө жана узак убакыт каршылашуусуна алып келет.

Ошентип, совет доорунда анклавдык сапаттары жок Барак айылы Өзбекстандын чек ара кызматтары де-факто түрдө анклав статусуна ээ болду. Чек аралык жөнгө салуу комиссиясынын кыргыз тарабынын эксперттеринин ою боюнча Өзбекстан СССР урагандан кийин коңшулары менен чек ара маселелерин чечүү канчалык татаал болоорун алдын ала билип, Сох жана Шахимардан анклавдары боюнча контраргументтерди издөөгө бардык күчүн үрөгөн. Ал "чыгармачылыктын" натыйжасы – Өзбекстандын Андижан областындагы анклавы. Кыргызстан Өзбекстанга өтүүгө аракет кылып жаткан ӨИК аскерчендери менен согушуп жатканда, официалдуу Ташкент Бишкекти факт алдында койгон. Эгерде Сохто 52 миң өзбек жашаса, Баракта 121 үй-бүлө кыргыз жашайт [163. 23-б]. Бул айылдын территориясы да Сохтон ондогон эсе кичине. Өзбекстандын куралдуу күчтөрү Сох анклавынын жанындагы кыргыз территориясынан 150–200 метр кошуп алып, жөө аскерлерге каршы миналарды орнотсо, Барак айылынын айланасындагы жерлерге эч ким мина орноткон жок. Сохто Өзбекстандын регулярдуу

армиясынын басымдуу күчү жана аскердик мүлкү жайгашкан, бул аймактын моралдык-психологиялык абалына тескери таасирин тийгизүүдө. Ал эми Баракта Кыргызстандын аскердик түзүмдөрү жок. Ошондуктан, Бишкек Өзбекстандын Сох анклавынын көйгөйүн чечүүдө (жана ага коридор берүүдө) бул айыл Кыргызстанга басым жасоочу рычаг боло албайт деп санайт.

Кыргызстан менен Өзбекстандын чек арасын тактоо узак жана татаал процесс. Эксперттердин пикири боюнча тараптардын өз анклавдары боюнча көйгөйлөрүн чече албоосу жерлерде чыңалууну гана сактабастан, союз убагында курулган жолдордон башка айланма жаңы транспорттук маршруттарды куруу иштерин күчөтүүгө, экономикалык чыгымдарды көбөйүшүнө алып келет. Азыркы учурда эки республика тең чек аралардын кесилишинен качып, автомобилдик жана темир жол инфраструктураларынын өзгөртүүгө ири каражаттарды жумшап жатышат.

2010-жылдын майында Сох өзбек анклавы конфликттин чордонуна айланган. Мындагы инциденттин себеби – кыргыз бийлигинин мурда ижара шартында пайдаланылып жүргөн жайыттарды өзбектерге берүүдөн баш тартуусу. Кийинчерээк аныкталгандай, өкмөттөр аралык келишимдин жаңы версиясынан жайыттарды арендага алуу жөнүндөгү пункт жок болуп кеткен, Сохтун жашоочулары аны төлөй алган эмес. Бирок муну аныктаганга чейин иш коркутуп-үркүтүүгө, мушташууга, анклавдын жашоочулары суу менен жолдорду тосууга чейин жеткен. Ташкенттин кийлигишүүсү гана кан төгүүнүн алдын алып калган.

Ошол жылдын 1-июнунда Фергана областынын Вуадиль кыштагында Кыргызстандын Баткен областынын губернатору С.Айжигитов менен Өзбекстандын Фергана областынын губернатору Х.Мусаевдин, чек ара кызматтарынын, чек арага жакын жайгашкан райондордун милицияларынын жетекчилеринин катышуусу менен сөйлөшүүлөрү болуп өткөн [187.]. Ушул учурда Кадамджай районунун айимиятынын алдында 300 ашуун киши чогулуп чек ара маселесин позитивдүү негизде, жергилиуктүү калктын кызыкчылыктарын эске алуу менен чечип берүүнү талап клышкан.

Жогоруда айтылгандай сүйлөшүүдө тараптар үч талаш маселени карашкан: Баткен жана Фергана областын бириктирген чек ара аймагында көзөмөлдөө түйүнүн жабуу; сугат иштери боюнча суу маселеси; өзбек чабандарынын жергиликтүү жайлоолорду пайдалануусу.

Баткен району менен Сох анклавынын чектеш чек арасында мамлекеттик чек ара сызыгы боюнча тараптар жалпы чечимге келе элек 7 талаш жер бөлүгүнө ээ [95.]. Аларга эки өлкөнүн калктуу конуштары жана алардын айыл чарба жерлери танапташ жайгашкан. Ал эми чек ара сызыгы боюнча бир пикирге келүү кыйынчылыгы бул айыл калкынын чарба жүргүзүүдөгү пикир келишпестиктери менен байланышкан. Аталган чек ара аймактарында болуп өткөн окуялар кайсы гана тараптын болбосун калпыс аракети адам курмандыктары жана материалдык баалуулуктарды жок кылуу менен коштолгон этно-аймактык чыр-чатактарга түрткү болорун көрсөттү. Улуттар ортосундагы эл аралык мүнөздөгү чыр-чатак дайым чыгып турган участкалар – кыргыз айылдары Согмент менен Чарбак (Кыштуу айыл округуна караштуу) жана өзбек айылы Хушьярдын аймактары чектешкен Сох анклавынын түштүк-батыш булуңу. Анклавда жашаган өзбек жана кыргыз чек арачыларынын ортосундагы биринчи кагылышуу 2010-жылы 26-майда, кыргыз чек арачылары Сохтун тургундарынын малын алар мурдатан пайдаланып жүргөн Кыргызстандын жайыттарына (ошондо ижара акысы төлөнбөгөн) өткөрбөй койгондо башталган [95.]. Хушьяр айылынын тургундары өз көйгөйлөрүнө күч менен көңүл бурдурууга аракеттенип, ошол эле күнү Хушьяр аркылуу Согмент кыргыз айылына төрт автоунаада өтүп бараткан жүргүнчүлөрдү – Кыргызстандын жарандарын сабап салышкан. Кийинки күнү өзбектерди кызыктырган жайыт жайгашкан Хушьяр менен Согмент айылдарынын чегинде ар бир тараптан 300–500дөн киши чогулган. Ал эми 29-майда Хушьярдын тургундары автоунаа жолу менен Чарбак айылына баруучу суу түтүктөрүн бузуп салышкан. Буга жооп иретинде Баткен облусунун тургундары Жаш-Тилек айылына жакын жерде өзбектердин

Риштан шаарына кетүүчү жолду таш менен тосушкан [95.]. Абалдын курчушуна тараптар бири-бирин айыпташкан.

Мындай кырдаалда Кыргызстан Фергана областынын Сох районунун айланасындагы көзөмөлдөө түйүнүн бир тараптуу мүнөздө жаап салгандыгын Өзбекстандын мамлекеттик чек араларын коргоо Комитетинин пресс-кызматы маалымдаган.

2010-жылдын 30-майында Кыргызстандын өкмөтүнүн алдындагы Чек ара кызматы өзбек тарапты эскертпей туруп эле бир тараптуу негизде Өзбекстандын жарандары үчүн Сох районунун маңдайындагы «Кайтпас», «Өтүкчи» жана «Чечме» көзөмөлдөө түйүндөрүн жаап салган. Өзбек тараптын билдирүүсүндө Кыргызстандын мындай иш аракети эл аралык эрежелерге жана алгач кабыл алынган эки тараптуу келишимдерге каршы келген **[URL: http://www.24.kg/pol...yrgyzstana.html]**. Бирок расмий Кыргыз бул маселе боюнча өкмөтү эч кандай билдирүү жасаган эмес.

Чек араларды жабуунун натыйжасында Баткен областынын Чырдык айылынын 400 тургундары Сох анклавында курчоодо калып калышкан. Анклав менен чектешкен Жаш Тиек айылынын 200 ашуу тургундары Кадамжайга баруучу айланма жолго чогулушуп, Чырдык айылынын тургундарына коридор уюштуруу маселесин чечүүнү өкмөттөн талап кылышкан.

31-майда Сох анклавы жайгашкан райондо жергиликтүү калк менен кыргызстандык чек арачылардын ортосунда кагылышуу болгон. Натыйжада Өзбекстан чек араны бир тараптуу негизде жаап салган, анын айынан жергиликтүү дыйкандар өз малдарын трансчек аралык жайыттарда багуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырашкан [211.].

Жогоруда айтылгандай 1-июндагы эки тараптуу сүйлөшүүлөрдөн соң Өзбекстан Сохтон өзүнүн оор бронетехникаларын алып чыгып кетүүгө макулдугун берген (жолугушууга Баткен областынын губернатору С.Айжигитов, областын милиция башчысы подполковник М.Турсуматов,

Фергана областынын акими Х.Нематов, областын милиция башчысы полковник Т.Сатторов ж.б. катышкан).

Тараптар сүйлөшүү учурунда Фергана областынын кыргыз-өзбек чек ара ара аймактарындагы кырдаалды жана аны күзөтүүгө алуунун эффективдүүлүгүң жогорулатуу, андан сырткары чек ара аймактарында укуктук тартипти камсыз кылуу маселелерин карашкан.

Сүйлөшүүлөрдүн соңунда тараптар төмөнкүдөй чечимдерди кабыл алышкан:

- кыргыз-өзбек мамлекеттик чек арада конфликттүү кырдаалдардын алдын алуу максатында кыска мөөнөттүн ичинде мамлекеттик чек араны делимитациялоо жана демаркациялоо маселелери боюнча эки тараптуу биргелешкен өкмөттөр аралык комиссиянын ишмердүүлүгүн тездетүү;
- кыргыз-өзбек мамлекеттик чек арасына, чек аранын коопсуздугун сактоо маселелерин чечүүдө провокацияга жана үчүнү күчтөрдүн кийлигишүүсүнө жол бербөө үчүн зарыл иш чараларды жүргүзүү (анын ичинде жергиликтүү башкаруу органдары, жарандардын өзүн-өзү башкаруусу, укук коргоо мекемелери, андан сырткары аскер кызматкерлери ж.б.);
- тараптардын чек ара маселелери боюнча өкүлдөрү эки ай мөөнөт ичинде кыргыз-өзбек мамлекеттик чек арасынын конфликттер тез-тез катталып турган бөлүктөрүндө убактылуу инженердик тосмолорду куруу маселесин карап чыгуу;
- эки республиканын ортосундагы такталган жана такталбаган мамлекеттик чек араларында жайгашкан объекттердин иштеп туруусу үчүн бүт ыңгайлуу шарттарды түзүү, алардын коопсуздугун камсыз кылуу, анын ичинде жогоруда аталган объекттердин жашоо ишмердүүлүгүн камсыз кылуу үчүн кызмат көрсөтүүчү персоналдарды, транспорттук каражаттарды жана жүктөрдү чек арадан өткөрүү;
- укук коргоо уюмдарынын жана башка ведомстволордун кошумча постторун алып салуу, буга жарандарды, транспорттук каражаттарды жана тараптардын аймактарына: «Вуадиль-Шахимардан», «Вуадиль-Сох»,

«Касансай-Касансай суу сактагычы», «Янгикурган - Унгиртепа», «Вуадиль-Таштепа», «Риштан-Сох», «Укчи-Чонкара-Сох», «Сох-Шаркабад», «Шаркабад-Бозадыр-Девайрам», «Ош-Баткен» (Айрыбас Кадамжай, анын ичинде «Япаги», көзөмөлдөө пункту), «Барак-Ош», «Чорбог-Согмент», - Бозадыр-Божой», «Бозадыр-Апкан», «Бозадыр-Акоток», «Бозадыр-Тан», «Бозадыр-Сай», «Кадамжай - Шахимардан - Дугоба», «Кадамжай - Шахимардан - Курбанкул» такталган жаан такталбаган чек ара аймактарына өткөн автомобиль жолу аркылуу кирген (чыккан) жүктөрдү көзөмөлдөөчү посттор, чек аралык жана бажылык көзөмөлдөө посттору кошулбайт;

- чек араларга жакын областтардын ортосундагы эки тараптуу мамилелерди андан ары өнүктүрүү максатында кыргыз-өзбек мамлекеттик чек аранын такталган жана такталбаган бөлүктөрүндө жер-суунун айынан болуучу жаңжалдардын алдын алуу боюнча зарыл чараларды көрүүгө макулдашылган. Мында Тараптардын областтык администрациялары жайыттарды пайдаланууга берүү үчүн атайын макулдашууларды түзүшө тургандышгын айтышкан;
- Тараптардын макулдашуусуна ылайык 1999–2000-жж. баткен окуялары учурунда Сохко киргизилген оор аскердик бронетехникаларды Өзбекстан чыгарып кетет, өзбек тарап Кыргызстандын суверенитетин жана территориалдык бүтүндүгүн тааный тургандыгын билдирген [211.].

Өзбек тарап аскерлерди жана оор техниканы Сохтон алып чыгып кетүүгө даяр экенин билдирген, ал эми кыргыз бийлиги өзбектерге жайыттарды пайдаланып туруу үчүн атайын эрежени иштеп чыгууга макул болгон. Эртеси Өзбекстан анклавдан 1999-жылдагы окуялардан бери кармап турган бронетехникаларын алып чыга баштаган.

2013-жылы кыргыз тараптын Сох анклавы аркылуу электр өткөрүүчү линияларды куруу учурунда кыргыз жана өзбек чек арачыларынын ортосунда оолуттуу конфликттер башталган [211.].

Ошол жылдын январында Өзбекстандын чек арачылары мамлекеттик чек араны бузуп кирген жана кыргыз жарандарын барымтага кармап кеткен.

Сохтогу жаңжалдын чыгуусуна кыргыз чек арачыларынын беш алты электр мамысын талаштуу жерге орнотуусу себеп болгонун өзбек тарап билдирген. Белгилүү болгондой, чек араны делимитациялоо иштери аягына чыкпаганына карабай Ташкен чек араны бойлото аңдарды казып, тикенек зымдарды тарта баштаган. Бирок Кыргызстандын өз чек арасын тосмолоо иштерине рассмий Ташкент тетири реакция жасап, күч колдоно баштаган.

Талдоочулардын баамында, Сох окуясынын негизги себептеринин катарында анклавды айлана жайгашкан кыргыз айылдарында калктын аздыгы, инфраструктуранын үзүл-кесилдиги да бар. Ошондуктан "Теке секирик" сыяктуу долбоорлорду жандандырып, Сохтун батыш тарабындагы 50 миң гектар келген Боз-Адыр талаасына суу чыгаруу менен калктуу пункттарды көбөйтүү, ошондой эле Бүргөндү массивин күчтөндүрүү, жолдорду салуу зарылдыгы коомчулукта көп жолу козголуп келген [217.].

Мындай ири конфликт 2010-жылы катталгандыгы жогоруда белгиленди. Анда келечекте мындай окуяларга кайрадан жол бербеш үчүн Чарбакта жана башка айылдарда чек ара бекеттерин күчөтүү, тартип коргоо органдарын бекемдөө сунушталган. Бирок ал ошол мезгилден бери аткарылган эмес.

Белгилүү изилдөөчү А. Жекшенкулов окуянын чыгышына жумушсуздук, бийликтин чабалдыгы себепкер болгонун атаган. Анын баамында 2006-жылы кыргыз президентинин Ташкенге расмий сапары учурунда чек ара, анклавдар маселесин чечүү боюнча жылыштар болгон. Бирок андан кийин маселе ордунан козголбой кала берген.

2013-жылы январда чыккан даги бир чыр-чатак учурунда Коргоо Кеңешинин катчылыгын жетекчилиги астында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары тарабынан төмөнкүдөй чаралар көрүлгөн:

- 7-январда таң эрте КР чек ара ведомствосунун жетекчиси Закир Тиленов менен ӨР чек ара аскер башчысынын ортосунда телефондук сүйлөшүү болуп өткөн. Алар жагдайды турукташтыруу боюнча чогуу чара көрүү үчүн жолугушууга макулдашкан;
- ӨР Фергана облусунун хокими өзү менен Фергана облусунун

ИИБсынын башчысы экөөн КР МЧКсынын «Кайтпас» өткөөл пункту аркылуу Сох анклавына өткөрүүнү суранышкан. Алардын өтүнүчү канааттандырылган.

- Чыр-чатактуу кырдаалды жөнгө салуу маселеси боюнча КРнын Баткен облусунун губернаторуна ӨРнын Фергана облусунун хокими менен жолугушуу, эки тараптын калкынын арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү сунушталган. Сох анклавынын тегерегиндеги чек араны көзөмөлдөө пункттары абал турукташканга чейин убактылуу жабык бойдон калган.
- КРнын премьер-министри Жантөрө Сатыбалдиевдин тапшырыгы боюнча КРнын ички иштер министри Баткен облусуна жөнөтүлгөн. 7-январда саат 16:00дө Өзбекстандын чек ара аскеринин маалымат баракчасы таратылып, анда «Чарбак» чек ара тосотунун аскер кызматкерлери өзбек тарапты кабарландырбай туруп өз алдынча электр мамыларын орното баштаганы маалымдалат [23.].

Дүйнөлүк практикага ылайык мамлекеттин өз анклавына баруусу анклав территориясында жайгашкан мамлекет менен атайын келишимдин негизинде жүргүзүлөт.

1991-жылы КМШ түзүлгөндө союздук республикалардын башчылары ошол учурга карата аныкталган чек араларды, алардын бузулбастыгын жана кол тийбестигин таанышкан. Тажикстан менен Өзбекстан эл аралык укуктардын эрежелерин бузушуп, жогоруда аталган келишимдери аткарбай келишет. Кээ бир саясатчылардын пикиринде Кыргызстан жетекчилиги өз мезгилинде БУУ, КМШ, ЖККУ, ШКУ сыяктуу эл аралык уюмдарга биздин коңшулар өздөрү кол койгон келишимдин шарттарын сактабай жатканын айтып, маселе көтөрүшү керек болчу. БУУнун жобосуна ылайык мамлекеттер ортосундагы чек ара талаштары эки тараптуу шартта гана чечилүүгө тийиш. Ага үчүнчү бир тараптын кийлигишүүсүнө тыюу салынган.

Расмий маалыматтар боюнча кыргыз-өзбек чек арасында тактала элек талаштуу деп эсептелген 58 жер тилкеси бар. 2016-ж. ноябрда ал талаштуу аймактардын 49 боюнча өкмөттөр аралык жумушчу топ бир мунасага келишкен.

Аксы Өзбекстандын Наманган облусунун төрт району менен 42 чакырым узундукта чектешип, бул жердеги 12 участок эки мамлекеттин ортосунда талаш жаратып келген.

2014-ж. 18-январында Ала-Бука районунун «Кок-Серек» чек ара күзөтү аймагында ири иницидент катталган. Өзбекстандын үч жараны мыйзамсыз түрдө мамлекеттик чек араны басып өтүшүп Ажек аймагында аңчылык кылышкан. Кыргыз чек арачыларынын эскертүүлөрүңө баш ийбей, та болушуп, алар аскерлерге каршы ок атышкан. Натыйжада жооп иретинде атылган октон бир аңчы жарадар болгон, ал эми калган экөөсү качып кетүүгө аракет кылып жаткан учурда өзбек чек арачылары тарабынан кармалган. Жарат алган өзбек жаранына макулдашуу боюнча биринчи медициналык жардам көргөзүлгөн. Кыргызстандык чек арчылар колго түшкөн жаранды жана үч аңчылык куралды өзбек чек арачыларына өткөрүп беришкен.

2015-жылдын 16-январында Лейлектеги “Айкөл”  чек ара тобуна белгисиз куралчан адамдар кол салышкан. Натыйжада чек ара коругунун жетекчиси Исмаилов курман болуп, эки чек арачы октон жарат алган [221.].

2016-жылы 18-мартында өзбек тарап Аксы – Ала-Бука унаа жолуна эки аскердик оор техника жана 40ка чукул аскерин коюп, бир жактуу негизде “Маданият” көзөмөл өткөрүү пунктун жапкан [221.]. Өзбекстандын чек арачыларынын провокацияларынан улам Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районуна жакын жайгашкан кыргыз-өзбек чек арасына КРнын Коргоо министрлигинин Башкы штабынан атайын даярдыктан өткөн аскерлерден түзүлгөн “Скорпион” тобу жөнөтүлгөн. Чек ара кызматтарынын өкүлдөрүнүн сүйлөшүүсүнөн кийин, ал жерде эки тараптан сегизден аскер калтырылган. Буга чейин 20дан аскер турган [221.].

Андан кийинки чыңалуу Аксыдагы Үңкүр-Тоо маселесине байланыштуу болгон. 2016-жылы августа телемунарада иштеген кыргызстандык байланышчыларды өзбек аскерлери кармап кетип, 22 күн бою кармаган.

Үңкүр-Тоодо Кыргызстандын “Кербен-24” деген аталыштагы радиорелейлик станциясы жайгашкан. Станция 1975-жылдардын этегинде

Советтер союзу маалында курулуп, Кыргызстандын Аксы, Ала-Бука жана Чаткал райондорун байланыш менен камсыздап келген.

Расмий Ташкент Өзбек жана Кыргыз ССРлеринин талаштуу жерлерин жана чек араларын тактоо боюнча республика аралык комиссиясынын 1955-жылдагы токтомуна таянып, Үңкүр-Тоону өзүнө алгысы келет. Ошол эле убакта кыргыз тарап, бир дагы документте, «Үнкүр-Тоо Өзбекстанга таандык деп ачык жана даана жазылган эмес» деп, тоодо Кыргызстанга тийиштүү радиорелейдик станция жайгашкандыктан аталган аймактын ага караштуу экенин белгилеген.

Жергиликтүү эл дагы Үңкүр-Тоонун аймагын эзелтен кыргыздар байырлап келгенин, алар үчүн тоо кымбат экенин айтышкан. Электр жарыктыгы, телевидение ошол тоо аркылуу өткөн. Аталган тоо аркылуу жалпы Аксы аймагына жана өзбекстандын чектешкен райондоруна байкоо жүргүзсө болот. Ал өтө стратегиялык маанилүү пункт болуп саналат **[203.].**

2017-ж. 5-сентябрында Кыргызстанга Өзбекстандын президенти Шавкат Мирзиёев мамлекеттик сапар менен келген. Ал президент А. Атамбаев менен сүйлөшүү жүргүзгөн. Анда тараптар кыргыз-өзбек чек арасынын 85%ы делимитациялангандыгы айтылган [221.]. 2016-ж. ШКУга мүчө өлкөлөрдүн өкмөттөр аралык жыйынында Өзбекстандын премьер-министри Абдулла Арипов менен КР өкмөт башчысы С. Жээнбеков жолугушуп, чек араларды тактоо боюнча конкреттүү сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшкөн.

2018-ж. 7-апрелинде Ташкентте эки өлкөнүн тышкы иштер министрлеринин жолугушуусунда чек ара маселелерин талкуулоо иштери улантыла тургандыгы белгиленген.

Жолугушууда эки тарап соода-экономикалык кызматташтыктын маанисин белгилеп, суу-энергетикалык жана мүлк маселелери боюнча сүйлөшүүлөрдү тездетүү керектиги айтылды. Жергиликтүү адистер чек ара такталмайынча башка көптөгөн маселелер да чечилбей турганын белгилешкен.

Ош облусуна караштуу Кара-Суу районунун кыргыз-өзбек чек арасына жакын

айылдын тургуну Жыргалбек Ажыматовдун пикиринде өзбек чек ара сакчыларынын Кыргызстан аймагына карай жылып келатканын айткан.

Кыргыз тараптагылар жыл сайын Өзбекстан жок эле дегенде жарым метрден бери көздөй чек ара жылып жатканын айтышат. Базар-Коргон, Аксы, Сузак, Чаткалда адамдар ушундай эле окуяларды кабарлашкан. Чек арага жакын аймактардын бардыгынын көйгөйү бирдей болгон. Өзбекстан акырындап кирип келген.

Жалпысынан өзбек айылдарынын эли эмес, чек арадагы аскерлер өз бекеттерин жылдырып коюп, колхоз, совхоздору бар экен, пахта талааларын кеңейтип, улам-улам казып койгон учурлар көп кездешкен. Тактала элек жер талашы Ташкен шаарында Кыргызстан менен Өзбекстандын тышкы иштер министрлери Руслан Казакбаев менен Эляр Ганиев эки тараптуу жолугушуу өткөрдү. Жолугушуу Европа биримдиги - Борбор Азия өлкөлөрүнүн тышкы иштер министрлеринин жыйынынан соң болгон. Кыргызстандын Тышкы иштер министрлигинин басма сөз кызматы билдиргендей, анда министрлер чек араны делимитация жана демаркация иштери боюнча өкмөттөр аралык комиссиянын ишин жандандырууну колдошорун айтышкан.

Кыргыз-өзбек чек арасынын такталбаган жерлеринин айынан өз ара талаш тартыштар тез-тез катталып турган. Чек арага жакын жашашкан элдер бири-биринин аймагына кирип кетүү, малдарын айдап өткөн учурлар көп кездешкен. Акыркы учурдагы маалымат боюнча эки өлкөнүн ортосундагы чек аранын 320 чакырымдай жери тактала элек.

12-майда Баткен районунун Согмент айылынын четиндеги Өзбекстан менен чектеш Какыр жергесинде Баткен районунун Боз-Адыр айылынын үч тургуну кошуна өлкөдөн жашылча-жемиш тартып бараткында чек арачыларга кармалган. Өзбек тараптын билдирүүсүндө алар чек арачылардын буйругуна баш ийбей койгондо ок чыгарылганы айтылат. Натыйжада бир жаран каза болуп, экинчисин өзбек чек арачылары туткундап алышкан.

Өзбек чек арачыларынын курал колдонуусунан кийин Боз-Адыр жана Согмент айылдарында чогулган эл таркап кетишкен.

Чек аранын такталбаганынан улам мындай окуялар көп катталган. Кыргыз-өзбек чегинде майда соода кылам деп чек арачылардын огунан мерт болгон окуя Баткен облусунда биринчи жолу чыккан жок.

2017-ж. Өзбекстандын премьер-министринин Кыргызстанга болгон иш сапарынын алкагында чек аранын 1170,53 чакырымы аныкталганы айтылган. Чек аранын жалпы узундугу 1350 чакырымдан ашуун [200.]. Анда Кыргызстан менен Өзбекстан чек араны тактоо боюнча келишимдин долбоорун макулдашышкан. Тараптар жалпы чек аранын 80 пайызы такталгандыгын билдиришкен. Ошол жылдын 21–31-августунда Бишкекте, андан соң Ташкент шаарында эки делегациянын жумушчу тобу өз ишин алып барган.

2017-жылдын 21-31-августу аралыгында Кыргызстан менен Өзбекстандын чек ара аймактарын делимитациялоо жана демаркациялоо боюнча жумушчу топтору адегенде Бишкекте, андан кийин Ташкентте жолугушуп, чек ара аймактарын тактоо маселелери карашкан.

Сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгында жалпы кыргыз-өзбек чек ара тилкесинин басымдуу бөлүгү такталып, 5-сентябрында эки тараптуу келишимге кол коюлган.

Келишимдин натыйжасында Кыргызстан менен Өзбекстандын ортосундагы чек ара бекеттеринде каттамды жеңилдетүү эки элдин ортосундагы мамилени жакшырткан.

2017-ж. 28-сентябрында Кыргызстан менен Өзбекстандын ортосундагы чек ара келишими парламент тарабынан ратификацияланган **[207.].**

Ошол жылдын 2-октябрында Кыргызстан менен Өзбекстандын ортосундагы Вадил жана Кадамжай чек аралары ачылган.

2018-ж. 27-январында Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районунун Азек айылына жакын жердеги чек арада өзбекстандык чек арачылар курал колдонуп, кыргызстандык жаранга ок чыгарган **[207.].** Натыйжада жаракат

алган кыргыз жараны коңшу Өзбекстандын аймагындагы ооруканага жаткырылган. КРнын чек ара кызматынын берген маалыматы боюнча 39 жаштагы кыргыз жараны мал жайып жүрүп, байкоосуздан Өзбекстандын чек арасына кирип кеткендиги кабарланган.

9-апрелде Сох дарыясындагы "Ширеч" насостук станциясында конфликт катталган. Өзбекстандын Сох анклавы менен чектешкен Баткен облусунун Суу-Башы айыл өкмөтүндөгү кыргыз-өзбек чек арасында чыр чыгып, бир жергиликтүү жашоочу ооруканага түшкөн. "Аталган насостук станцияга келген төрт өзбек жараны менен станциянын күзөттө турган жергиликтүү жашоочу Адимжан Мансуровдун ортосунда чыр чыгып, мушташка айланган. Күзөтчү алган жараатынан улам Сох районунун ооруканасына жеткирилген. Ал эми окуя болгон жерге ошол замат милиция кызматкерлери жана жергиликтүү бийликтин өкүлдөрү барып, кырдаалды көзөмөлгө алышкан.

Баткен районунун акими Кеңеш Салихов менен Өзбекстандын Сох районунун башчысы Фарух Ганиев жана күч түзүмдөрүнүн жетекчилери жолугушуп, эки тарап тең чек аралаш аймакта жашаган жергиликтүү элди тынчтыкка чакырып, түшүндүрүү иштерин жүргүзүшкөн.

Өзбекстандын аймагында жайгашкан Кыргызстандын Барак айылы эки тараптуу мамилелерде акыркы мезгилдерге чейин чечилбей келинген проблемалардын катарына кирген. Анын жалпы аянты 4 км. кв. түзгөн жана калктын саны 0,6 миңден 1,25 миңге чейин болгон, калктын 60 % – этникалык кыргыздар, калганы өзбектер. Айылда 165 окуучусу бар мектеп болгон. Барак айылы Кара-Суу районунун Ак-Таш айыл округуна баш ийген. Аны географиялык жактан бүт тарабынан Анжиян областынын Коргонтөбө району курчап турат. Кыргызстандан Баракка чейинки аралыкты узундугу 5 км. болгон жер тилкеси бөлүп турат. Өзбекстандын чекаралык блокадаларынан улам Барак эксклавынын тургундары көптөгөн кыйынчылыктарга учурашып, акырындык менен өз жерлерин таштап кете башташкан. 2010-ж. 17-июнунда Ош окуясынын натыйжасында өзбек качкындарынын массалык толкунунун

күчөшүнөн улам Барактын 250 кыргыз тургундары Кыргызстанга качып өтүшкөн.

2013-ж. 17-январынан баштап Барак айылына баруучу жолду өзбек тарап бир жаап салган. Натыйжада анын тургундары Ак-Ташка чейинки 2,5 км. аралыкты Кызыл-Кыя аркылуу барууга мажбур болушкан. Жолдун бир тарабы эле 300 км. түзгөн. Өзбекстан жер алмашуу аркылуу маселени чечүү жолун сунуштап келген. Мисалы, Коргонтөбө районунда чыгышы – Ак-Таш, түштүгү – Кашкар-Кыштак менен чектешкен Бирлешкен айылы менен алмашууга макулдашышкан. Тараптар жерлерди өлчөп, зарыл маселелерди чечүү иштери боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшкөн. Акырк мезгилдеги маалымат боюнча Барак айылында 78 гана адам жашаган. 2011-ж. Кыргызстандын өкмөтү Барак айылынын бүт тургундарын көчүрүү жөнүндө чечим кабыл алган. Бийлик аларга Сары-колот аймагынан Беш-Үй участкасынан жана Ак-Таш аймактарынан 153 кишиге жер бөлүнүп, 200 миң сомдон ссуда берилген.

Акыркы мезгилде аталган айылда 100 үй бүлөдөн 29у гана калган. Айылда инфраструктура, коммуникация жок болгон. Жашоочулар азык-түлүк сатып алуу үчүн Кызыл-Кыяга барууга мажбур болушкан. ал эми электр жарыгы күнүнө 1–2 саатка гана берилип турган.

Кыргызстандын өкмөтү россиялык гранттын эсебинен Барак айылынын тургундарын көчүрүп, жаңы жерде инфраструктура түзүү чечимин кабыл алган. Ал үчүн өкмөт 3 млн. АКШ долл. бөлгөн. "Сары-Колот" деп аталган жаңы айылга Барактын тургундарын көчүрүп, кайтарылгыс жардам көргөзүлгөн.

Барак анклавынын аянты 250–260 гектарды түзөт. Ал 1955-жылы түзүлгөн. Кыргызстан мамлекеттик чек аранын ийри линияларын түздөө үчүн 2 миң 14 гектар жерди Өзбекстанга берген. Өзбекстан өз кезегинде ошондой жле жерди Барактын жанынан бериш керек эле, бирок алар күзүндө түшүмдү жыйнап алгандан соң беребиз деп, кийин убадасын аткарбай койгон. 15 жылдан кийин Өзбекстан комиссиянын кеңешмесинде макулдашылгандай 492

гектар жерди Кара-Суу районунан эмес, Сузак районунан берген. Ал эми калган 1, 5 миң гектар жердин ордун толуктап беришкен эмес**.**

## 3.3. Кыргызстандын Тажикстан менен болгон чек аралык-аймактык проблемалары

1990-жылдары кыргыз-тажик чек арасы жарым-жартылай ачык болгон жана иш жүзүндө аскердик күчтөр тарабынан кайтарылган эмес. Анткени бул мезгилде Тажикстанда жарандык согуш жүрүп жаткан.

1996-ж. Россия Федерациясынын жана Ирандын ортомчулугу астында тажик бийлиги менен оппозициянын ортосунда Москвада сүйлөшүүлөр башталган [147.]. Сүйлөшүүлөр өтө татаал мүнөздө жүргөн, бул учурда да мезгил-мезгили менен куралдуу кагылышуулар жанданып турган. 1997-ж. 27-июнунда Москвада РФнын президенти Б.Ельциндин катышуусу менен президент Э.Рахмонов жана оппозиция лидери С.Абдулло Нури Тажикстанда тынчтыкты орнотуу жана жалпы улуттук макулдашууга келүү боюнча келишимге коюшкан [147.]. Бул келишим республикадагы жарандык согушка чек койгон. Натыйжада коалициялык өкмөт түзүлгөн жана оппозициянын куралдуу күчтөрү акырындык менен өкмөттүк күч түзүмдөрүнө бириге баштаган [147.].

Улуттук макулдашуу тажикстандагы бүт карама-каршылыктарды чече албады. Мында аймактык топтордун ортосундагы тирешүү сакталып калган. Оппозиция куралдуу күрөштөн баш тартканы менен Тажикстанда исламдык мамлекет куруу идеясынан четтеген эмес. Жогоруда аталган келишим өз кезегинде хужанттагы өзбек кландары тарабынан жактырылган эмес. Республиканын түндүгүндөгү тажиктер өкмөттүн курамына исламчыл оппозиционерлердин кирүүсүнө каршы болушкан, анткени алардын ою боюнча өлкөдө экстремисттик күчтөрдүн таасири күч алып кетиши мүмкүн эле. Мындай тынчсыздануну коңшу Өзбекстан да колдогон. Расмий Ташкент бийлик менен журулушуп кеткен ислам оппозициясы акырындык менен Өзбекстандын аймагындагы өкмөткө каршы турган исламчыл күчтөргө

жардам бере баштайт деп чочулаган. Жалпысынан алганда 1997-жылы жаңы конституциянын негизинде Тажикстанда парламенттик шайлоолор өткөрүлүп, өлкө өнүгүү жолуна түшө баштаган. Ушул мезгилден баштап Тажикстан ички проблемаларын жөнгө салып, эми чек араларды тактоо иштерине киришкен.

Кыргызстандын Тажикстан менен чек арасынын узундугу 990 км. түзөт [154.]. Анын негизги бөлүгү Баткен жана Лейлек райондоруна туура келип, 70 ашуун талаш жерлерге ээ. Абалды татаалданткан дагы бир маселе Кыргызстандын аймагында Ворух, Чоркух жана Сурх анклавдары жайгашкан [154.]. СССРдин мезгилинде түзүлгөн схема, админстративдик бөлүнүү боюнча кабыл алынган мыйзамдарга ылайык Тажикстандын Фергана өрөөнүндөгү чек арасынын узундугу 514 км. түзгөн. Анын 157 км. – Матчы, 56 км. – Ганчи, 17 км. – Спитамен, 43 км. – Канибадам, 186 км. – Исфара райондоруна туура келет.  Матчы, Ганчы,  Бобожон Гафуров жана Спитамен райондоруна чектешкен аймактарда 145 миң гектар жер талаш маселелерди жаратууда [126.].

1997-жылдын ноябрында Ош шаарында, ал эми 1998-жылдын февралында Хужант шаарында Кыргызстан менен Тажикстандын ортосундагы чек ара маселесин тактоо боюнча өкмөттөр аралык комиссия өз ишин баштаган [21.82-б]. Анда тараптар чек араны делимитациялоонун укуктук негиздери боюнча маселелерди талкуугa алышкан.

Белгилүү болгондой Тажикстан 1929-жылдын 5-декабрына чейин автономдуу республика катары Өзбек ССРинин курамына кирген [21.83-б.]. Тажик ССРи уюшулгандан кийин анын карамагына Ленинабад областы өткөн. Жогоруда айтылгандай  улуттук жиктешүү саясатынын натыйжасында бир топ жер маселелери келип чыккан. Алардын ичинде Кыргызстандын Тажикстан менен чектешкен Баткен, Лейлек райондору да болгон.

1949-жылдын 28-июнунда талаштуу жерлерди аныктоо максатында эки республиканын өкүлдөрү катышкан паритеттик комиссия түзүлгөн. Ал Ленинабад областынын Исфара районунун “Правда”, “Мехнат”, “Большевик Таджикстана” колхоздору менен Ош областынын Баткен районунун

“Өзгөрүш”, Кызыл-Ай” колхоздорунун тургундарынын доомattарын карап чыккан [21.83-б]. Комиссия 1935-жылдын 7-июлунда совет өкмөтү кабыл алган чечимди күчүндө калтырган жана жергиликтүү калктын доомattары негизсиз деген тыянакка келген. Анда колхоздордо жерди ким пайдаланып жаткан болсо, жер ошолорго тиешелүү деген принцип үстөмдүк кылган.

Жер талаштарынын күчөшүнөн улам 1958-жылдын февралында түзүлгөн экинчи паритеттик комиссия эки республиканын ортосундагы чек араны кайрадан карап чыккан [21.83-б.]. Аталган комиссия чек ара маселеси боюнча тараптарды ынандыра турган атайын чечим кабыл алган. Аны Тажик өкмөтү колдоого алган.

1959-ж. 17-мартында 3-Паритеттик комиссия Кыргызстандын Лейлек району жана аны менен чектеш Тажикстандын Канибадам, Ленинабад, Пролетарский, Наус, Ганч райондорунун ортосундагы республикалык чек араны тактоо жөнүндөгү маселени карап көрүп, бирдиктүү чечимге келген.

Кыргызстан менен Тажикстандын чек ара аймактарындагы талаш жерлерди тактоо боюнча түзүлгөн комиссиялар 1963, 1974, 1958, 1959, 1986, 1989-жж. иш алып барышкан. Бирок иш жүзүндө кабыл алган чечимдер республикалык жана союздук деңгээлде мыйзам түрүндө бекитилген эмес жана аталган проблема ачык, чечилбей кала берген.

Азыркы күндөгү кыргыз-тажик чек арасы Алай тоо кыркасынан башталып, Алайдын арткы бөлүгү, Зеравшан, Түркстан тоо кыркаларын бойлоп өтүп, андан кийин Фергана өрөөнүнүн Тажикстан, Кыргызстан, Өзбекстан чек araларынын кесилишкен жерине чейин созулат. Анын узундугу 987 чакырымды түзөт [154.176-б.].

Эки республиканын ортосундагы чек арада Баткен областы аркылуу өткөн жерлерде чоң талаштар бар. Кыргызстанда Тажикстандын Согди областынын Исфара районуна караштуу Ворух анклавы жайгашкан. Анын аянты 130 миң кв. км., калкы 40 миңден ашуун, алардын 95% – тажик, 5% – кыргыздар [154.176-б.]. Чек арага жакын жайгашкан райондордун жашоочулалынын ортосундагы тирешүүлөрдүн күчөшү өкмөттөр аралык

сүйлөшүүлөрдү жандандырууга мажбур кылган. Бирок эки тараптын тең өз позицияларында бекем туруусу жалпы биргелешкен макулдашууга кол коюуга жолтоо болгон.

1944-жылы Баткен районунун “Ленин” колхозу (Кыргызстан) жана Исфара районунун Ленин атындагы колхозу (Тажикстан) биргелешип пахта өстүрүү үчүн бириктирилген. Натыйжада аянты 1,5 миң кв. км. кыргыз жерлери: Шаркырак, Орус мазар (ГМЗ, Новабод), Маатпари, САНТО (КИМ), Кокшок, Ниязбек, Мархам, Каракчы-Кум, Жигдали, Катаган, Кысакоз, Гафурово (Кожобакырган-Сай), г.Чкаловск, ст. Доргомыр, Дегимай, Пролетарск Тажикстандын курамында калып кеткен [154.176-б.].

1999–2000-жылдардагы Баткендеги коогалаңдар, андан кийин 2012–2015-жж. перманенттүү чек ара жаңжалдары чыгып турган. 2013-жылы Кыргыз өкмөтү Өзбекстандын Сох анклавы менен чектешкен аймактагы жаңжалдарга чекит койсо, 2014-жылы Тажикстандын Ворух анклавынын чектеш аймактарындагы жаңжалдарды токтотууга жетишкен. 2013-ж. бул аймакта адам өмүрү кыйылган жаңжалдар көп катталган [198.]. Маселе мамлекеттик деңгээлде каралып, президенттердин жана өкмөттөрдүн сүйлөшүүлөрүнөн кийин эки тараптуу келишимдерге кол коюлган. Натыйжада 1924-жылдан бери Ворух анклавынын айланасында мезгил-мезгили менен чыгып келген кыргыз-тажик чек араларындагы араздашуулар токтогон.

Негизинен кыргыз-тажик чек араларындагы жаңжалдарга себеп болгон жол, суу, жайыт жана жерге болгон маселелер буга чейин чечилбей келген. Бул учурда Бел-Бөжөй-Сөгөт, Айгүл-Таш-Согмент-Таян жолдорунун курулушу Сохтун айланасындагы жаңжалдардын чыгышына бөгөт болсо, Көк-Таш-Ак-Сай-Тамдык жолунун курулушу Ворухтагы чыр чатактардын чыгышын токтоткон. Буга чейин жергиликтүү калк Өзбекстандын, Тажикстандын жолдорунан өтүүдө кээде барымтага алынса, кээде автоунаалары талкаланып турган.

2015-жылы  Ош-Баткен-Исфана стратегиялык маанидеги жол курулуп бүткөн.  Жалпысынан 91 млн. АКШ долл. өлчөмүндө каражат сарпталган бул

жолду кытайлык команиялар курушкан [198.]. Андан сырткары Көк-Талаа-Пүлгөн, Ак-Сай-Рават, Кулунду-Максат жолдору да кыска аралыкта курулган [198.]. Анын баары аймактагы коңшу республикалар менен болгон ири жаңжалдардын токтошуна шарт түзгөн.

Россиялык этнолог В.Бушков 1990-жылы 1989-ж. Исфара районунда болуп өткөн улуттар аралык кандуу кагылышуунун себебин изилдеген. Анын пикиринде Ворух, Чарку жана Исфара шаары турган аймактарда калк жыш отурукташкан **[Бушков В.И. О некоторых аспектах межнациональных отношений в Таджикской ССР // Исследования по прикладной и неотложной этнологии. М., 1990. 2-б].** Демографиялык фактор конфликттин негизги себеби болуп саналат. Кыргыздар көчмөн турумушта жашашкандыктан бул жерде алгач жер маселеси боюнча конфликттер болгон эмес. Анткени көчмөн турмушта жашаган кыргыздар менен отурукташкан тажиктер бири-бирине муктаж болушкан. Абал кыргыздарды отурукташтыруу саясаты жүргүзүү менен өзгөргөн. Тажик окумуштууларынын пикиринде да Баткен районунда суунун тартыштыгынан кыргыздар Исфара дарыясына жакын, тажиктердин жерлерине көчүп келе башташкан. Натыйжада Капчагай, Аксай, Самаркандек, Актатыр, Кочобою ж.б. айылдар пайда болгон. Ал эми Баткен району 1964-ж. пайда болгон. Калктын санынын өсүшү акырындай менен ири конфликттердин болушун шарттаган [126.]. Бирок мындай көз караштар тенденциялык мүнөзгө ээ. Анткени бул аймактарда кыргыздар эбактан бери эле жашап, коңшу элдер менен байланышып келгендигин тарыхый маалыматар тастыктап турат.

Кыргыз-тажик чек араларын делимитациялоо жөнүндөгү маселе Өзбекстандын ӨИК куҗүрмөн аскердик топтору түштүк Кыргызстанга кол салганга чейин көтөрүлгөн эмес. Алардын Борбордук Азияга кол салуулары аймактагы республикалардын өз чек араларын катуу кайтарууга мажбур кылган. Кыргызстан менен Тажикстандын бийликтери бажы көзөмөлдөө түйүндөрүнүн санын көбөйтүшкөн, исламчыл-жикчил күчтөрдүн өтүп кетүүсүн алдын алуу, баңги-заттар жана курал-жарак менен соода жүргүзүүгө

каршы күрөштү күчөтүү максатында чек арага кошумча аскердик күчтөр жайгаштырылган.

Чек аралардагы коопсуздукту күчөтүү иш чаралары, ошондой эле жаңы чек ара эрежелери жергиликтүү калктын абалын оордоштурган: көптөгөн жашоочулардын кирешесинин негизги булагы болгон соода жүргүзүүгө тоскоолдуктар пайда болгон, андан сырткары чек арага жакын аймактарга миналарды жаткыруу да оолуттуу көйгөйлөрдү жараткан.

Белгилүү болгондой, кыргыз-тажик чек арасын делимитациялоо жана демаркациялоо маселелери боюнча эки тараптуу сүйлөшүүлөр 2002-жылы улантылган жана 2013-жылдын акырына чейин мамлекеттик чек аранын 500 чакырымы делимитацияланган.

Азыркы учурда кыргыз-тажик чек арасынын жарымы боюнча келишимдер түзүлгөн, ал эми калган бөлүгү талаш-тартыштуу болуп, эки республика үчүн тең чарбалык, транспорттук зор мааниге ээ калк жыш жашаган аймактар аркылуу өткөндүктөн тараптар бирдей чечимге келе алышкан эмес.

Талаш жараткан территориялар азыр кыргыз-тажик чек арасынын эң чыңалган бөлүктөрү болуп саналат. Тажикстан тарап Кыргызстан өз алдынча аларды эскертпей туруп суу бөлүнүүчү аймактарды ээлеп алган деп эсептейт. Суунун таңкыстыгынан эки өлкөнүн дыйкандары бирдей жабыр тартышууда. Ал эми Кыргызстан жетекчилиги Тажикстандын жогоруда айтылган дооматтарын негизсиз деп эсептейт.

Өкмөттөр аралык комиссиянын профилдик министрликтер менен ведомстволордун жана эки өлкөнүн тармактык эксперттеринин катышуусунда жылына 3–4 жолу уюштурулуп турган жолугушууларда чек араны делимитациялоо менен демаркациялоого байланышкан маселелер каралган. Бирок чек ара маселелери чечилди деп эсептелген райондордо да азыркыга чейин бир топ көйгөйлөр сакталууда. Кылымдар бою бирге жашаган эл постсоветтик мезгилде оор абалга дуушар болгон. Эки өлкөнүн жетекчилеринин ортосундагы карама-каршылык чек ара күзөттөрүнүн

күчөшүнө алып келген. Өз кезегинде чек арага жакын жайгашкан райондордун тургундары көзөмөлдүн күчөшүнө каршы болуп келүүдө. Мындай шартта чек араны бузуп өтүү, чек ара аймагында чабандардын жана жашоочулардын камакка алынуусу, чек арачылар менен тирешүүлөр күч ала баштаган.

Кыргызстан менен Тажикстандын ортосунда узакка созулган конфликттин негизин жер-суу байлыктарына көзөмөл орнотуу саясаты турат. Совет бийлиги учурунда жер-суу проблемасынын айынан тажиктер менен кыргыздардын ортосунда бир катар тирешүүлөр болуп өткөн (Мисалы, Ворух-Танги (1982-ж.) жана Матч-Актатыр (1988-ж.) айылдарында) [23. 45-б.]. Тараптарды элдештирүүгө болгон аракеттер натыйжасыз аяктаган, тажиктердин талаш жерлерди өздөрүнө өткөрүп алууга болгон аракети чыңалуунун күч алышын шарттаган (1989–1991-жж.). Түзүлгөн кырдаал улуттар аралык конфликттин чыгышына алып келген. 1989-ж. Баткен районунда суу бөлүштүрүү боюнча жаңы чыр-чатактар катталган.

Талаш жерлердин айынан чыккан кийинки ири окуя 2008-ж. 26-мартында катталган. Анда Тажикстандын 150дөн ашуун жарандары Исфара районунун акиминин жетекчилиги астында Баткен областына кирип келип, экскаватордун жардамы менен суу тосмосун мыйзамсыз түрдө бузууга аракет жасашкан [23. 45-б.].

Проблеманы тараптар талаштуу аймактарды алмашуу жолу менен чечүүгө аракет жасашкан. Чек ара маселесин тактоо боюнча сүйлөшүүлөр 15-сентябрда мамлекет башчыларынын деңгээлинде уюштурулган. Тараптар союз мезгилиндеги эски карталарга эмес, “КМШны түзүү жөнүндө” келишим, Алматы декларациясы, суверенитет алган учурдагы чек аранын бүтүндүгүн сактоо тууралуу келишимдердин негизинде проблеманы чечүү боюнча макулдашууга жетишишкен [217.].

Кыргызстан Тажикстанга жергиликтүү элдин макулдугу менен 12 гектар жерди алмашууга даяр экендигин билдирген.

2011-ж. 13–18-ноябрларында Бишкекте кыргыз-тажик чек ара маселеси боюнча сүйлөшүүлөр болуп өткөн. Тажикстан тараптантан ага 20 адамдан турган комиссия катышкан. Анда Чоң-Алайдагы Алтын-Мазар жайлоосу боюнча маселе талкууланган. Сүйлөшүүлөрдүн жыйынтыгында атайын бүтүмгө кол коюлган. Расмий маалымат боюнча, Кыргызстан менен Тажикстандын ортосунда 70тей такталбаган жерлер болгон.

Чек ара райондорунда жайгашкан айыл-кыштактарда жайлоо маселеси негизги орунда турат. Тажик коомчулугу жайлоолордун кыргыз тарапка тиешелүү экендигин тааныйт. Бирок чек аранын ичкери аймактарындагы жана тажик айылдарына жакын жайгашкан жайлоолорду тажиктер талаш жерлер катары эсептешет. Анткени алардын пикиринде  чек араны делимитацлоо жана демаркациялоо боюнча түзүлгөн Паритеттик Комиссия аталган аймакта мамлекеттик чек араны так аныктаган эмес.  Тажик тарап талаш жайлоолордун катарына төмөнкүлөрдү киргизет:  тажик коомчулугу пайдаланып келген: Ворух, Точикон, Чоркух, Хожаи Аъло, Сурх, Найман жана кыргыз айылдарынын: Мин-Булак, Миң-Өрүк, Көкташ, Ак-Сай, Самаркандек, Ак-Татыр, Үч-Дөбө тургундары пайдаланган жайлоолор. Тажик коомчулугу Вам участкасында (800 га), Чечелик (100 га), Жиптик (болжол менен 100 га) жайлоолоруна өз дооматтарын коюуп келишет. Жай мезгилинде эки тарап тең алыскы кыргыз жайлоолорун пайдаланышат: Тешикташ (700 га), Ак-Терек (650 га), Алмалы (900 га), Кип (800 га), Суксурлук (1000 га), Геревшин (1500 га). Ак-Суу (800 га), Кара-Суу (700 га), Меши (2500 га), Кишемиш (1200 га), Кык (3000 га), Ылар (1000 га), андан сырткары тажик жайлоолору Пули Офтобруй (400 га), Лар (50 га), Шахи Сафед (300 га), Кипкон (300 га), Сари Сот (700 га) жана Хавзак (300 га) [140.]. Жайлоолорду жана токойлорду пайдалануу проблемасы экология маселеси менен тыгыз байланышкан. Иш жүзүндө пайдалануу боюнча көмөмөлдүн жоктугу табигый байлыктардын абалына   терс таасир тийгизип, алар жылдан-жылга азайып кетүүдө. Өз кезегинде, табигый байлыктардын дайыма таңкыс болушу ири жаңжалдарга алып келүүдө.  Эки тараптын тургундарынын малынын санынын

көбөйүшү жайлоолордун жетишсиздигине алып келүүдө. Кыргызстандык адистер жайлоолорду сактап калуу максатында тажик тараптын малын киргизүүгө чектөө коюуну сунуштоодо. Жергиликтүү тургундарды эскертпей туруп жасалган мындай кадамдар чек ара районундагы коомчулуктардын ортосундагы мамилелерди курчутуп, талаштардын күчөшүнө алып келет.

Кыргыздардын Ак-Сай жана Керметоо айылдарынын тургундары жайлоого барууда чек арадан өтүп, тажик аймагы аркылуу өтүүгө мажбур. Тоошкандык, Кишемиш, Улар, Геревшин ж.б. жайлоолорго барууда кыргыздар Ворух анклавы аркылуу өтүүгө аргасыз болушат [140.]. Анткени 2011-ж. чейин айланма жол болгон эмес. Майлды айдап өтүүдө жергиликтүү элдер менен конфликт бат-бат катталып турат. Анткени бул учурда дыйкандар тепселенген эгин талааларынын айынан чоң жоготууга учурашат.

2009-жылы Таджикистан менен Кыргызстандын ортосунда меморандумга кол коюлган [140.]. Ага ылайык кыргыз тарап жайлоолорду ижарага берүүгө иакулдашылган. Бирок бул келишим да абалды жөнгө сала алган эмес. Анткени малды багууда, чек арадан айдап өтүүдө тажиктер кыргыз аймагында чоң тоскоолдуктарга, анын ичинде чек арачылар тарабынан паракорчулукта көп болуп жаткандыгын билдиришкен.

2014-жылдын 9-августунда **т**ажик чек арачылары куралдуу каршылык көрсөттү деген айып менен Ош областынын Чоң-Алай районунун бир тургунун атып өлтүрүп, дагы эки жаранды камакка алышкан. Кыргыз өкмөт өкүлдөрү атышуу тактала элек тилкеде болгонун билдиришкен [184.].

Тажик тараптын берген маалыматы боюнча Тажикстандын Тупакүл аймагында коңшу өлкөнүн чек арачылары менен Чоң-Алай районунун үч тургуну атыша кеткен. Анда бир кыргыз жараны каза таап, экөө Жерге-Тал районунун атайын кызматтын абагында кармалып турган. Тажик тараптын билдирүүсүнө караганда, атышуу болгон жерде 8 ок-дарысы менен карабин (мергенчилик мылтык), ТОЗ-8 кичине калибрлүү мылтык, 1 даана чет өлкө өндүрүшүндөгү дүрбү жана эки ат болгон. Алдын ала маалыматтарга

караганда Кыргызстандын жарандары Тажикстандын аймагында аңчылык менен алектенип жүрүшкөн [184.].

Кыргызстан менен Тажикстандын чек арасынын бул аймагы тоолуу жер болгондуктан эч кандай тосмолор коюлган эмес. Жергиликтүү калк тоонун кайсы жери кайсы өлкөгө карай тургандыгын билишкен эмес. Чек арада Унжу-Булак деген талаш жер маселеси бүгүнкү күнгө чейин чечиле элек. Ал жайлоого кыргыздар чыгат. Тажиктер ал жерди биздики деп талашып келишкен.

Кыргыз-тажик чек ара тилкесинин Ош областындагы бөлүгүнүн узундугу 300дөй чакырымды түзөт. Анын дээрлик 90 пайызы такталган. Жогоруда айтылгандай Алтын-Мазар жана Унжу-Булак жер бөлүктөрү такталган эмес. Калган тоо кыркалардын баары такталган.

Ош облусунун ошол учурдагы губернатору С. Жээнбеков эки өлкө ортосундагы талаштуу жерлерди тактоо иштери илгерилебей жатканын билдирген. Анын пикиринде талаштуу тилкелер боюнча комиссия иштеп жатканы менен маселе ордунан жылбай жатат [184.].

Буга чейин жергиликтүү тургундар Чоң-Алайга таандык төрт жайлоо, жалпысынан 3 миң гектардай жер Тажикстанга өтүп кеткенин айтып чыгышкан [184.]. Өмүр бою бул жайлоолорду байырлап келген чоңалайлыктарды тажик чек арачылары ур-соккуга алып жатканын билдиришкен.

2013-жылы Согди жана Баткен областтарынын, Исфара шаарынын жетекчилери, эки өлкөнүн укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен жети жолу, ал эми 2014-ж. үч жолу сүйлөшүүлөр өткөрүлгөн **[187.].** Бирок тараптар чек ара маселеси боюнча бир чечимге келе алышкан эмес.

Мамлекеттик чек араны тактоо боюнча Тажикстан менен 2012–2014-жж. аралыгында өкмөттүк делегациялардын 7 жолугушуусу, топография-жер орноштуруу жумушчу тобунун 14 жолугушуусу жана укуктук маселелер боюнча 5 жолугушуу болгон. Жолугушууларды талаш жерлердин 64,2 км

боюнча макулдашылган жана белгиленген, мунун ичинен өкмөттүк делегациянын деңгээлинде болгону 15,8 км бекитилген. Топография-жер орноштуруу жумушчу тобунун деңгээлинде 48,4 км чиймеге түшүрүлгөн [23.].

2015-жылдын июнунда Кыргызстандын Баткен району менен Тажикстандын Исфара району чектешкен аймактагы 10 чакырымдан ашуун тилке белгиленип, андагы чек ара сызыгын аныктоо боюнча долбоор иштелип чыккан. Кыргызстан менен Тажикстандын чек ара тилкесинин узундугу 970 чакырымды түзөт. Анын эл көп отурукташкан 470 чакырымы такталган эмес.

Чек араларды тактоодо түз жерлерге жана ойдундарга келгенде көйгөйлөр көп чыгып жатат. Анткени мына ошол тилкелерде жайыт, суу, жер талаш маселелери бар.

Негизинен КМШ мамлекеттеринин башчылары 1991-ж. 21-декабрында Алматы декларациясына кол коюшкан **[61. 284-б.].** Анда тараптар статус-квону сакташа тургандыгы, тагыраак айтканда, союз таркаган учурдагы чек аралардын бузулбастыгын жана алардын кол тийбестигин таанышкандыгы айтылат [**61. 284-б.].** Бирок убакыттын өтүшү менен Кыргызстандын коңшу өлкөлөрү келишимдин шарттарын аткаруудан баш тартышып, чек араларды тактоодо СССР учурундагы так эмес карталарды негиз катары сунуштап жатканы эл аралык укуктун эрежелерине дал келбейт. Бирок Кыргыз бийлиги өз кезегинде БУУ, КМШ, ЖККУ, ШКУ сыяктуу эл аралык уюмдарга биздин коңшулар өздөрү кол койгон келишимдин шарттарын өздөрү сактабай жаткандыгы боюнча өз мезгилинде маселе көтөргөн эмес. БУУнын жобосуна ылайык мамлекеттер ортосундагы чек ара талаштары эки тараптуу шартта гана чечилүүгө тийиш. Ага үчүнчү бир тараптын кийлигишүүсүнө укук берилген эместиги айтылат.

2014-ж. 11-январдагы Баткен облусундагы кыргыз-тажик чек арачыларынын атышуусунан кийин бүт чек ара бекеттери жабылган. Натыйжада тажик тарапта азык-түлүк кымбаттай баштаган. Эки республиканын эли ич ара соода-сатык жүргүзүп келгендиктен, капыстан

жабылган чек ара аймагы карапайым эл үчүн кыйынчылык жараткан. Тажикстандын Согди базарында да азык-түлүккө болгон баа өскөн. Баткендиктер мурда Исфара базарына кургатылган өрүк, жаңгак, төө буурчак, мөмө данектерин сатып турушкан. Исфаранын өзүнө жакын жердеги Самаркандек базары жана Лейлектин Арка айылындагы ири базар, мал базарларга да жол жабык. Күйүүчү май саткан жайлар да жабылып, көмүр казылчу ишканаларда да жумуш басаңдай түшкөн. Ал эми Исфанадагы базарга Хожент тараптан келчү товарлардын ордун азыр Бишкектен барган товарлар ээлеп, баасы да 4-5 сомго жогору болгон.

2015-ж. 4–7-мартында Душанбеде кыргыз-тажик чек арасын делимитациялоо жана демаркациялоо боюнча өкмөттөр аралык комиссиянын жыйыны өткөн. Ошол эле жылы Кыргызстандын Баткен району менен Тажикстандын Исфара району чектешкен аймактагы 10 чакырымдан ашуун тилке белгиленип, андагы чек ара сызыгын аныктоо боюнча долбоор иштелип чыккан. Кыргызстан менен Тажикстандын чек ара тилкесинин эл көп отурукташкан 470 чакырымы такталган эмес.

Коңшу мамлекеттер чек араны тактоону кечиктирип, чек ара тилкелерин өздөштүрүп, улам алдыга жыла башташкан. Алардын максаты жерлерди көбүрөөк ээлеп алуу болгон. Ош облусунун Тажикстан менен чектешкен Чоң-Алай районунда чек ара сызыгы негизинен тоо кыркалары аркылуу өтөт. Ошондуктан андагы чек ара тилкелеринде талаштуу жерлер жокко эсе. Ал эми Баткен менен Лейлектеги калк отурукташкан аймактар талаш жерлер көп. Чек араларды аныктоо иштеринде түз жерлерге жана ойдуңдарга келгенде көйгөйлөр көп пайда болгон. Анткени ошол жер тилкелеринде жайыт, суу, жер талаш маселелери бар.

2015-ж. августунда Кыргызстан менен Тажикстанды бөлүп турган аймак эки өлкөнүн жарандарынын ортосундагы конфликт зонасына айланган. Бир катар булактарга ылайык, бири-бирине таш ыргытуу инциденти эки күнгө созулган жана ага эки тараптан 400гө жакын киши катышкан [160.12-б.]. Кыргыз тараптын берген маалыматына ылайык, Тажикстандын жарандары

эки тарап (кыргыздардын Көк-Таш жана тажиктердин Сомониён айылдарынын тургундары) тең пайдаланып жаткан мазарга бара турган жолду тосуп салышкан. Ага жооп иретинде Көк-Таш кыргыз айылынын тургундары Сомониён айылына кеткен сууну жаап салышкан. Айылдарда социалдык бирилмдик тез эле калыбына келтирилген, бирок бул окуя көргөзүп тургандай кичине эле бир инцидент тез эле ири, өтө курч конфликтке өсүп чыгаарын далилдеген. Көпчүлүк байкоочулардын пикиринде чек араны демаркациялоо кыргыз-тажик чек арасындагы чыңалууну жеңилдетмек. Бирок иш жүзүндө 25 жыл аралыгында эки тарап чек араны тактоо иштерин чече албай жатышат. Ага негизги себеп тараптардын түрдүү позицияда болушу жана компромисске барбоосу аталууда. Талаш жерлер жана такталбаган чек аралар, андан сырткары “анклавдар” мамлекеттер аралык эле эмес, улуттар аралык мамилелердин курчушун шарттоодо.

Акыркы учурда эл аралык эксперттердин, изилдөөчүлөрдүн бир катар эмгектерине карабай Кыргызстан менен Тажикстандын трансчек аралык райондорунда конфликттик абал курчуп, ири тирешүүлөр жоюлбай келүүдө. Баткен жана Исфара райондорунун ортосундагы конфликттердин негизги себептери катары төмөнкүлөрдү атаса болот:

- совет мезгилинен калган жер талаш маселелеринин чечилбегендиги;
- табигый байлыктарды эффективдүү пайдалана албагандык;
- чек аралык зоналардын милитаризацияланышы;
- кабыл алынып жаткан чечимдердеги илимий-далилдөөчү негиздердин жоктугу [160.12-б.].

2016-ж. 16-сентябрында Кыргызстандын вице-премьер-министри Жеңиш Разаков Тажикстандын премьер-министринин орун басары Азим Иброхим менен жолугушкан. Анда кыргыз-тажик мамлекеттик чек араны делимитациялоо жана демаркациялоо маселелери негизги орунда турган.

2018-ж. 1–2-февралында КРнын Президенти С. Жээнбеков расмий иш сапары менен Тажикстанга барган. Иш сапар учурунда С.Жээнбеков Тажикстандын президенти, премьер-министри жана спикери менен

жолугушуп, эки тараптуу кызматташтыкты талкууга алган. Анда кыргыз-тажик чек арасын делимитациялоо жана демаркациялоо маселеси негизги орунда турган. Белгилүү болгондой Кыргызстан менен Тажикстандын чек арасынын узундугу 970 чакырымдан ашат. Анын 55 пайызга жакыны тактала элек.

Баткен районуна караштуу Ак-Сай айыл өкмөтү кыргыз-тажик чек арасынын эң татаал тилкесинде жайгашкан. Ошондон улам ал жерде эки өлкөнүн жарандарынын ортосунда жаңжал, араздашуу тез-тез катталып турган.

Акыркы жылдары Ворух анклавынын айланасында чек ара жаңжалдары көп каттала баштаган, аталган аймак кыргыз-тажик мамилесинде эң кооптуу маселелердин бир болуп эсептелинет. 1920-жж. Түркстандагы улуттук-жиктешүү саясаты учурунда түзүлгөн карталарга ылайык Ворух Тажик ССРинин аймагында турган, ал эми 1950-жж. карталарда ал Кыргызстандын анклавы катары берилген. Бирок тараптар аталган аймакты өздөрүнө гана тиешелүү экендигин ырастап келишкен.

Маселени баары анклавдын толук аянтын аныктоо менен байланышкан, бирок тараптар ушул күнгө чейин ал боюнча бир пикирге келише элек. Ворух проблемасы эки тараптуу мамилелердин начарлытып, чыңалуунун күчөшүнө алып келген. 2014-жылдын январындагы Ворух менен Кыргызстандын Ак-Сай айылынын ортосундагы кыргыз жана тажик чек арачыларынын ортосундагы кагылышуу аталган проблеманын курчушуна алып келген. Куралдуу кагылышуунун натыйжасында беш кыргыз чек арачысы менен бир тартип сакчысы жана эки тажик чек арачылары жарат алышкан. Жергиликтүү тажиктер кыргыздарды жаңы жол куруу үчүн жерди өздөрүнө тартып алууга аракет жасашты деп айыпташкан.

Жаңы жолдордун курулушун Тажикстан жетекчилиги басым жасоонун бир жолу катары караган, алардын пикиринде Кыргызстан жолду тосуп коюу менен тажик айылдарын курчоодо калтыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

Ошол жылдын апрелинде пландаштырылган жол боюнча кагылышуу келип чыккан, тажик жашоочулары кыргыз жол куруучуларына кол салышып, эки тараптан ондогон адамдар жаракат алышкан, бир нече машиналар иштен чыккан.

Эл аралык байкоочулар бул окуяны көп жылдан бери чечилбей келе жаткан жер-суу маселелери менен байланыштырышкан. Кыргыз-тажик чек арасындагы кагылышуулар мындай курч мүнөздө алгач болгон эмес эле.

Мындай тирешүүлөр, чек арадагы баш аламандык, жер-суу талаштары акырындык менен улуттар аралык конфликтке алып келүүсү мүмкүн. Бул болсо өз кезегинде кыргыз-тажик мамилелерине да терс таасирин тийгизет. Түзүлгөн кырдаалдан чыгуунун бирден-бир жолу өз ара компромисске баруу аркылуу чек араларды делимитациялоо жана демаркациялоо иштерин аягына чыгаруу эсептелинет.

Чек ара маселелерин тынчтык жолу менен чечүү иштерине Тажикстан менен Кыргызстандын жетекчилигинин түрдүү позициялары тоскоол жаратууда.

Совет бийлиги учурунда кээ бир жерлер Кыргызстан менен Тажикстандын жергиликтүү бийликтери тарабынан мисалы, жайыттар же айдоо жерлер, бири-бирине ижарага берилип турган. Кийинчерээк Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңеши бул жерлерди бир тараптуу түрдө өз жерибиз деп бекиткен. Ошол эле учурда Тажик ССРинин жетекчилиги бул жөнүндө кабары болгон эмес, ошондуктан тажиктер кыргыз тараптын чечимдери юридикалык жактан күчкө ээ эмес деп эсептешет.

Баткен областынын Кара-Бак айылы жана Лаккон (Исфара району, Тажикстан) айылдары да чырчатактардын негизги очогу болуп саналат. Изилдөөчү Асель Мурзакулованын баамында аталган аймактарда өз ара мамлелердин курчушу негизинен сугат суунун жетишсиздигинен улам болуп турат [118.]. Жогоруда айтылгандай жер-суунун таңкыстыгы, тажик айылдарында калктын жыш жайгашуусу абалды оордотууда.

Чек ара райондорунда жашаган калк совет мезгилинде бирдиктүү чарбалык системага киришкен. Кыргызстандын аймагында турган суу сактагычтар өз кезегинде Тажикстандын айылдарын да суу менен камсыз кылыпып турган. Ага мисал катары 1963–1972-жж. курулган Төрт-Көл суу сактагычын атаса болот.

Чек ара райондорундагы конфликттердин айынан карапайым калк көп жабыр тартат. Анткени соода-сатык, айыл-чарба менен алектенген жергиликтүү калк сөзсүз түрдө бири-бири менен тыгыз мамиледе болууга мажбур.

Чек ара маселелерин өз убагында тараптардын чечүүгө аракеттенбегендигинен улам 2019-ж. 13–14-мартында Баткен районунун Ак-Сай айылындагы чек арада кыргыз-тажик элинин ортосунда чатак чыккан.

Жергиликтүү тургундардын айтымында, Ак-Сай – Тамдык көз карандысыз жолун куруу үчүн техникалар бара жатканда тажик тараптан адамдар келип, таш менен урушкан. Ошондой эле тажик тарап чек арачылардын дагы кызматтык унаасынын айнегин таш менен сындырып салышкан. Жолго 2 техника барса, тажик тарап бирөөсүн иштетпей койгон. Жергиликтүү бийлик менен чек арачылар ошол техниканы жеткирип, кайра кайтканда тажик тарап таш менен уруп, унаанын айнегин сындырган. Андан кийин эки тараптан эл топтолуп, бири-бирине таш ыргытышкан. Чек арачылар абалды тынчтандыруу үчүн эскертүү катарында асманга ок атышкан.

Кийин Көк-Таш айылында да кыргыз-тажик жарандарынын ортосунда ок атышуулар болгон.

Күбөлөрдүн маалыматына караганда, Ак-Сай айылындагы кыргыз-тажик чырынан кийин Көк-Таш айылында да эл топтолгон. Тажик тарап да топтолуп, ок атышуулар болгон. Анын кесепетинен кыргыз тараптан бир адам жарат алган. 13-мартта тажикстандык жарандар Баткен районунун Орто-Боз айылындагы тургундун сарайын өрттөп салышкан.

КР күч түзүмдөрүнүн маалыматында Таш-Тумшук айылында 1 үй, «Ауди» үлгүсүндөгү 1 унаа, жана кыргызстандык жарандын «КамАЗ»

унаасынын чиркегичи күйгөндүгү айтылат. Төрт-Көчө аймагында жолду тоскон тажикстандыктар өрт өчүрүүчү унааны кое бербей койгон. Ушул эле күнү Баткендин Ак-Сай айылында кыргыз тараптан 1 адам жана 1 милиционер октон жаракат алган.

Кыргызстан менен Тажикстандын чек арачылары, облус жетекчилери, укук коргоо органдары Баткен – Лейлек (Кыргызстан) жана Исфара – Ворух (Тажикстан) унаа жолун ачтыруу боюнча сүйлөшүүлөрдү жүргүзүшкөн.

Ал эми Тажикстандын УКМКнын Башкы чек ара башкармалыгы кыргыз-тажик чек арасындагы окуя боюнча өздөрүнүн версиясын жарыялаган.

Бул окуялардан соң жергиликтүү бийлик Ак-Сай менен Көк-Таш айылдарындагы аялдарды жана жаш балдарды кичи автобустар менен Баткен шаарына жеткиришкен. Алар 57-кесиптик лицейине жана бир үйгө жайгаштырылган. Окуу жайдын имаратына 28 аял, 55 өспүрүм, ал эми эки кабаттуу турак үйгө 100 адам жайгаштырылган, алардын 65и-балдар, 35и-аялдар. Абалды жөнгө салуу үчүн Баткен районунун Көк-Таш айылындагы «Головной» участкасында эки өлкөнүн вице-премьер-министрлери Ж. Разаков менен А. Иброхим жетектеген делегациялар эки тараптуу сүйлөшүүлөрдү өткөрүшкөн**.**

14-мартта Кыргызстан менен Тажикстандын чек арасында, Баткен облусунун Ак-Сай айылында кайрадан ок атылган. Октор Тажикстандын Ворух анклавы тараптан атылып жаткан. Натыйжада атылган октон улам бир милиция кызматкери жабыр тарткан.

Кыргызстандын Ак-Сай жана Тажикстандын Мехнатабад айылдарынын тургундарынын ортосундагы чатакка Ак-Сай-Тамдык жолунун курулушу себеп болгон. Ага кыргызстандык 50дөй, тажик тараптан 70тей тургун чогулуп, бири-бирине таш ыргыткан. Тажик тараптын берген маалыматында жаңжалдан 43 жаштагы Хусейн Хакимов аттуу жаран каза болгон.

Ак-Сай айылын айланып өткөн жолду Кыргызстан тарап бүтүрөт. Аталган жолду куруу боюнча тараптар 2014-ж. макулдашышкан.

Ворух айылына барыш үчүн тажик жарандары Аксай айылынын ортосунан өтүп жүрүшкөн. Кыргызстан ошондой эле Ак-Сай-Тамдык жолунун курулушун дагы каржылаган. Ворух айылынын үстү жагындагы Киревшим жайлоосуна Баткен районунун Аксай, Актатыр, Самаркандек айыл аймактары, жалпысынан алганда 65 миңден ашуун мал-жан чыгат. Акыркы учурга чейин жайлоого Ворух айылы менен гана барууга мүмкүн болгон.

2019-ж. 18-мартында Кыргыз өкмөтү Тажикстан менен чек арадагы кырдаалды турукташтыруу боюнча протоколго кол койгон. Ага Баткен облусунун жаштары каршы болушкан, анткени протоколдо Кыргызстандын кызыкчылыгы каралбай, Тажикстандын Ворух анклавына коридор берилип, Лейлек жана Баткен райондору анклавда калып калышы мүмкүндүгүн айтып чыгышкан.

Жолугушууда тараптар бул 13–14-мартта орун алган окуяларды талдоо, экинчиси чек ара аймагында болуп жаткан жумуштар кандай улантылат деген маселелерди талкуулашкан. Анда түзулгөн кризистик кырдаалды изилдөө үчүн Баткен жана Согди облустарынын губернаторлорунун жетекчилиги астында жумушчу топ түзүшкөн. Ага укук коргоо органдарынын, улуттук коопсуздук жана чек ара кызматтарынын тийиштүү кызматкерлери кирген. Алардын алдында турган негизги милдет – ар бир окуя боюнча тез арада чара көрүп, жооп кайтаруу, тиешелүү алдын алуу иштерин жүргүзүү.

Тажик тарап Киревшим жайлоосуна баруу үчүн Ак-Сай — Тамдык жолун салууну түшүнүү менен кабыл алган. Учурда жолду куруу иштери башталып, Кыргызстандын компаниясы иштеп жатат.

Жогоруда айтылгандардана сырткары тараптар апрелдин баш ченинде Дүйшөмбү шаарында чек араларды делимитация жана демаркациялоо боюнча сүйлөшүүлөрдү уланта тургандыктарын билдиришкен.

Кыргызстандын Ак-Сай айылы менен Тажикстандын Ворух айылынын ортосунда, Кыргызстандын Орто-Боз, Мазиеттин жери, Таш-Тумшук жерлеринин жана Тажикстандын Кожалы айылынын ортосунда чыр-чатак катталган.

Чек ара, айрыкча Баткен жана Исфара райондорунун ортосунда, Ак-Татыр, Ак-Сай, Самаркандек аймактарында кыргыз-тажик жарандары абдан жакын жашайт. Кээ бир учурларда Баткен районунун Көк-Таш айылында көчөнүн берки бетинде кыргыздар жашаса, аркы жагында тажик жарандары жашайт. Айрым жерлерде үйлөр шахмат түрүндө жайгашып калган. Бир үйдө Кыргызстандын жараны жашаса, кошунасы тажик жараны болуп саналат. Ички иштер министрлигинин укук коргоо органдарына тапшырма берилип, ушундай көчөлөрдө биргелешкен күзөттөрдү түзүүнү, айрыкча кечки мезгилде күзөт жүргүзүү тапшырылды. Ошол аймакта Ворух айылындагы тажик жараны башка айылга кирүү үчүн 2-3 жерде Кыргызстандын аймагын кесип өтөт. Ал биздин жарандар Самаркендектен Ак-Сайга барам десе, ал дагы 2-3 жерден Тажикстандын аймагы аркылуу өтөт. Ошол жерлерде элге тоскоолдук болбошу үчүн бардык чек ара постторду алуу иштери башталган. Себеби канчалык тоскоолдуктар, текшерүүлөр боло берсе, ошончолук элдин нааразычылыгы, бири-бирине болгон жаман көрүүлөрү пайда болуп, чыңалууну жарата берет.

Кээ бир эксперттердин баамында тажик тарап чек араны делимитацияга кызыкдар эмес. Анткени Кыргызстандагы тажик анклавдарында жана ага жакын аймактарда 100 миңден ашуун калк жашайт. Аларда ички миграция жокко эсе. Ал эми кыргыз тарапта болсо чек ара райондорунда болгону 30 миңге жетпеген калк бар. Тажик айылдарындагы мезгил-мезгили менен кайталанып турган провокациялардан улам көптөгөн кыргыз жаштары өз жерлерин таштап кетүүгө мажбур болушкан. Тажик тарап акырындык менен үйлөрдү жерлери менен кошо сатып алып, чек араны кеңейте берет. Башкача айтканда талаш жерлер акырындык менен Тажикстанга өтө баштайт.

Кыргыз-тажик чек арасынын 500 чакырым жер тилкесин делимитациялоо аракети өз ара компромисстерди жана чегинүүлөрдү талап кылат. Саясий, социалдык, идеологиялык жана башка себептерден улам эки тарап бирдей макулдашууларга келе албай жатышат.

Мындай түзүлгөн татаал кырдаалдан чыгуунун жолу – талаш жараткан жерлерди өзүнө өткөрүп алууга эле умтулбастан, бул аймактарда жашаган жарандардын турмушун жакшыртуу жана өнүгүүнү жөнгө салуунун бир катар жолдорун иштеп чыгуу зарыл. Жергиликтүү калктын жардыланышы чек ара райондорунда абалдын курчушуна шарт түзүүдө. Мындай шартта социалдык-экономикалык абалды жакшыртуу боюнча эки республиканын жетекчилиги тарабынан атайын биргелешкен пландарын иштеп чыгуу, тагыраак айтканда, жер иштетүүдөн сырткары биргелешкен кайра иштеп чыгаруучу заводдорду куруу (айыл-чарба продукциялары кайра иштетүү, курулуш материалдарын чыгаруучу) өзгөчө мааниге ээ. Талаш жараткан аймактарда биргелешкен эркин экономикалык зоналарды уюштуруу, ал үчүн чет өлкөлүк инвестицияларды тартуунун келечектүүлүгүн тараптар күн тартибине коюусу зарыл. Өз кезегинде тажик-афган чек арасындагы райондорду өнүктүрүү максатында дүйнөлүк ири мамлекеттер жана уюмдар тарабынан ири өлчөмдөгү каражаттар бөлүнүп, чакан ишканалар түзүлгөн.

Эки өлкөнүн тыгыз кызматташуусу аркылуу гана экономикалык, саясий проблемаларды чечүүгө, калктын жашоо деңгээлин жакшыртуу боюнча бир катар аймактык долбоорлорду ишке ашырууга мүмкүндүк түзүлөт.

Эки тарап тең элдердин келечегин биринчи орунга коюу менен өз өлкөлөрүн өнүктүрүү максатында стратегиялык маанилүү пландарды иштеп чыгуусу зарыл. Ал өз кезегинде эки тараптын тыгыз кызматташуусунун негизинде гана ишке ашышы мүмкүн.

Изилдөөчүлөрдүн пикиринде Кыргызстан коңшу Өзбекстан жана Тажикстан менен чек араны аныктоо маселесин тез арада аягына чыгаруусу зарыл. Анткени так ушул территориялык дооматтар аймактагы чыңалуунун негизги булактарынын бири болууда, бул мамлекеттер ортосундагы конфликтти, этностор аралык көйгөйлөрдү курчутушу мүмкүн.

Фергана өрөөнүндөгү чек аралык көйгөйлөрдү жөнгө салуу тараптарды ынандыра турган компромисстердин негизинде, бири-бирине эч кандай басым жасоосуз (экономикалык, саясий жана аскердик) чечүүнү талап кылат.

Аталган маселени чечүүдө тараптар тең укуктуулук принциптерин эске алып, бири-бирин урматтоо аркылуу жана өз ара чегинүүлөрдүн негиздеринде конструктивдүү сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүсү керек.

**Жогоруда айтылгандарды жыйынтыктап жатып бул бап боюнча төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга болот:**

- эл аралык укукта аймак маселеси чоң мааниге ээ. Ар бир мамлекет белгилүү бир аймакка ээ жана өз жериндеги табигый байлыктарга кожоюндук кыла алат;
- чек аранын, белгилүү бир аймактын болушу мамлекеттин өз алдынча жашап туруусун шарттап турат;
- эл аралык эрежелер боюнча ар бир мамлекеттин аймагы кол тийбес болуп саналат жана башка өлкөлөрдүн кол салуусуна, зордук-зомбулук көргөзүүсүнө тыюу салынган;
- азыркы учурда дүйнөнүн бир катар аймактарында чечилбеген аймактык талаштардын айынан мамлекеттер, этностор аралык ири жаңжалдар сакталууда;
- ички, жеке кызыкчылыктарды жогору коюу, башка элдердин укуктарын тебелөө өз кезегинде ири кандуу окуяларга алып келген. Ага ачык мисал катары Палестина кризиси, Индо-Пакистан конфликти (Кашмир проблемасы), Бирмадагы рохинья элинин аймагын массалык түрдө басып алуу жана аларды депортациялоо, репрессиялоо саясатынан улам бүтүндөй бир элдин жок болуп кетүү коркунучу пайда болгон;
- Совет өкмөтүнө чейин Борбордук Азияда элдердин конкреттүү, так аныкталган аймактары, чек аралары болгон эмес. Алар тигил же бул мамлекеттин курамында болушуп, өз алдынчалуулугун сактап калышкан;
- совет өкмөтүнүн аталган аймакта жүргүзгөн улуттук саясаты бир катар мүчүлүштүктөр менен коштолгон. Ага мисалы катары көчмөн элдердин кызыкчылыктарынын эске алынбашы, алар байырлап келген түздүктөгү жерлердин отурукташкан башка элдерге алынып берилишин атаса болот;
- союздук республикалардын ортосундагы чек аралардын шарттуу

мүнөздө болушу жана СССРден калган чечилбеген аймактык проблемалар;

- совет бийлиги учурунда Борбордук Азияда кээ бир чек ара аймактарындагы жерлер так аныкталбаган жана юридикалык жактан бекемделбеген;
- чек ара проблемасын чечүүдө тараптар түрдүү документтерге таянышууда. Мисалы, Кыргызстан 1955-ж. Паритеттик комиссиянын чечимине таянса, Өзбекстан менен Тажикстан өз кезегинде 1927-ж. түзүлгөн токтомдорго жана карталарды неги катары алууну талап кылышууда;
- И.Каримовдун башкаруу жылдарында Өзбекстан улутчулдук идеологияга таянып, аймакта гегемондукка умтулуп коңшу өлкөлөр менен чек ара маселесин тактоодо агрессивдүү саясатты жүргүзгөн. Транспорттук коммуникацияларды жабуу, газ берүүнү токтотуу, такталбаган, талаш чек ара райондоруна күзөт постторун орнотуу, чек ара аймактарына миналарды орнотуу, башкача айтканда эл аралык укуктарга каршы келген саясатты жүргүзгөн;
- социалдык-экономикалык кризис шартында И.Каримовдун режими чек ара проблемалары боюнча популисттик чакырыктарды күчөтүп, эл массасын күнүмдүк турмуштагы кыйынчылыктардан алаксыткан;
- коңшу өлкөлөр менен дайыма конфронтациянын болушу, өзүнүн позициясын таңуулоо чек ара маселелерин толук кандуу сүйлөшүү жолу менен чечүүгө өбөлгө түзгөн эмес. Кыргызстан менен Өзбекстандын ортосундагы мамлекеттер аралык мамилелердин начарлашы чек ара проблемаларын чечүү иштерин артка түрткөн;
- Борбордук Азияны улуттук республикаларга бөлүү учурунда көчмөн элдердин жашоо мүнөзү эске алган эмес. Ага ачык мисал катары көчмөн турмушта жашаган кыргыз элинин көпчүлүк бөлүгү жайлоолордо жүргөн учурда аймактын улуттук курамын аныктоо иштери ишке ашырылып, көптөгөн жерлер башка элдерге өтүп кеткен;
- жерлерди туура эмес бөлүштүрүү процесси аймакта жашаган

элдердин наразычылыгын пайда кылган. Бирок совет өкмөтү чек араладры аныктоодо жерди ошол тапта кимдер пайдаланып жаткандыгын эске алуу менен чечүүгө аракет жасаган;

- кыргыз-өзбек чек аралары совет мезгилинде так аныкталган эмес, кээ бир аймактарда тигил же бул жерлер чарба жетекчилери тарабынан эле бөлүштүрүлүп, өз ара алмашылып турган. Мындай иш аракеттер укуктук жактан бекемделген эмес. Так ушундай өз алдынча, чаржайыт чечилген жерлер азыркы күндө эки элдин ортосундагы талаш тартыштардын чордонуна айланууда;

- Өзбекстандагы авторитардык режимдин күчөшүнүн натыйжасында мамлекеттик чек аралар жабылып, күзөт жайлары орнотула баштаган. Исламчыл күчтөрдүн бир катар террористтик иш аракеттеринен улам жасалган мындай чаралар Өзбекстандын коңшулаш мамилекеттер менен болгон мамилелеринин солкундашына алып келип, жарандардын өз ара каттамдарына бөгөт койгон. Натыйжада тууган элдердин ортосундагы тарыхый байланыш үзүлө баштаган;

- чек аралардын жабылышы түрдүү республикалардын аймактарында жашаган тууган элдердин өз ара байланыштарын татаалданткан, андан сырткары чек ара аймактарында кагылышуулардын жана жаңжалдардын ири толкунун пайда кылган;

- чек ара көйгөйлөрүнүн чечилбегендиги эки тараптуу мамилелердин чыңалуусун шарттаган, өзбек тараптын чек араны өз алдынча жылдыруу аракеттери жергиликтүү элдин кескин каршылык көрсөтүүсүнө алып келген;

- азыркы учурда кыргыз-өзбек мамилелеринде анклав көйгөйлөрү өтө курч турууда. Чек ара, анклавдар боюнча пикир келишпестиктер ири конфликттерге жол ачууда. Жергиликтүү тургунда мурдагыдай эркин каттоо мүмкүнчүлүктөрүнөн ажырашкан. Жер тилкелери, жайыттар, суу байлыктарын бөлүштүрүү, жүк ташуу боюнча талаш-тартыштар курчуган;

- Кыргызстан менен Өзбекстандын чек арасын тактоо узак жана

татаал мүнөзгө ээ. Тараптардын өз анклавдары боюнча көйгөйлөрүн чече албоосу жер-жерлерде чыңалууну күчөтпөстөн, союз убагында курулган жолдордон башка айланма жаңы транспорттук жолдорду куруу иштерин күчөтүүгө, экономикалык чыгымдарды көбөйүшүнө алып келген. Чек араладын жабылышы тараптарды чек ара кесилиштеринде жайгашкан автомобилдик жана темир жол инфраструктураларын өзгөртүүгө ири каражаттарды жумшоого мажбур кылууда;

- өзбек аскердик күчтөрүнүн чек ара райондоруна жайгаштырылышы, жасалма түрдө жарандардын каттармдарына тоскоол жаратуу эки тараптуу байланыштарга доо кетирген;
- тараптар эл аралык тажрыйбага таянып, цивилизациялык негизде, сүйлөшүүлөр аркылуу, көптөгөн талаш маселелер боюнча компромисске баруу аркылуу гана көп узакка созулган, татаал чек ара маселесин чече алышат.
- совет өкмөтү тарабынан жүргүзүлгөн улуттук-территориалдык бөлүштүрүү учурунда тигил же бул аймактарда жерди ким пайдаланып жаткан болсо, жерлер ошолорго тиешелүү деген принципти негиз катары алган;
- Кыргызстандын Лейлек району жана аны менен чектеш Тажикстандын Канибадам, Ленинабад, Пролетарский, Наус, Ганч райондорунун ортосундагы республикалык чек араны тактоо боюнча бир катар эки тараптуу комиссиялар иштеген. Бирок алар тарабынан кабыл алынган чечимдер республикалык жана союздук деңгээлде мыйзам түрүндө бекитилген эмес жана аталган проблема ачык, чечилбеген бойдон кала берген;
- кыргыз-тажик чек араларын тактоо маселесинде тараптардын позициялары түрдүүчө болгондуктан сүйлөшүүлөр эч кандай натыйжа берген эмес. Эгерде Кыргызстан тарап 1958–1959-жж. такталган макулдашууну негиз катары алууну сунуштаса, Тажикстан 1924–1927-жж. улуттук чек ара боюнча документтерге таянууну талап кылган;
- өз ара пикир келишпестиктерден улам жана тараптардын

компромисске бара албагандыгынан чек араны тактоо боюнча сүйлөшүүлөр көп убакытка чейин токтоп калагн. Бирок чек арага жакын жайгашкан райондордун тургундарынын ортосундагы тирешүүлөрдүн күчөшү өкмөттөр аралык сүйлөшүүлөрдү жандандырууга мажбур кылган;

- талаш жараткан жерлер кыргыз-тажик чек ара проблемасын чыңалтууда. Суу танкыстыгынан улам эки өлкөнүн дыйкандары бирдей жабыр тартышууда. Суу бөлүштүрүүчү объектилердин Кыргызстандын аймагында жайгашуусу да тажик тараптын нааразычылыгын күчөтүүдө;

- тажиктердин талаш жерлерди өздөрүнө өткөрүп алууга болгон аракети чыңалуунун күч алышын шарттаган;

- Ворух проблемасы эки тараптуу мамилелердин начарлытып, чыңалуунун күчөшүнө алып келген. Акыркы учурда аталган анклавдын айынан кыргыз жана тажик чек арачыларынын ортосунда ири куралдуу кагылышуулар  келип чыккан;

- чек арадагы тирешүүлөрдүн такай мүнөзгө ээ болуусу жана баш аламандык, жер-суу талаштары  улуттар аралык конфликттин келип чыгышына ыңгайлуу шарттарды жаратууда;

- кризистик кырдаалдан чыгуу үчүн тараптар  талаш жараткан жерлерди өзүнө өткөрүп алууга эле умтулбастан, бул аймактарда жашаган жарандардын турмушун жакшыртуу жана өнүгүүнү жөнгө салуунун бир катар жолдорун иштеп чыгуулары  зарыл;

- эки  тарап тең элдердин келечегин биринчи орунга коюу менен өз өлкөлөрүн өнүктүрүү максатында стратегиялык маанилүү пландарды иштеп чыгуусу зарыл. Ал өз кезегинде эки тараптын тыгыз кызматташуусунун негизинде гана ишке ашышы мүмкүн;

- бул проблеманы чечүүдө тараптар эл аралык укуктардын эрежелерин эске алуу менен, бири-бири урматтоо, тең укуктуулук принциптерин эске алып өз ара чегинүүлөрдүн негиздеринде натыйжалуу сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүсү керек.

# КОРУТУНДУ

- Борбордук Азиядагы азыркы мезгилдеги чек аралык проблемалардын тамыры совет мезгилинде жүргүзүлгөн улуттук-территориялык жиктешүү саясатынын натыйжасы болуп саналат. Анда жерди ким пайдаланып жаткан болсо, жерлер ошолорго тиешелүү деген принцип негиз катары алынган. Аймакта жашаган элдердин улуттук курамын аныктоо иштери учурунда көчмөн элдердин жашоо мүнөзү эске алынган эмес жана алар өздөрүнүн көптөгөн жерлеринен ажырашкан. Жерлерди бөлүштүрүү учурунда талаш, ийри-буйру жер тилкелери пайда болгон. Андан сырткары совет мезгилинде кыргыз-өзбек чек аралары шарттуу мүнөздө болгон. Эки республиканын аймагында чарба жетекчилери тарабынан жерлер бөлүштүрүлүп, өз ара алмашылып турган учурлар кездешкен. Мындай иш аракеттер укуктук жактан бекемделген эмес. Так ушундай өз алдынча, баш аламан аныкталган жерлер азыркы күндө эки элдин ортосундагы талаш тартыштардын негизин түзүүдө;
- азыркы учурда Кыргызстандын Өзбекстан жана Тажикстан менен мамилелеринде чек аралык-территориялык пикир келишпестик күч алып, анклав көйгөйлөрү өтө курч турууда. Жергиликтүү тургундар мурдагыдай эркин каттоо мүмкүнчүлүктөрүнөн ажырашкан. Жер тилкелери, жайыттар, суу байлыктарын бөлүштүрүү боюнча талаш-тартыштар күчөөдө. Бул өз кезегинде жер-жерлерде абалдын курчушуна алып келүүдө.

1999-ж. исламчыл күчтөрдүн бир катар террористтик иш аракеттеринен улам Өзбекстан коңшу республикалар менен болгон мамлекеттик чек араларын жаап, күзөт жайларын орното баштаган. Мындай иш чаралар Өзбекстандын Кыргызстан жана Тажикстан менен мамилелерин солкундатып, жарандардын өз ара каттамдарын татаалдантып, тууган элдердин ортосундагы байланыштарды үзгүлтүккө учураткан. Өз мезгилинде жерлерди баш аламан бөлүштүрүү, аныкталган, баары тааныган чек аранын болбоосу, жер-суу байлыктарынын таңкыстыгы аймактагы социалдык-экономикалык кырдаалды курчутууда жана ири конфликттердин чыгуусун шарттоодо;

- Кыргызстан менен Өзбекстандын чек арасын тактоо узак жана татаал мүнөзгө ээ. Өзбекстан өзүнүн коңшулары менен болгон мамиледе дайыма каттуу позицияда турган. Үч республиканын ортосундагы чек ара проблемалары 1999-ж. Баткен окуяларынан кийин курчуп кеткен. Бул мезгилде өзбек тарап Тажикстан жана Кыргызстан менен чектешкен жерлерине миналарды орнотуп эл аралык укуктук эрежелерди буза баштаган. Анын натыйжасында көптөгөн жергиликтүү карапайым адамдар курман болушкан.

Андан сырткары, кыргыз-өзбек мамилелеринде анклав проблемалары негизги орунда турууда.

Өзбекстанда Ш.Мирзиеевдин бийликке келишинен кийин кыргыз-өзбек мамилелери жакшыра баштаган.

2016-жылы 58 талаш жерлердин 49 боюнча өкмөттөр аралык жумушчу топ бир мунасага келген жана атайын макулдашууга кол коюлган.

Кыргыз-тажик эки тараптуу сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында 2013-ж. мамлекеттик чек аранын 500 км. делимитацияланган. Бирок Баткен областы аркылуу өткөн чек ара аймагында талаш жерлер боюнча пикир келишпестиктер сакталууда. Ворух анклавы да кыргыз-тажик мамилелеринде конфликттүү кырдаалды жараткан фактор катары калууда.

Чек ара аймактарындагы туруктуу мүнөзгө ээ болгон тирешүүнүн сакталышы, тополоңдордун уланышы, жер-суу талаштары этностор аралык конфликттердин чыгуусуна ыңгайлуу шарттарды жаратууда.

